Б. Үмөталиева, З. Авазова,
С. Аймахмедова

# ЭНЕ ТИЛИ

ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН
4-КЛАССЫ ҮЧҮН ОКУУ КИТЕБИ

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

Кайра иштелип, 4-басылышы

ТАШКЕНТ — «O'ZBEKISTON» — 2013

УЎК: 811.512.154(075)
КБК 81.2.Кир-9
У 51

Рецензенттер:
**Темирова М.** — Андижан Мамлекеттик университети филология кафедрасынын улук окутуучусу.
**Каххарова З.** — Ташкент областы, Бөкө районундагы 34-мектептин II категориялуу башталгыч класс мугалими.

## Урматтуу окуучулар!

Силер — көз карандысыз Өзбекстан мамлекетинин уул-кыздарысыңар. Эгемендүү элибиздин бактылуу келечеги да силер болуп эсептелесиңер. Жакшы касиет, билим да — бардыгы китепте экендиги силерге белгилүү. Эне тилибиз биздин энебиздин тили, атабыздын тили, элибиздин тили. Ал эми бул тилди үйрөнүү, кадырлоо, сыйлоо — силердин да перзенттик милдетиңер.

Ушул китепти жыртпай, кирдетпей, сызып таштабай, көздүн карегиндей сактагыла. Андагы эреже-көнүгүүлөр өз эне тилиңерди мыкты өздөштүрүүгө, келечекте жакшы адам болуп жетишүүңөргө көмөк көрсөтөт.

*Кыргыз редакциясы*

**Шарттуу белгилер:**

 — суроо жана тапшырмалар

 — үйгө тапшырма

 — сабак аяктады

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды.**

ISBN 978-9943-01-418-3

© «O‘ZBEKISTON» БПЧУ, 2004, 2009, 2011, 2013

# I ЧЕЙРЕК

## ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛЫҢАР КУТТУУ БОЛСУН!

## *II—III класстарда өтүлгөндөрдү кайталоо*



## 1-§. ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА

**1-көнүгүү.** Окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдө канча тыбыш жана тамга бар экенин айтып бергиле.

КАСИЕТТҮҮ ЭНЕ ТИЛ

Карылардын оозунда —
Шекер, шербет, бал болгон.
Эр жигиттин оозунда —
Намыс менен ар болгон.

Касиеттүү эне тил,
Аруу, назик сезимдей.

Кылым бойлоп келесиң,
Кыргыз атын өчүрбөй.

Бой тумардай санайбыз,
Кадыр тутуп өзүңдү.
Көп колдонбос буюмдай,
Чаң баспасын сөздөрдү.

*Токтосун Самудинов*

**2-көнүгүү.** Окугула. Сөздөр канча тыбыштан тургандыгын жана алар кандай тыбыштар экендигин аныктагыла.

Сөз, муз, төл, тап, чок, эт, сүт.

**3-көнүгүү.** Сөздөрдү дептериңерге жазгыла. Ар бир сөздө канча тыбыш бар? Аларды өз-өзүнчө айтып бергиле.

Адал, нур, аалам, күн, тоо, зоо, киши, эне.

**4-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү окуп, алардын кайсы тыбыштарында айырма бар экендигин айтып бергиле:

| | | |
|---|---|---|
| сус — сез | тос — тоз | ток — тол |
| күн — түн | апа — ата | бел — бет |
| чыр — кыр | сегиз — семиз | кел — кет |
| эл — эр | тил — тиш | суз — сүз |

**Суроолорго жооп бергиле**

1. Сөздөгү айрым үндөр эмне деп аталат?
2. Тыбыштар жазууда эмне менен белгиленет?

3. Кыргыз тилинде канча тамга бар?

4. Тыбыш менен тамганын айырмасы эмнеде?

## МУУН

**5-көнүгүү.** Ырды окуп, андагы сөздөрдү муундарга оозеки ажыраткыла.

### ЭНЕЛЕР

Энелер — көлкүлдөгөн назик жүрөк,
Өмүрү өткүчөктү көңүл сүрөп.
Жанынын жарымы өзүндө болсо дагы,
Жарымы баласында жашап жүрөт.

**6-көнүгүү.** Сөздөрдү муундарга ажыратып көчүргүлө. Муунга ажыратылбай турган сөздөр барбы? Болсо эмнеге?

Чарба, аяк, кап, отургуч, сабиз, мыя, алмурут, улак, уйкана, өтүп, балдар, биз, баары, тар, тайгак, силер, жыргал күн.

**7-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн кайсылары муунга бөлүнө турганын, кайсылары бөлүнбөй турганын аныктагыла. Муунга бөлүнө тургандарын муундарынан сызыкча менен ажыратып, үлгүдөгүдөй көчүргүлө.

Июль, топ, сентябрь, кырк, чак, жолборс, сыя, шкаф, касса, магазин, бор, жайлоо.

Ү л г ү: жол-борс.

## Суроолорго жооп бергиле

1. Муунга бөлүнбөгөн сөздөрдү атагыла.
2. Кандай тыбыштан муун түзүлөт?

# ТАШЫМАЛ

**8-көнүгүү.** Макалдарды окуп, мазмунун айтып бергиле. Кара тамга менен басылган сөздөрдү үлгүдөгүдөй кылып ташымалдап көчүргүлө.

1. Ынтымаксыз **үйдөн ырыс** качат.
2. Эринчээктин **эртеңи** түгөнбөйт.
3. **Жакшы** таап сүйлөйт,
   **Жаман** каап сүйлөйт.
4. **Акыл** уксаң **карыдан,**
   **Артык көр** аны дарыдан.
5. **Карынын көзү — канык,**
   Көрсөткөн **сөзү** — жарык.

Ү л г ү: үй-дөн, ... .

**9-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн ташымалдоого болбой турганын бир сапка, ташымалдоого боло турганын экинчи сапка муундарга ажыратып көчүргүлө.

Стол, аяк, туяк, музоо, үй, жаак, салт, мектеп, жээн, токой, кыштак, балапан, тоок, октябрь, билим, тор, маалымдуулук.

**10-көнүгүү.** Учкул сөздөрдү ташымалдап көчүргүлө. Ташымалдоого болбой турган сөздөр барбы? Болсо кайсылар?

1. Бетегелүү жер жакшы, тили жакшы эл жакшы. 2. Чын чычаласа, калп каткырат. 3. Кекчил болбой, эпчил бол. 4. Жалкоого иш айтсаң, өзүңө акыл үйрөтөт. 5. Сөздүн оту да бар, музу да бар. 6. Эрдиктин мекени — эмгек, эмгекчил адам — сергек. 7. Тунук ой — деңиз, нуска сөз — эгиз. 8. Көңүлдүн көпүрөсү — сөз, жашоонун жарык нуру — көз. 9. Ой — океан, тил — булак, кол — комузчу, көз — чырак.

**11-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү ташымалдагыла.

1. **Дары** чөптөрдү өз мезгилинде **жыюу** керек. 2. **Ишке** кечигүүнү жоюу, эмгек тартибин оңоо жөнүндө сөз болуп жатат. 3. Ар бир **акылдуу** сөз жакшы китепке барабар. 4. Эмгектенбей коюуга анын сезими да, коомдук пикир да, жол бербейт. 5. **Тажрыйбалуу** малчы, малды **жаюунун** жайын мыкты билет. 6. Апам мага куймак **куюуну** үйрөттү.

## Суроолорго жооп бергиле

1. Муун дегенибиз эмне?

2. Сапка батпай калган сөздүн бөлүгү экинчи сапка эмне менен ташымалданат?

3. Сөздүн сапка батпай калган бөлүгүнүн бир тамгасын ташымалдоого болобу? Мисалы: **а-я, бо-ё, сы-я, а-л** деп ташууга болобу?

# ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР

Кыргыз тилиндеги жумшак үнсүздөр: б, в, г, д, ж, з, л, м, н, ң, р.

Каткалаң үнсүздөр: к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.

**12-көнүгүү.** Түгөйлөш тамгаларды жана сөздөрдү үн чыгарып окуп, алардын кайсынысы жумшак, кайсынысы каткалаң экендигин айтып бергиле.

**б — п:** аба — апа, бул — пул, бил — пил.
**в — ф:** Вали — Фархад, Венера — Файзулла.
**г — к:** гүл — күл, утюг — үтүк, газ — каз.
**д — т:** дак — так, пуд — бут, адал — атал.
**з — с:** зор — сор, кыз — кыс, кез — кес.

**13-көнүгүү.** Башкы тыбышы жумшак үнсүз менен башталган сөздөрдү көрсөткүлө жана каткалаң үнсүз менен башталган сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

Ракета, космос, космодром, завод, карагай, терек, машина, жазуучу, эмгек, клуб, тепкич, троллейбус.

**14-көнүгүү.** Жумшак үнсүз менен башталган сөздөрдү көчүргүлө.

Туфли, жер, болот, даңк, бел, газета, лагерь, китеп, наабайчы, саат, велосипед, чымчык.

**15-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү жумшак же каткалаң үнсүздөрдү коюп, жазып чыккыла.

Кы.ылча, те.ир, көпө.өк, а.ар, жумурт.а, мы-.ык, бо.инка, теле.он, на.ын, кө.ө, капчы.ай, суу.ар, ө.үк, к.зу.



## ҮНСҮЗДӨРДҮН БИР МУУНДА КАТАР КЕЛИШИ

**16-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Бир муунда катар келген үнсүздөр катышкан сөздөрдү таап көчүргүлө.

1. Алыстан тарс-турс эткен үндөр угулду. 2. Арыкта суу мелт-калт агып жатат. 3. Быйылкы окуу жылында биздин мектеп жаңы стол, стулдарды алыптыр. 4. Стадиондо кышкы спорттук оюндар өтүп жатат. 5. Магазинден алган канцелярдык товарларга счёт жаздырып алдым.

**17-көнүгүү.** Берилген сөздөрдүн ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Катар келген үнсүздөрдүн астын сызгыла.

Глобус, кружок, танк, журт, терс, өрт, станок, спорт, текст, цемент, пункт, калк.

**18-көнүгүү.** Окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Катар келген үнсүздөр сөздүн кайсы жеринде келгенин айтып бергиле.

1. Биздин мектепте бир нече **ийримдер** иштейт. 2. Зоопарктан **жолборс, илбирс, арстан**, аюу, карышкыр, түлкү ж.б. айбанаттарды көрдүк. 3. **Спорт** залында дене тарбия сабактары өтүлөт. 4. **Курт-кумурска** жазында кыймылга кирет. 5. Окуу-муштуулар **курортко** эс алганы бара жатышат.

**19-көнүгүү.** Берилген сөздөрдүн жазылышына көңүл бургула. Аларды сөздүк дептериңерге жазып алгыла. Бир муунда катар келген үнсүздөрдү атагыла.

Станция, стакан, экскурсия, поезд, центнер, литр, скамейка, аянт, банк, процент, экзамен, мыкты, эмгектен, тепкич.

## БИР СӨЗДӨ ОКШОШ ҮНСҮЗДӨРДҮН КАТАР КЕЛИШИ

Орус тили аркылуу кирген кээ бир сөздөрдө **лл, мм, нн, пп, рр, сс, тт** тамгалары катар келип жазыла берет. Мисалы: грипп, киловатт, класс, грамм, тонна, металл, корректор.

**20-көнүгүү.** Сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, катар келген окшош үнсүздөрдүн астын сызгыла.

Масса, тонна, аппарат, группа, ванна, металл, Анна, телеграмма, касса, программа, грамматика.

**21-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Көп чекиттин ордуна тийиштүү окшош үнсүз тамганы коюп, дептериңерге жазгыла.

1. Айганыш ван.ага суу толтурду. 2. Пахта ап.ак болуп, көз мелжийт. 3. Биздин кол.ектив ынтымактуу. 4. Кас.ир студенттерге стипендия берди. 5. Кас.адан киного билет алдык. 6. «Кыргыз тилинин грам.атикасы» басмадан басылып чыкты.

**22-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө да, окшош үнсүздөрдүн астын сызгыла.

Грамм, комиссия, металл, баллон, килограмм, аллея, таттуу, канаттуу, класс.

**23-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Окшош үнсүздөрү бар ката болгон сөздөрдү тууралап жазып, дептериңерге көчүргүлө.

1. Бүгүн күн чайытай ачык. 2. Жылдыздар булутан көрүнбөйт. 3. Жылына миңдеген тона жер жемиштерин жыйнап алууга болот. 4. Биздин кластын окуучулары экскурсияга тоого барышат. 5. Үйдөгүлөргө кутуктоо телеграма жибердим. 6. Мектепте чакан басейн бар. 7. Окуучулардын тазалык комисиясы жакшы иштейт. 8. Мектеп алдына эң кооз алея курулуп жатат.

**24-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Бир сөз ичинде катар айтылган окшош үнсүздөрү бар сөздөрдү ажыраткыла.

1. Биздин класс таза жана жарык. 2. Аңгыча болбой агарып аппак таң атты. 3. Мектептин ичинде плакаттар жана диаграммалар илинип турат. 4. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында адилеттүү максаттар жазылган. 5. Окуучу класста отурат. 6. Сабирадан телеграмма келди. 7. Өлкөбүздүн кен байлыктарына түрдүү мрамор жана гранит таштар, баалуу металлдар кирет. 8. Кыргыз тилинин жаңы программасы боюнча окуп жатабыз.

**25-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү окшош үнсүздөр катар келген сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Аларды муунга ажыратып, ташымалдап жазгыла.

1. «Алиппе» окуу китеби биринчи класстардын окуучулары үчүн арналган. 2. Асан менен Акмат кассадан Самарканд шаарына билет алышты. 3. Алар күн сайын жүздөгөн килограммдан алма теришет. 4. Кырманыбызга тонналаган кызылча үймөктөрү үйүлдү. 5. Өлкөбүзгө жаз келиши менен түрдүү канаттуулар учуп келишет. 6. Заводдун коллективи планын аткарды.

## ЖООН ЖАНА ИЧКЕ ҮНДҮҮЛӨР

Сөз тыбыштардан түзүлөт. Жазууда тыбыштар тамга менен белгиленет. Сүйлөө органынан эркин чыккан тыбыштар **үндүү тыбыштар** деп аталат. Алар тилге карай экиге бөлүнөт:

а) **жоон үндүүлөр:**

**а, о, у, ы, аа, оо, уу,**

б) **ичке үндүүлөр:**

**э, (е) ө, ү, и; ээ, өө, үү.**

**26-көнүгүү.** Текстти окугула. Жалаң жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдү тапкыла.

Бир четте өз кызыктары өзүндө болуп отурушкан балдар бир-бирине баш ийкешип, күлүңдөшүп, алар да бир нерсе жөнүндө сүйлөшкөндөй,

кеңешкендей болушту. Араларынан Сатар менен Зейнеп Жапарга басып келишти.

— Байке, биз да түндө жумушка чыгалы. Жумуш батыраак бүтүп кетсин — деди Сатар.

**27-көнүгүү.** Окугула. Ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү тапкыла.

### КАЛПТАР

От жакпай тамак бышырып,
Жебей туруп, тоюп алдым.
Ой тобо-о, ыксыратып,
Ойгонбой уктап калдым.

*Насирдин Байтемиров*

**28-көнүгүү.** Текстти окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөрдөгү жоон жана ичке үндүүлөрдү ажыраткыла. Жоон үндүү катышкан сөздөрдү тик сызыктын бир жагына, ичке үндүү катышкан сөздөрдү экинчи жагына көчүрүп жазып чыккыла.

### КҮЗ

Ар бир **мезгилдин** өзүнүн артыкчылыгы болот эмеспи. А **күздүн артыкчылыгы,** касиети эмнеде болду экен? Бул суроого жооп берерден мурда **айланага** бир көз **чаптырып** алалычы. **Бак-дарактардын** жалбырактары, талаалар сапсары. **Эгиндер** бышып **жетилип,** алар да айлананы сары **түскө** боёп турат. **Мүмкүн** ушул **сапсары** болгон **эгин** алтын болуп жүрбөсүн? Демек, алар **алтын, күмүштөн баалуу** тура.

**29-көнүгүү.** Текстти окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдө кандай үндүүлөр катышкандыгын айтып бергиле.

### УЛУУ АДАМДЫН АТЫНАН АЙТПА!

Сыргактын чоң **энеси** бар. Ага чоң энеси бир **күнү** мындай деди.

— Дүкөндүн **артындагы** ат **кимдики**?

— Кадырбектики. Ал **дүкөнгө** келди — деди **Сыргак**, катуу айтып, чоң **энесине** угуза. Ага чоң энеси нааразы болду.

— Ой **чунак** мунун айтканын кара, **бешигин** терметкенсип. Улуу адамды сыйлоо керек. Анын атынан айтканың уят — **деди**.

*Т. Самудинов*

**30-көнүгүү.** Төмөнкү ырды көчүрүп, жоон үндүүнү бир, ичке үндүүнү эки сызык менен сызгыла.

Туулган жерим ата журтум — бир боорум,
Мен өзүңдүн гүл багыңда төрөлдүм.
Заманыңдын мен ырыстуу акыны,
Дарбыз, коон, жүзүмү бар короодун.

*Алыкул Осмонов*

**31-көнүгүү.** Төмөнкү ырды көчүрүп жазып, жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдүн астын сызгыла.

### КАРКЫРА

Бала кез, көктөм убак, жазгы боор,
Асманда карк-карк этет каркыралар.
Мен анда «Эй, замандын калыстары —
Көрсөтчү, канатыңда не жазуу бар?»

**32-көнүгүү.** Жалаң жоон үндүүлөрдөн турган үч сөз, ичке үндүүлөрдөн турган үч сөз, жоон жана ичке үндүүлөрдүн экөө тең катышкан үч сөз таап дептериңерге көчүргүлө.

**33-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, түгөйлөш үнсүздөрдү оозеки ажыраткыла.

Бирге жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм,
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр жазам.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

*Алыкул Осмонов*

**34-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү үнсүздөрдү жазгыла. Кайсынысы түгөйлүү экенин айтып бергиле.

Биз, чөп чапкыч ма.ина айдаган балдар, Даниярды ошондо биринчи жолу көрдүк. Бирок Данияр.ын мү.өзү, кыймы.ы тез иш.егенине, ча.-чаң жүрүш-туру.уна түк байланыш.айт. Сыр.ынан карап тур.аң, аны а.дан курч, чечен неме го деп ойлойсуң.

## СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР

**Кыргыз тилинде алты созулма үндүү бар: аа, оо, ээ, уу, үү, өө. Созулмалар бир тамганын эки жолу жазылышы менен белгиленет.**

Мисалы: *саат, кооз, сулуу, өгөө* ж. б.

**35-көнүгүү.** Макал-ылакаптарды, учкул сөздөрдү окуп, мазмунуна көңүл бургула. Созулма үндүүлөрдү тапкыла.

1. Акылдуу бала — элпек,
   Акылсыз бала — тентек.
2. Акылдуу — сезгич, баамчыл,
   Акылсыз — өзчүл, жаатчыл.
3. Жалкоолук — бактысыздыктын ачкычы.
4. Баатыр — эрдиктен,
   Бакыт — эмгектен.
5. Жалкоонун оозу кыймылдайт,
   Эмгекчилдин колу кыймылдайт.
6. Чатактуу жерде атактуу иш жок.

**36-көнүгүү.** Сөздөрдү окугула жана көчүрүп жазгыла.

Жанаша жазылган эки сөздүн маанисинде айырма барбы?

| **аа — а** | **оо — о** | **уу — у** |
|---|---|---|
| саан — сан | коон — кон | уук — ук |
| маал — мал | жоон — жон | туур — тур |
| саат — сат | оор — ор | суур — сур |

| **ээ — э** | **өө — ө** | **үү — ү** |
|---|---|---|
| ээк — эк | өөп — өп | чөптүү — чөптү |
| ээр — эр | өтөө — өтө | гүлдүү — гүлдү |
| тээк — тек | өлчөө — өлчө | күмүштүү — күмүштү |

**37-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге жазгыла. Кандай үндүү катышып турганын айтып бергиле.

Кесип — кең **ааламдан** кымбат,
Эмгек — теңдеши жок урмат.

Эс-акыл — эмгектин энеси,
Кесип — кенен **жашоо** кемеси.

Эмгек — элди эритет,
Кесип — **мээни** сергитет.

Эмгекчил эл — **баштуу,**
**Эринчээктин** көзү **жаштуу**.

Күжүрмөндүн күткөнү — күч,
**Күйүттүүнүн** көргөнү — түш.

Келечектин керегине жарайм десең, өз **доорундун** өртү бол.

**38-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, өзүңөр сүйлөм түзгүлө. Маанисине, жазылышына көңүл бургула.

Саат, сат; жоон, жон; талаа, тала; ээр, эр; жаап, жап; тоок, ток; бүлөө (кайрак), бүлө.

**39-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү созулма үндүүлөрдү кошуп окугула. Учкул сөздөрдүн берген маанисине көңүлүңөрдү бөлгүлө.

М..нет — м..римге жеткирет.
Эмгек — электен өткөрөт.

Дыйкандын камы — аштыкта,
Жалк..нун жаны — жаздыкта.

Эмгексиз адам жагымсыз,
..н өчкөн оттой жалынсыз.

Башталган иштин башаты — жеңиш,
Батымд.. малчынын баккан малы семиз.

Эмгекчил элдин эңсегени — жыл..лук,
Эли тынч айылдын суктанганы — сул..лук.

Арык аккан с..су менен жанд..,
Азамат аракети менен малд.. .

Дыйкандын дыңы тал..да,
Акмактын чыры жал..да.

Кепти б..мы менен уккан адам сөздү д..мы менен сүйлөйт.

Эрди корд.. — күнүлүк, элди корд.. жиндилик.

## ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАР (я, ю, е, ё)

**Жанаша айтылган эки тыбышты белгилөө үчүн колдонулган тамгалар йоттошкон тамгалар деп аталат. Ага я(йа), ю(йу), е(йе) ё(йо) тамгалары кирет.**
Мисалы: таяк, уюл, боёк, чие.

**40-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, йоттошкон тамгаларды тапкыла.

Канаттуунун уясы касиеттүү көрүнүп, менин уяга кызыкканымды билип, энем ар дайым эскертет:
— Уяга колуңду тийгизбей жүр. Энеси жумурткасын баспай коёт. Энемдин ушундай кебинен улам уя мага ого бетер касиеттүү көрүнчү. Бирок аны көрүү оңой эместигин ойлоп коём. Кашаттагы кара чыйырчык уялаган жарга көп ба-

рамын. Алыстан туруп жар боорундагы кол баткыдай оюктарды ичимден санаймын.

**41-көнүгүү.** Берилген сөздөрдүн ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө.

Чоюу, боёо, аёо, тоюу, саякат, киет.

**42-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Көп чекиттин ордуна тиешелүү тамгаларды коюп, сүйлөмдөрдү көчүргүлө.

1. Гүлнара сүрөттү кандай түстөгү карандаштар менен бо.. жөнүндө менден сурады. 2. Мугалим пайдалуу канаттууларды а... керектигин окуучуларга түшүндүрдү. 3. Терезеде отурган мышык мы..лоду. 4. Ак а.. суукту жакшы көрөт. 5. Биздин алдыбызда чөп жы.. милдети турат.

**43-көнүгүү.** Тексттеги **ю** тамгасы катышкан сөздөрдү таап көчүрүп, астын сызгыла.

КУЮН

Июнь айынын аяк чени. Балдар тоого экскурсияга бара жатышкан. Аңгыча кандайдыр бир куюн пайда боло калды. Куюн чаңды уюлгутуп, асманга көтөрүп чыкты. Бир оокумдан кийин куюн басылды. Чаң суюла баштады. Жол боюндагы бак-дарактар кайрадан көркүнө келди.

**44-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна **ю** тамгасын коюп, дептериңерге көчүргүлө. **Ю** тамгасы сөздүн кай жерине келерин айтып бергиле.

Су.к, и.ль, о.н, чо.н, бу.м, у.м, мо.н, ту.к.

**45-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүргүлө. Көп чекиттин ордуна тиешелүү тамгаларды коюп жазгыла.

1. Окуучулар бүгүн о.н ко.шат. 2. Болот кыл кы.к тартат. 3. Медер ко.ндун бөжөгүн багат. 4. Магазинде ар түрдүү бу.мдар көп турат. 5. Мектептин а.нтында сонун-сонун гүлдөр өстүрүлөт. 6. Терини бо.к менен бо.п, ар түрдүү бу.мдарды жасайт. 7. Ашым кы.к тартып, Зи.гүл жана Сали. бийлешти. 8. Кумурска у.гунан чыкпай жашырынып турса, жаан жаай тургандыгынын белгиси. 9. Малга көп силос да.рдалды.



**46-көнүгүү.** Төмөнкү тексттен **я, ю** тамгалары катышкан сөздөрдү тапкыла.

1. Чөптүн арасында темир канат болоюн деп калган сары ооз балапан буттарын тарбайтып, чыйпылдап жаткан экен. 2. Камчыбек аны оң колу менен жерден ала коюп, сол алаканына салды. 3. Жок, — дедим мен, — мунун уясын издеп таап, ошого салып коюшубуз керек. 4. Уясы ушул эле жерде, издейм. 5. Ар бир бадал уядан куру эмес. 6. Мунун кайсы уядан түшкөнүн билиш да кыйын болду.

**47-көнүгүү.** Окуп чыгып, **е, ё, я, ю** тамгалары катышкан сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө.

1. Менин сиңдим балдар бакчасына Касиет менен бирге барат. 2. Койчуман коюн бошоп калган жерлерге айдады. 3. Мен саякатка чыгууну жакшы көрөм. 4. Биздин мектепте оюн-зоок

кечелери болуп турат. 5. Таенем али алдуу-күчтүү. 6. Чийме — атка, өгүзгө сүйрөтүлүп, үстүнө чөп жүктөлө турган буюм. 7. Коён жолдун боюна барып токтоду. 8. Танабай жанын коёрго жер таппай, ичи бышып чыгат. 9. Кечке кой кайтарган баласынын курсагын тойгузууну ойлогон Ажар сол колуна табак, оң колуна сорпо куюлган аякты кармаган бойдон эшигинин алдына тура калды.

**48-көнүгүү.** Суроолорго жооп жазгыла. Ал сөздөрдө йоттошкон кайсы тамга катышты?

1. Эмненин кулагы узун?
2. Адамды ичине отургузуп алып, асманда эмне учуп жүрөт?
3. Жаңы жылда балдар үчүн эмне уюштурулат?
4. Сүрөттү эмнелер менен тартабыз?

## ИЧКЕРТҮҮ (Ь), АЖЫРАТУУ (Ъ) БЕЛГИЛЕРИ. АЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ

**49-көнүгүү.** Ичкертүү белгиси менен аякталган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Аларга **-га, -ди, -дын,** мүчөлөрүн улагыла.

1. Сирень кооз жана жыттуу. 2. Январь кыш айларынын эң суугу. 3. Космостук корабль техникалык жогорку деңгээлде жасалган. 4. Гүлнаранын эжеси секретарь-машинистка болуп иштейт. 5. Календарь эми ар бир үйдөн кезигет.

**50-көнүгүү.** Окуп, ичкертүү белгиси түшүрүлүп жазылган сөздөрдү тапкыла.

1. Дем алыш күндөрү жашылча жыйноодо окуучулар зор ролду ойноп, өз салымдарын кошушат. 2. Эмгек баатырларынын көкүрөгүндө орден жана медалдар жаркырайт. 3. Ёлка декабрда же февралда эмес, дал биринчи январь күнү коюлат. 4. Портфелин колуна кармап, чуркап үйгө кирди.

**51-көнүгүү.** Сөздөргө өзүңөр мүчө улап чыккыла. Ичкертүү белгиси сакталдыбы?

Апрель, медаль, июль, лагерь, циркуль, мебель, фонарь, сентябрь, автомобиль, область.

**52-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Аларда кандай белги катышканын айтып бергиле.

1. Биз үй-бүлөөбүз менен мектептен жайкы каникулга чыккан мезгилде, поездге чыгып, Ташкент шаарына бардык. 2. Хива шаарындагы үйлөр көркөм, көчөлөрү түз жана **асфальтталган**. 3. Рахиманын эки кызы мугалим жана **фельдшер** болуп иштешет. 4. Биздин **подъездде** он үч квартира бар. 5. Быйыл **июнь** айы жаанчыл болду. 6. Жаңы окуу жылына китеп жана **альбом** сатып келдим. 7. Кинотеатрларда жаңы **фильмдер** көрсөтүлүүдө. 8. Биринчи **сентябрь** бул менин эсимде калган унутулгус күн. 9. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы 128 **статьядан** турат. 10. Эжем университеттин журналистика **факультетинде** окуйт.

**53-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Автомобиль, январь, календарь, область, фильм, ателье, печенье, бильярд.

## СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

**54-көнүгүү.** Схеманы карагыла. Кайсы сөз түркүмү эмнени билдирерин байкагыла.

**СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ**

| Зат атооч заттын атын билдирет | Сын атооч заттын белгисин билдирет | Сан атооч заттын эсебин, санын билдирет | Ат атооч зат атоочтордун ордуна колдонулат | Этиш заттын кыймыл-аракетин билдирет |
|---|---|---|---|---|
| Абай, кыз, чөп, жылкы, булбул ж.б. | кара, ачуу, жакшы, бийик, узун, бекем. | отуз, жүз, бешинчи, онунчу. | мен, сен, ал, ошол, биз, силер. | бол, отур, кетти, бийледи, жазып жатат. |

**55-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. **Ким? эмне? кандай? эмне кылат?** деген суроолорго жооп берген сөздөрдү көчүрүп, сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла.

Артык, уйчу, кетти, ийри, аары, качар, күз, короону, чиркей, алдуу, кычырады, кел, кол, окуп, отурат, таттуу, уктады, суу, белгилүү, чуркап, кетти, козу-улак, таш, секирди, үй, сулуу.

**56-көнүгүү.** Окуп, сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла.

1. Турмуштун ачкычы адамдын өз колунда. 2. Жакшыны жакшы кишилер жаратат. 3. Топулуу торгойлор сайрашкан бойдон улам бийиктикке карай оболошот. 4. Заар тил октон жаман. 5. Бийик тоого чыксаң, көзүң ачылат. 6. Билимдүү менен сүйлөшсөң көңүлүң ачылат.

Үлгү: эмне? турмуш, ачкыч, ким? адам.

## ЗАТ АТООЧ

**Заттын атын билдирип ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроого жооп берген сөз түркүмү зат атооч деп аталат?**

Мисалы: Ким? апа, Керим, Нургүл.
Эмне? парта, гүл, чымчык.
Кимдер? балдар, теримчилер.
Эмнелер? китептер, гүлдөр, дарактар.

**57-көнүгүү.** Адамдардын аттарын билдирүүчү сөздөрдү бир бөлөк, айбандардын, өсүмдүктөрдүн, буюмдардын, жаратылыштын кубулуштарынын аттарын билдирүүчү сөздөрдү бир бөлөк жазгыла. Суроолор койгула.

Асан, бала, үй, чымчык, коён, карга, чана, чыны, таң, чагылган, толкун, гүл, жыгач, карагай, улак, тарак, стол, окуучу, трактор.

**58-көнүгүү.** Сөздөрдү көчүрүп, **ким?** деген суроого жооп берген сөздөрдүн астын бир, **эмне?** деген суроого жооп берген сөздөрдүн астын эки сызык менен сызгыла.

Стол, Айдар, журнал, терек, Акылай, китеп, Бурул, Асыл, калем.

**59-көнүгүү.** Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратып, тиешелүү графаларга жазгыла.

1. Жерде көрк болбосо, ааламда түс да болбойт. 2. Адам бакытты бекер жатып таппайт, эмгек менен табат. 3. Айылда эң сонун жаңылыктар болуп жатат. 4. Турсунбай Адашбаевдин «Гүлдесте» деген ыр китебин окудум. 5. Биздин класста жыйырма беш окуучу окуйт. 6. Ал менин пикиримди туура тапты. 7. Гүлида кызыл, көк, жашыл, ак жана сары гүлдөрдү жыйнады.

| Заттардын аттарын билдирген сөздөр | Заттардын сынсыпатын билдирген сөздөр | Заттардын санын билдирген сөздөр | Заттардын кыймыл-аракетин билдирген сөздөр |
|---|---|---|---|
| | | | |

**60-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Заттын атын билдирген сөздөрдү тик сызыктын бир жагына, заттын сын-сыпатын билдирген сөздөрдү экинчи жагына жазгыла.

1. Мекен алдында уятсыз кишинин жүзү өмүр бою кара. 2. Биздин элде жакшынакай демилге, кажыбаган кайрат бар. 3. Кыштакта күн сайын жаңылыктар, зор өзгөрүүлөр болуп жатат. 4. Жакшы жигит элине баш болот, жаман жигит эли менен кас болот. 5. Ак көйнөк алдым. 6. Акылдуу тоодой азаптан кутулат.

**61-көнүгүү.** Жердин, суунун, шаардын энчилүү аттарын билдирүүчү сөздөрдү катыштырып, 5—6 сүйлөм жазгыла. Алар кандай тамга менен жазыларын айтып бергиле.

**62-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, чакан аңгеме жазгыла: **токой, канаттуулар, карышкыр, түлкүлөр.**

**63-көнүгүү.** Энчилүү аттарды эрежеге ылайык тууралап жазгыла.

Ясси жайлоосу, Лал минар, Ховдан кендери, Самарканд шаары, Миңбулак кыштагы, Фергана өрөөнү, Ташкент шаары, Нурата тоосу, Наманган областы, Замин району, Боз суу каналы.

**64-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Алар кандай зат атооч экенин айтып бергиле.

Азыр аяздуу **кыштын** кычыраган мезгили. **Тоо** дагы, **өрөөн** дагы ак **карга** бөлөнгөн. Күнү-түнү муздак **шамал** тоо тараптан согуп турат.

## ЖАЛПЫ ЖАНА ЭНЧИЛҮҮ ЗАТ АТООЧТОР

Зат атоочтор жалпы жана энчилүү ат болуп экиге бөлүнөт. **Заттардын жалпы аттарын билдирген сөздөр жалпы зат атоочтор деп аталат.**

Мисалы: кагаз, китеп, жайлоо, арча, суу, кой ж.б.

Адамга, жер-сууга, тоого, шаарга, айылга, көчөгө жана башкаларга коюлган аттар энчилүү зат атоочтор деп аталат.

**Адамдардын аттары:** Манас, Алишер, Асан ж.б.

**Айбанаттардын аттары:** Тайбуурул, Балтек, Аккулак, Актөш, Гүлсары ж.б.

**Жер-суунун, тоолордун аттары:** Муяк тоосу, Тамды тоо, Бөкөн тоо, Сырдарыя ж.б.

**Газета-журналдардын аттары:** «Гүлхан», «Гунча» журналы, «Маърифат», газетасы ж.б.

**Шаар, кыштак, район, областтардын аттары:** Наваий шаары, Пахтаабад району, Харезм областы, Кеңсай кыштагы.

**Китептердин аттары:** «Семетей», «Алпамыш», «Сынган кылыч», «Ак кеме» ж.б.

**65-көнүгүү.** Адегенде кыздардын, андан кийин балдардын аттарын дептериңерге жазгыла. Алар эмне үчүн баш тамга менен жазылгандыгын айтып бергиле.

Нурбек, Сабыр, Бурулкан, Асылбек, Айгүл, Таир, Алима, Кадыр, Тургунбай, Разия, Жусуп, Тамара, Гүлшайыр, Айкан, Динара, Гүлнара, Айзада, Султан, Турсун, Өктөм.

**66-көнүгүү.** Сүйлөмдү окугула. Баш тамга менен жазылган сөздөрдү дептериңерге жазып, алар эмненин атын билдирип турганын айтып бергиле.

Замин, Риштан, Балыкчы, Коргонтөбө, Мырзачөл райондорунда, Гүлистан, Фергана, Ангрен жана Самарканд шаарларында көп жаңы үйлөр курулду.

**67-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү тууралап жазгыла. Ал сөз эмненин атын билдирип турганын айтып бергиле.

Ошондой кыйын кезең күндөрдө **тайга** деген чер токойдо бир сыйкырдуу куш пайда болот. Ал күнү кыргыз уруусу аза күтүп, эл атасы, журт ээси, сан колдун башчысы **күлчө** баатырдын сөөгүн жерге бергени жаткан.

Сен кимсиң? Адамча сүйлөп кубулган кандай жансың? — деди **майрык-чаар — жез кемпир.**

— Мен **бугу-эне** болом.

**68-көнүгүү.** Тексттен баш тамга менен жазылган сөздөрдү таап, дептериңерге көчүргүлө.

Жусуп Турусбеков жаңычыл акын гана эмес, чебер драматург да болчу. Акынды чебер драматург катары тааныткан классикалык чыгармасы — «Ажал ордуна» пьесасы. Акындын «Жаз кылтайды» деген ыры 1929-жылы жазылган. Ал «Эсимде», «Кызыл жоолукчан», «Кара көз», «Тоодогу сыр», «Бозойлор ыры», «Кыз-келиндер ыры» сыяктуу бир канча ырларды жазган.

**69-көнүгүү.** Окуп чыгып, энчилүү зат атоочторду таап, дептериңерге көчүргүлө. Алар эмнени билдирип тургандыгын айтып бергиле.

## КЫЗЫКТУУ САЯКАТ

Биз дем алуу убагында Керим агайдын жетекчилиги астында Ташкент — Газалкент багытын бойлоп саякатка чыгууну пландаштырдык. Каникул башталышы менен сапарга чыгуу үчүн керектүү нерселерди даярдап жолго түштүк. Саякат убагында Чарвак суу сактагычында болдук. Бостондук районунун кооз жайларын көрдүк. Чимгандын бийик, сонун тоолоруна чыктык. Чырчык шаарындагы теңтуштарыбыз менен тааныштык. Саякат бардыгыбызда чоң таасир калтырды.

**70-көнүгүү.** Кайсы композиторлорду, алардын кандай чыгармаларын билесиңер, дептериңерге жазып чыккыла.

Үлгү: Мутал Бурханов, Абдылас Малдыбаев.

**71-көнүгүү.** Окуп, тик сызыктын бир жагына жалпы аттарды, экинчи жагына энчилүү аттарды жазгыла.

1. Берекелүү Өзбекстан жергесине коңур күз келди. 2. Өзбекстан Республикасы Ташкент шаары, Каракалпакстан Республикасы жана 12 областка бөлүнгөн. 3. Наманган, Андижан, Фергана, Сурхандарыя жана Кашкадарыя областтарындагы нефть кендеринин көбү адырларда жайгашкан. 4. Ахангаран өрөөнү тегерегиндеги тоолордо отко чыдамдуу ылай, таш көмүр, жез рудасы, алтын кендери табылган. 5. «Гунча», «Гүлхан» журналдарына кызыктуу материалдар жарыяланып турат.

Үлгү:

| Энчилүү ат | Жалпы ат |
|---|---|
| Өзбекстан | күз |

## ЗАТ АТООЧТУ ЖАСООЧУ КУРАНДЫЛАР

Зат атоочтун куранды мүчөлөрүнүн айрымдары зат атоочтордон жаңы маанидеги зат атоочторду, ал эми айрымдары этиштен зат атоочторду жасайт.

## Зат атоочтон зат атоочту жасоочу курандылар:

— **чы:** *өтүк + чы = өтүкчү*
— **лык:** *бала + лык = балалык*
— **чылык:** *дыйкан + чылык = дыйканчылык*
— **лаш:** *Жол + лаш = Жолдош*
— **кеч:** *араба + кеч = арабакеч*
— **поз:** *илим + поз = илимпоз*
— **чөк:** *түйүн + чөк = түйүнчөк*
— **кер:** *иш + кер = ишкер*
— **стан:** *Өзбек + стан = Өзбекстан*
— **кана:** *китеп + кана = китепкана*

## Этиштен зат атоочту жасоочу курандылар:

— **ма:** *сай + ма = сайма*
— **ым:** *бил + ым = билим*
— **ыш:** *чык + ыш = чыгыш*
— **гыч:** *суз + гыч = сузгуч*
— **ыч:** *кубан + ыч = кубаныч*
— **ган:** *таң + гак = таңгак*
— **мал:** *ташы + мал = ташымал*
— **гын:** *тут + гын = туткун*
— **ынды:** *шыпыр + ынды = шыпырынды*

**72-көнүгүү.** Окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө оозеки ажыраткыла.

1. **Өсөр** өздү сыйлайт, **өспөс** жатты сыйлайт *(Мак.)*. 2. **Жатакчыны** тер кысса, жүгүн жөө ташыйт *(Мак.)*. 3. Жаман жолдош **чырдаш**, жакшы жолдош **сырдаш** *(Мак.)*. 4. **Чындыктын** мизи мо-

кобойт *(Лакап)*. 5. **Окуучу** туура жана таза жазууга тийиш. 6. **Чебердикти** көрсөтүп, **чечендикке** салбагын *(«Залкар ойлор»)*. 7. **Өзбекстанда** 140 дан ашуун улут өкүлдөрү жашайт. 8. Мукарам — акылдуу, кыраакы **жетекчи**. 9. Таза, тоо суусундай тунук **достук** керек.

**73-көнүгүү.** Ырды окугула, **-чы** курандысы аркылуу жасалган зат атоочторду таап, дептериңерге көчүргүлө.

Таш идишке куйса керек бактымды,
Татты идишке куйса керек атымды.
Кароолчудан «не кылам?» деп сурасам,
«Балам алсын, бекер бер», — дейт даңкыңды.

Берем!
Алсын!
Сатпайм кадыр-баркымды.
Уйчу, койчу, кетменчинин,
Менмин кымбат акыны.

*Алыкул Осмонов*

**74-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Тик сызык менен уңгу, мүчөгө ажыратып, зат атоочтор кайсы курандылардын жардамы менен жасалганын айтып бергиле.

1. Мага **илим-билимди** жана ушул ардактуу кесипти Мекеним берди. 2. **Ушакчы** акты кара, караны ак дейт. 3. Ч. Айтматов залкар **жазуучу**. 4. Туугандыктын белгиси — **барыш-келиш**, досчулуктун белгиси — **алыш-бериш** *(Мак.)*. 5. Балдарыңар батышта силердин ата-конуш жериңерди, алтын-күмүш кениңерди коргоп, **канкор** менен арстандарча алышып жатпайбы. *(К. Б.)*

6. **Түйшүкчүл**, **мээнеткеч** сепкен үрөнүнүн үзүрүн көрөт. 7. Биз **отургуч, тутка,** этажерка жасадык. 8. **Күрөштө** чөкпөгөн, жеңиште көппөгөн адам гана — чыныгы адам. 9. Элибизде акындар, **комузчулар, кыякчылар**, чебер уздар, даанышман чечендер, **жомокчулар** көп болушкан.

**75-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна **-гын, -ыш, -лык, -чы, -кана, -мак, -лаш, -чык** курандыларын коюп, дептериңерге көчүргүлө.

1. Уч... үйдүн чырагын жандырат, очогуна от коёт. 2. Кандуу сог... кайталанбаса экен. 3. Айланайын Сейтегим, ата...ка санасаң, Телтору атка бара көр. *(Сейтек)*. 4. Мекен...тер өлкөнү көздүн карегиндей коргоо ыйык милдет экендигин ушул учурда дагы бир жолу эстерине салышты. 5. Силер да тарбия... болосуңар. 6. Биздин мектептин китеп...сында үч миңге жакын китеп бар. 7. Китептик фонду ар бир китеп...нын өндүрүштүк куралы. 8. Саякбай Каралаев белгилүү манас... болгон. 9. Бул ага азырынча табыш... болчу. 10. Күч бирдикте, бирге иштейли сыр...ым. 11. Жамгырдан кийин ар кайсы жерде көл...төр пайда болду.

**76-көнүгүү.** Көптүк сандагы заттарды дептериңерге көчүргүлө.

1. Окуучулар ботаникалык бакка экскурсияга барышты. Бак укмуштуудай кооз, сонун экен. Анын ичи түрдүү карагай, арча, кайың жана жыпар жыттуу гүлдөргө толгон. Ал бакта 100 — 150 жылдан

бери өсүп турган арчалардын, карагайлардын жана башка жыгачтардын түрлөрү кездешти. Биз аларды аралап көрүп, кубанычтын кучагына бөлөндүк. 2. Бул кош терек азыр да ошол жерде. Көчөлөрдө бак деген толуп жатат. Бирок бул кош терек — бөтөнчө теректер. 3. Айры куйруктар асманда сызып учуп жүрүшөт. 4. Күз келди, сүт тикендер куурай баштады.

**77-көнүгүү.** Жекелик сандагы зат атоочторго **-лар** мүчөсүн улап, көптүк санга айландыргыла.

Дептер, журнал, буудай, картошка, килем, карандаш, балык, класс.

**78-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө, зат атоочтордун аягындагы көп чекиттин, ордуна **-чыл, -лык, -дай, -сыз** курандыларын улап жазып, суроолорун койгула.

1. Жаман тууган..., жакшы көп... болот (*Мак*.). 2. Нурлан — билим... жигит. 3. Ак пахталар була ... аппак. 4. Биз күзгү... тунук суунун жээгине токтодук. 5. Дарак... кыштак көрксүз.

**79-көнүгүү.** Сөздөрдү көчүргүлө. Уңгу түрүндө турган сөздөрдүн астын бир, аягына мүчө жалганып турган сөздөрдүн астын эки сызык менен сызгыла. Алар кандай суроого жооп берерин аныктагыла.

Тоо-тоодой, тоолуу, тоосуз, таш-таштуу, ташсыз, таштай, кызыл-кызылдуу, кызылдай, мал-малсыз, малдуу.

**80-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө **-луу, -сыз, -дай, -лык, -чыл** курандыларын улап суроо койгула.

Балык..., кымыз..., чай..., суу..., алма..., чөп..., сүт... .

**81-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө, тушуна суроолорун жазгыла да, сөз түркүмдөрүнө ажыраткыла.

1. Кыргызстандын **борбору** Бишкектен **Ташкент шаарына жакшы** кабар **келди**. 2. **Биз уюткулуу** элдин **балдарыбыз**. 3. **Силер бактылуу** жаштарсыңар, илим-билимдүүсүңөр, жогорку маданияттуусуңар. 4. Жоктун **жону** катуу, **өгүздүн** мойну катуу. 5. Алыстагы **ак кар жамынган** тоолор көк закым тартып, ак буладай түрмөктөшөт. **Булуттар тоолордун** боору менен жогору өрдөп, тоонун чокуларын көздөй **акырын жылып баратышат.** 6. Таш көмүр биздин өнөр жайлар үчүн эң **сонун отун** экендиги белгилүү.

**82-көнүгүү.** Уңгу түрүндө турган сын атоочторду бир катарга, мүчөлүү сын атоочторду экинчи катарга жазып, уңгу жана мүчөсүн тик сызык менен ажыраткыла.

## УЯЛДЫМ

Биз ар түрдүү сабактарды бир-бирибизден сурашып бара жаттык. Эч капарсыз баратканда эки кара ит арсылдап, бизди көздөй атырылып чуркады. Мен коркконумдан артымды карай качтым. «Ырыс эмне болду экен?» — деп бурулсам, ал чоң-чоң таш менен иттерди ургулап жатыптыр. Жүрөктүү кызга таң калдым. Күнөөлүү көз менен аны жалооруй карадым. Ырыс сузураак гана: — «Туруксуз дос ар жерде, чыныгы достук тар жерде билинет», — деди. Мен катуу уялдым.

**83-көнүгүү.** Төмөнкү тексттен зат, сын, сан атоочторду тапкыла. Адегенде зат, анан сын, андан кийин сан атоочту жазып чыккыла.

### АДАМ — ЧЕБЕР УСТА

Бул жер бир кезде бопбоз болуп, томсоруп жатчу. Азыр мында жыш өскөн жашылчалар: өңү сары, жик-жик болгон тордомолуу сүйрү коондор, чоңдугу казандай болгон кара дарбыздар жатат. Асман менен бой тирешкен жашыл жалбырактуу чынар теректер, кара жыгачтар отургузулган. Ирettүү салынган аппак тамдар, эки жагы жашыл бактуу түптүз көчөлөр көбөйдү. Үстү жалтырак тунуке менен жабылган, чоң-чоң терезелүү заңгыраган мектеп тургузулган. Мына ушунчалык сонун укмуштарды жараткан — адам. Адам — колунан көөрү төгүлгөн чебер уста.

## ЭТИШ

**Заттын кыймыл-аракетинин болгондугун, болуп жаткандыгын, боло тургандыгын билдирип эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү этиш деп аталат.**

Эмне кылды? — келди, ырдады.

Эмне кылып жатат? — ыйлап жатат, ырдап жатат? Эмне кылат? — бийлейт, даярдайт.

**84-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Баш тамга менен жазылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Алар эмненин аттарын билдирип турганын айтып бергиле. Алардын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү суроо коюп тапкыла.

Жетиген жылдыз мурда жер үстүндө жүргөн каракчылардан, Үркөр да жер үстүндө жашаган адамдардан болот. Бир күнү жети каракчы Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качышат. Кызын алдырган Үркөр ызаланып, жети каракчынын артынан кууй сызат. Жетиген көк теңирде каккан казыктай былк этпеген Алтын казык деген жылдызга корголошот да:

— Бизди кууган Үркөрдөн куткар, — дешет.

Анда Үркөр: — «Силер жетөө эмессиңерби, мени айланып карматпай кача бергиле», — деп кеңеш берет. Ошондон улам жетиген жылдыз Алтын казыкты айланып калган экен.

**85-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, кандай сезим менен айтылгандыгын байкагыла. Зат, сын, ат атооч жана этиш сөздөрдү тапкыла.

1. Жаштар, мектеп окуучулары, билимге жана ар түрдүү өнөргө талыкпастан жана кайраттуулук менен ээ болгула! 2. Айлуу түндө кошулуп, жыттуу көк беденин үстүндө жаткан Дыйканбектин жаны жай алды. 3. Ылайым эле сен айткандай болсо кана! 4. Ах, кокуй, баягы Каныбек келип кеткен турбайбы! 5. Жалындуу өмүр жашасын! 6. Бали, сен укмуштай сонун ырдадың. 7. Кап, мен да силер менен кошо барбай. 8. Аттиң ай,

бир аз эрте келсем сабактан кечикпейт элем. 9. Бах, гүл эмес бекен! 10. Балдар, таза жүрүүнү ар дайым эсиңерге туткула. 11. Жаштар, окуунун мыктысы болууга тырышкыла.

**86-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү жазгыла.

— Дат баскан темирлерди эмне кыласың?
— Мектепке алып барам.
— Эмне, машина жасап ойнойсуңарбы?
— Жок, мамлекетке тапшырабыз. Бул темирлерден ар түрдүү машина, трактор, комбайн, дагы толуп жаткан башка айыл чарба шаймандары жасалат.

**87-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Көп чекиттин ордуна **ким? эмне? качан? канча?** деген суроолорду жазып, алардын кайсы сөз түркүмүнө коюлуп жатканын айтып бергиле.

1. Шаардан... келди. 2. Сейит... алып келди. 3. Бүбүкан ... кетти. 4. Айбек ... кетет. 5. Керим ... карандаш алып келди. 6. Китепти ... окуп бүтөсүң.



**88-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Аягындагы көп чекиттин ордуна **-бы** уландысын улап, анын кайсы сөз түркүмүнө уланып жатканын айтып бергиле.

1. Жашылча жыйналды... . 2. Алма бышты... . 3. Чөмөлөлөр салынды... . 4. Чөптөр жыйылды... . 5. Мал жайлоодон түштү... . 6. Короо, сарайлар ремонттолду... . 7. Эгиндер жыйылды... .

**89-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, сөздөрдү сөз түркүмүнө ажыраткыла.

1. Күн батты. 2. Күүгүм кирди. 3. Шам жагылды. 4. Эл орунга отурду. 5. Ай чыкты. 6. Салкын жел жүрдү.

**90-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна маанисине ылайык кыймыл-аракетти билдирүүчү сөздөрдү жазгыла.

Кыз... . Ашыр... . Жылкы... . Кино... . Жамгыр... . Кол... . Буудай... . Чагылган... . Ай ... . Кеч ... .

**91-көнүгүү.** Окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, кандай суроого жооп берип турганын айтып бергиле.

## КОЛЛЕКТИВ

Дем алыш күнү мектептин аянтчасын тазалмакчы болуп, ишке кириштик. Балдардын кай бирөөлөрү жерди **шыпырышты.** Кай бирөөлөрү арыктарды **тазалашты.** Кээ бирлери шыпырындыларды замбил менен **ташып жатышты.** 2—3 сааттын ичинде мектептин аянтчасы таптаза **болду.** Иш бүткөндөн кийин директорубуз:

— Бали, балдар! Коллективдин күчү ушундай. Эгерде бир-эки киши иштесе, жумуш бир нече күнгө созулмак — деп, бизге жылуу сөзүн **айтты.**

**92-көнүгүү.** Текстти окуп, сөз түркүмдөрүнө ажыратып, графаларга карата талдап жазгыла.

1. Чыгармачылык кесип менен жүргөн кишинин башкалардыкынан айырмасы чоң. Чыгарма-

чылар деп обончулар, сүрөтчүлөр, жазуучуларды айтабыз. Бул — эң кыйын кесиптер. Анткени бирдеме чыгаргың келсе, ошого бүт берилишиң керек. Обончу обон чыгарганы жатканда, эркин болуугa тийиш. Ал чыгара турган обонун адегенде ичинен күңүлдөп, анан сыртына чыгарып, акырында гана нота же инструментке сала баштайт эмеспи.

2. Чыкыроон кыш. Аппак кар жамынып, көктү сүзгөн Ала-Тоонун түбү жазыланып, адыр-белеске айланып, түзөңгө таянган. Тоолорду жара бөлгөн Ысык-Ата капчыгайынын оозунан Чүй талаасын жайпай келип аккан сайын, жээктерине толкуп чыгып, көк кашка музга тунган.

**93-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жазгыла да, тийиштүү мүчөлөрдү жалгап, этиш сөздөрдү жасагыла.

Кол, ал, жакшы, тарс, жарк, эс, түз, оң, ой.

**94-көнүгүү.** Окуп чыккыла. Этиш сөздөрдү тапкыла.

Узак жолдо карыя менен жолдош болдук. Анын сыйда, буурул сакалы тараза боюна атайлап жасап койгондой эле.

Анын кебетесине караганда элүү, элүү беш жаштарда деп айтууга мүмкүн болучу. Жолоочуга эмнелер жолукпайт, добулдуу нөшөргө дуушар келдик.

Анда санда жарк эткен чагылгандын учушу, көздү ачып жумгандай болот. Бир-бирибизге сүйөнүп корголоогон болдук.

# II ЧЕЙРЕК

## 2-§. СӨЗДҮН КУРАМЫ

### СӨЗДҮН УҢГУСУ

**Сөздөрдүн маани берип турган негизги бөлүгүн уңгу дейбиз.**

Мисалы: *балык-балыкчы, дөбө-дөбөгө, китеп-китепкана, жылкы-жылкылуу*.

Бул сөздөрдүн уңгулары: *дөбө, китеп, жылкы*.

**95-көнүгүү.** Дептериңерге көчүргүлө. **Комбайн** деген сөздүн өзгөрүшүн байкагыла. Бул сөздөрдүн кайсы бөлүгү, бирдей айтылып турат.

Комбайн айыл чарбасына өтө керек. Завод комбайнды көп чыгарып жатат. Кожолуктун талааларында комбайндар көбөйдү. Алар комбайнчылардын атайын курсун бүтүрүп келишкен. Комбайнчыларга бардык шарттар түзүлгөн.

**96-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла. Уңгунун алдын бир, мүчөлөрдүн алдын эки сызык менен сызгыла.

Убадалуу, убаракерчилик, чалмага, чыгыш, батыш, шаңдуу, ыксыз, эрктүү, гүлдүү, ырыстуу, кубанычтуу.

**97-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла. Уңгулардын астын сызгыла.

Чийме, ачкыч, кескич, классташ, кесиптеш, эсепте, кишиче, ылдамда, замандаш, кыякчы, сызыкча, сыйла, билимдүү, бөлмө, ойно.

**98-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдөн башка бирдей айтылган бөлүгүн таап, аларды сызыкча менен ажыраткыла.

**Кеч** кирди. Биз үй-бүлөбүз менен **кечки** тамакты ичүүгө отурдук. **Кечке** чейин ар кимибиз өз ишибиз менен алекпиз. Биз **кечтин** кандай киргенин сезбей да калганбыз жана кечти көңүлдүү өткөрөбүз. **Кечинде** газета-журналдарды окуйбуз, өз ара пикир алмашабыз. Ишемби жана жекшемби күндөрү телевизор көрөбүз.

Үлгү: кеч, кеч-ки.

**99-көнүгүү.** Сөздөрдү көчүрүп жазып, мүчөлөрүн тик сызык менен ажыраткыла.

Мышыктын, коёнго, түлкүнү, тоокко, мергенчи, койчу, төөнүн, жолборстой, үкүдө, бөдөнөгө, дүкөнчү, суучул, тооккана, ишмер.

Үлгү: мышык/тын.

**100-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Кашаанын ичиндеги сөздөрдү кашаадан чыгарып, маанисине карай, тиешелүү мүчөлөрдү улап жазгыла. Сөздөрдүн маани берген бөлүгүнүн астын сызгыла.

Биз бүгүн (бүлдүркөн) бардык. (Бүлдүркөн) терип жесең, кандай таттуу! (Бүлдүркөн) атайын идиш керек. Окуучулар (бүлдүркөн) терип жүрүшүп, кызык аңгемелерди, жомокторду айтышат. Кечинде үйлөрүнө (бүлдүркөн) көп терип, көңүлдүү кайтышат.

**101-көнүгүү.** Учкул сөздөрдү окуп, маанисине көңүл бургула. Дептериңерге көчүрүп, сөздөрдүн уңгусун таап, астын сызгыла.

Ач көздүн көзү тойбойт,
Ушакчы калпын койбойт.

Байлыктан ден соолук,
Өмүрдөн жаштык кымбат.

Кара түрдү агарта,
Жаман сөздү тазарта албайсың.

Алма бышканда даамдуу,
Сөз туурасында жагымдуу.

## СӨЗДҮН МҮЧӨСҮ

**Сөздүн уңгуга уланган бөлүгү мүчө деп аталат.**

Мисалы: *китеп-китеп**тин**, китеп-**ти**, китеп-**кана**, китеп-кана**-чы,** китеп-**тен***.

**102-көнүгүү.** Мүчөсү сызыкча менен ажыратылган сөздөрдү байкагыла. Сөздөрдүн уңгусун атагыла.

Бала — ата менен эне-нин гана гүлү эмес, ал эл-журт-у-буздун эч тең-деш-и жок асыл гүл-ү.

Акыл-дын күч-ү жет-пе-ген билим болбойт, бирок билим-дин күчү жет-пеген акыл болот.

Бала өз ата-эне-си-нин бакты-таалайы үчүн өсүп, оку-п, иш-те-бе-й-т, бүткүл эл-и-биз-дин бакты-таалайы үчүн өс-үп, оку-п, иш-те-й-т.

**103-көнүгүү.** Окуп, адегенде мүчө уланбай турган, анан мүчө уланып турган сөздөрдү атагыла.

Борошо, класстар, суук, муз, лагерге окуучуларды, форточкаларда, гүлдөрдүн, үйлөрү, кино, радиодон, кийимчен, шосселер, жоолук, портфелчен, жарык.

**104-көнүгүү.** Уңгу сөздөргө тушундагы мүчөнү улап, ырды толуктап көчүргүлө.

САЛАМДАШУУ АДЕБИ

| | |
|---|---|
| Улуу ..., кал ... салт, | -лар, -дан, -ган ... |
| Урмат кыл ... бил ... . | -а, -е, -ли. |
| Жолук ... ар ким ..., | -кан, -да, -ге. |
| Салам айт ... жүр ... | -а, -ө, -лү. |
| Салам ... салт экен, | -да, -шуу. |
| Кичүү ... да, кары ... | -гө, -га. |



**105-көнүгүү.** Окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, мүчөлөрдүн астын сызгыла.

1. **Меймандос** кыргыз **элденмин**, анын бир **бактылуу** уулу менмин. 2. **Акылдуу** адам адептүү, салабаттуу, **чынчыл** болот. 3. **Азга** арзыбаган чоңго жетпейт. 4. **Томуктай** чындык **тоодой** жалганды жеңет. 5. Жаман **суроонун** амалы — жакшы жооп. 6. **Сөздүн** оту да бар, **музу** да бар.

**106-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө сызыкча аркылуу ажыратып көчүргүлө.

**Акылдуу** бир **сөздөн** түшүнөт.
**Акмакты** түртмөйүнчө түшүнбөйт.
**Өлбөгөн** киши алтын **аяктан** суу ичет.
Ар бир акылдуу сөз — жакшы **китепке** барабар.
**Булуттан** чыккан күн ачуу,
**Жамандан** чыккан сөз ачуу.

Жаман **атты** жакшы **бакса**, тулпар болот,
Жаман **кушту** жакшы **бакса,** шумкар болот.

**107-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

Үй — үйкана, үйлар, үйларга, үйлардын.
Тон — тондуу, тондун, тонго, тонгон, тондун.
Кыяк — кыяктар, кыякчы, кыякчан, кыякка.
Китеп — китептер, китепке, китептен, китепкана.

## КУРАНДЫ (СӨЗ ЖАСООЧУ) МҮЧӨЛӨР

**Сөздүн маанисин өзгөртүп, башка мааниге өткөрүп жиберген мүчөлөрдү куранды мүчөлөр дейбиз.** Буга -чы, -луу, -сыз, -кана, -ла, -стан сыяктуу мүчөлөр кирет.

Мисалы: *кой, жылкы, үй* деген сөздөр — малдын аттары. Эгер бул сөздөргө **-чы** мүчөсүн уласак, анда *койчу, жылкычы, үйчү* деген башка маанидеги сөздөр пайда болуп, мал баккан адамдарды көрсөтүп келет.

**108-көнүгүү.** **Ким?** деген суроого жооп берген сөздөрдү бир бөлөк, **эмне?** деген суроого жооп берген сөздөрдү бир бөлөк көчүргүлө.

Чоор, ыр, өтүк, чоорчу, ырчы, өтүкчү, барабан, кой, барабанчы, койчу, килем, килемчи, сайма, саймачы, сакманчы, сакман.

**109-көнүгүү.** Берилген суроолорго жооп жазгыла. **Ким?** деген суроого жооп берип турган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

Эгинди ким сугарат? Койду ким кайтарат? Заводдо ким иштейт? Туш кийизди ким саят? Са-

атты ким оңдойт? Комузду ким чертет? Сүрөттү ким тартат?

Ү л г ү: Эгинди сугатчы сугарат.

**110-көнүгүү.** Кашаанын ичиндеги суроолорго жооп бере турган сөздөрдү таап, көп чекиттин ордуна коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

Малды ... (ким?) багат.
Китепти ... (ким?) окуйт.
Ырды ... (ким?) жазат.
Пахтаны ... (кимдер?) терет.
Балыкты ... (ким?) кармайт.

К о л д о н у л у у ч у с ө з д ө р: *балыкчы, жазуучу, окуучу, дыйкандар, малчы*.

**111-көнүгүү.** Сөздөргө маанисине карай **-кана, -ла, -луу, -чы** мүчөлөрүн улап, дептериңерге көчүрүп жазгыла. Сөздөрдүн мааниси өзгөрдүбү, жокпу?

Бала, күзөт, темир, кетмен, эгин, өрмө, чөп, жомок, суу, ат, үй.

**112-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, **-чы** мүчөсү уланып турган сөздөрдүн астын сызгыла. Бул мүчө сөздүн маанисин өзгөрттүбү?

1. Энем тигүү фабрикасында көптөн бери кийим тигүүчү болуп иштейт. Ал жаш күнүнөн эле бычмачы, тикмечи киши болгон экен. 2. Иним — чарбада койчу. 3. Агам — мыкты тракторчулардын бири. 4. Сиңдим — сүрөтчү. 5. Энем — сааанчы, атам — күзөтчү. 6. Ажар — ырчы кыз. 7. Мектепте окуучулардын өндүрүштүк бригадасы бар.

**113-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыккыла. Кара тамга менен басылган сөздөрдүн уңгу, мүчөсүн ажыраткыла.

## МЕРГЕНЧИ

Кышында Тянь-Шань **тоолорунун** этектеринде кар калың болот. **Мергенчилер мергенчиликти** кызуу жүргүзүшөт. Токтонаалы Кулкабаков **аңчылыкка** чыгып, Көк-Бел өрөөнүнөн аюунун изин тапты. Анын ити **жырткычтын** жытын алып, алга карай жулунду. **Мергенчи** изди кууп, бир топ жерге барды. Бир кезде алдынан **үңкүр** көрүндү. Ал үңкүрдүн жанында аюунун эки мамалагы ооналактап жаткан эле. Алардын энеси жакын жерден чыга калды да, **мылтыкчан** мергенчинин жытын билгендей болду. **Мергенчи** аюуну, анын мамалактарын аяп атпай кетип калды.

**114-көнүгүү.** Окуп чыгып, куранды мүчөлөрдү тапкыла.

Бөрүнүн түлкү жолдошу,
Бирин-бири коргоочу.
Табылып калган жеринде,
Аңчылардын олжосу.
Суур менен кашкулак,
Ийинге кирип жатканы.
Эбин таап алууга,
Аңчылар салат капканды.
Кашкулак менен суурду,
Капканчы кармап көп алат.

*Тоголок Молдо*

# УЛАНДЫ (СӨЗ ӨЗГӨРТҮҮЧҮ) МҮЧӨЛӨР

**Сөздүн маанисин өзгөртпөстөн, анын формасын (сырткы түрүн) гана өзгөртүп, сүйлөмдөгү сөздөрдү бири-бири менен байланыштырып турган мүчөлөр да бар. Аларды уланды (сөз өзгөртүүчү) мүчөлөр дейбиз.**

Мисалы. ***Асан шаарга барат*** деген сүйлөмдө **-га, -т** мүчөлөрүнүн уланышы менен сүйлөмдүн мааниси өзгөргөн жок. Бирок бул мүчөлөрдү алып таштоого да болбойт, анткени **Асан шаар бара** болуп, сүйлөмдөгү сөздөр өз ара байланышпай, айтылуучу ой түшүнүксүз болуп калат.

Уланды мүчөлөр уңгуга да, куранды мүчөлөрдөн кийин да улана берет.

Мисалы: *жылкы-жылкыдан, жылкычы-жылкычыны*.

**115-көнүгүү.** Аңгемени окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө оозеки ажыраткыла.

КАНАТТУУЛАР

Канаттуулар айыл чарба **өсүмдүктөрүнүн** жана **токойлордун** зыянкечтери менен күрөш жүргүзүүдө зор пайда келтирет. Курт-кумурскалардын көбөйүү **тездиги** таң каларлык. Бир эле чөп **бетинин** тукуму, алардын баары жашап кетсе бир жылдын ичинде жер **шарын** тегиз каптап калмак. Курт-кумурскалардын чексиз көбөйүшүнө көп **факторлор** тоскоолдук кылат — алардын бири канаттуулар.

Канаттуулар кандайдыр бир деңгээлде зыяндуу **курт-кумурскалардын** санын биологиялык жактан жөнгө салгыч болуп саналат. Канаттуулардын бир түрү белгилүү **зыянкечтерди** жеп жок кылышат. Каргалар, ала чыйырчык — **чегирткени**, **тоңкулдактар** — кабык жегичтерди, чымынчылар учуп жүргөн чымындарды, мукурлар **коңуздарды**, чардактар — кызыл коңуздун, алардын көпөлөктөрүн жеп тамактанышат, чар каргалар, кара чыйырчыктар, боз кекиликтер — узун тумшуктарды, алардын көпөлөктөрүн, шалбаа **ийнеликтерин** жана башкаларды кырып жок кылышат. Канаттуулардын зат алмашуусунун **деңгээли** өтө жогору болот, ошондуктан алар көп тамактанышы керек. Кичинекей чымынчы боз **чымчыктар** **уясына** он беш күндүн ичинде 1 кг дан ашык курт-кумурскаларды ташып келет.

**116-көнүгүү.** Окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдүн мүчөлөрүн сызыкча менен ажыратып, дептериңерге көчүргүлө.

БАЛДАРГА НАСЫЯТ

Ырыскыңды **бекерге,**
Төкпөгүлө, балдар ай.
Акарат кылып **бирөөнү,**
Сөкпөгүлө, балдар ай.
Мурдуңду бөөдө көтөрүп,
**Көппөгүлө,** балдар ай.
Бирдин **көөнүн** оорутуп,
Кетпегиле, балдар ай...
Түбү кандай болушун,
Эстегиле, балдар ай...

Эс токтотуп бир **ишти,**
Аңдагыла, балдар ай.
Көңүл жакын теңтушту.
Жандагыла, балдар ай...
Бирөөнүн болсо буюму,
Албагыла, балдар ай.
Жаманатты-наалатка,
Калбагыла, балдар ай.
Каяша сүйлөп сөз кайрып,
**Турбагыла,** балдар ай.
**Шоктук** кылып бирөөнү,
Урбагыла, балдар ай.
Кеп бербеген такымчы,
Болбогула, балдар ай.
Адебиңдин пайдасын,
Ойлогула, балдар ай.

*Барпы Алыкулов*

Үлгү: бирөө-нү.

**117-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыккыла. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, тик сызык аркылуу уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

КӨГҮЧКӨНДӨР

Күн ачык. Эртең мененки саат жети. Чоң-Сары-Ой орто мектебинин тушундагы даракка **көгүчкөндөр** учуп-конуп, канаттары күн нуруна чагылышып жатты. **Мектептин дарбазасынан** окуучулар чыгышты. Көгүчкөндөр жапырт **асманга** учушуп, кайра акырын кайып, ар бир баланын кол-



доруна конушту. Балдар **үйлөрүнөн** ала келишкен **жемдерин** көгүчкөндөрүнө беришти.

Бул **көгүчкөндөрдүн** балдарга үйүр болгонуна аз убакыт **болду**. Көгүчкөндөрдү 4—5-класстын окуучулары багышат. Алар өздөрүнүн тынчтык көгүчкөндөрүнө өз убагында жем, суу берип турушат.

Ү л г ү : көгүчкөн/дөр.

**118-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөргө **-га, -ны, -нын, -дан, -да** мүчөлөрүн улап көчүргүлө. Ал мүчөлөр сөздүн эмнесин өзгөрттү? Айтып бергиле.

Мектеп, көчө, терек, тоо, дөбө, кино, кагаз, калем, китеп, чыны, кашык, өтүк, кен.

**119-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улап жазгыла да, кандай мүчөлөр экендигин ажыраткыла.

Адам... өмүрүн узартуу маселесин далай илимпоз... изилдеп келе жатышат. Өмүр... узартууда таза аба, суу, күн, тамак, дене... чыңоо, көңүл... көтөрүңкүлүгү чоң роль ойнойт. Жер жүзүн... жыргал, эркин турмуш... жашаган бардык адамдар сөзсүз узак жашашат.

**120-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, тик сызыктын оң жагына куранды мүчөлөрдү, сол жагына уланды мүчөлөрдү жазгыла.

1. Өзбекстан **суулуу, токойлуу** жерлерге бай. 2. Биздин **өлкөдө билимсиз** адам аз. 3. **Туз-суз** тамак даамдуу болбойт. 4. Ден соолук зор **байлык**. 5. Ар убакта **чынчыл** бол, калк ишенет кебиңе. 6. Көп мектептерде **окуучулардын окуусун, жазуусун** текшерип жатышат.

7. Ким **китепти** окуй билсе түшүнөт,
Эки дүйнө жарык берер **ишине.**

| Уланды мүчө уланган сөздөр | Куранды мүчө уланган сөздөр |
|---|---|
| өлкө-дө<br>окуу-сун | суу-чул<br>токой-чу |

## 3-§. УҢГУЛАШ СӨЗДӨР

**Уңгулары бирдей маанидеги сөздөр уңгулаш сөздөр деп аталат.**

Мисалы: *баш-башта, баштуу, башчы, башсыз, башкы* ж.б.

Бул сөздөрдүн баары — уңгулаш сөздөр. Алардын уңгусу — **баш.**

**121-көнүгүү.** Текстти окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыраткыла.

Биздин мектепте бак бар. Окуучулар **бакты** жакшы карап турушат. Балдар **бакка** кык чачып, жаш көчөттөрдү отургузушкан. Мектептин **багын** **бакчы** кайтарат. Биз **багыбызды** карап турабыз. Кезектешип **бакта** иштейбиз. Бактын кууралган бутактарын кесебиз, дарылайбыз.

**122-көнүгүү.** Табышмактарды окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдүн уңгусун тапкыла. Алардан уңгулаш сөздөр жасагыла.

Уучтаса **ундан** майда, уютса **таштан** катуу.

*(Цемент)*

**Отко** бышса көк болот, **дубалга** сүртсө ак болот.

*(Акиташ)*

**Өпкөнү** чиритет, **ооз** **ичин** иритет.

*(Тамеки)*

**123-көнүгүү.** Сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, уңгуларын мүчөдөн түз сызык менен ажыраткыла.

Мергенчи, мергенчилер, мергенчилик, мергенчиликтен, өтүк, өтүкчү, өтүкчүлүк, өтүкчөн, өтүктөр, өтүксүз, мал, малчы, малчылар, малчылык, малча, малдуу, малсыз.

Ү л г ү : мерген/чи.

**124-көнүгүү.** Окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Сөздөрдүн кайсы бөлүктөрү бирдей, кайсы бөлүктөрү ар башка айтылып турат?

Кайрат **китепканага** барды. **Китепканадан** китеп алды. Ал **китепти** тыштады. **Китептин** сыртына анын атын жазды. Ал **китепке** көңүл коюп окуй баштады. **Китепте** эмне жөнүндө айтылгандыгын түшүнүүгө аракеттенди. Кайрат **китептен** көңүлүнө жаккан жерлерин жазып алды.

**125-көнүгүү.** Текстти окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Уңгу жана мүчөсүн тик сызык менен ажыраткыла.

ЛАГЕРЬ

Быйыл **лагерь** эрте ачылды. Июнь айында **лагердин** салтанаттуу костёру болду. Мен **лагерге** биринчи жолу баргам, костёр көңүлдүү өттү.

Лагерди абдан жактырып калдым. Биз лагерде түрдүү ийримдерге катыштык. Лагерден көп нерселерди көрдүк.

Үлгү: Лагер/дин.



**126-көнүгүү.** Окугула. Уңгулаш сөздөрдү таап, көчүргүлө жана уңгуларын тапкыла.

КИТЕП — БИЗДИН ДОСУБУЗ

Китепти сүй. Китеп — жакшы кеңешчи жана окутуучу. Китепсиз билимдүү, маданияттуу адам болуп жетишүү мүмкүн эмес. Китепти окуп, билимиңди өркүндөт. Биз китептен өтө көп билим алып, ата-бабаларыбыздын мурастарын билип алабыз. Ошондуктан, билимдин кени китепте экендигин ар дайым эсиңде тут.

**127-көнүгүү.** Уңгулаш сөздөрдү катыштырып, үч сүйлөм түзүп, жазгыла.

## 4-§. УҢГУ СӨЗДҮН АЯККЫ ТЫБЫШЫНА КАРАТА МҮЧӨДӨГҮ ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН ЭЭРЧИП ӨЗГӨРҮШҮ

Уңгунун аягындагы тыбыш үндүү же жумшак үнсүздөр болсо, мүчөнүн башкы тыбышы жумшак үнсүздөрдөн болот.

Эгер уңгунун аягындагы тыбыш каткалаң болсо, мүчөнүн башкы тыбышы да каткалаңдардан болот.

Мисалы: Алма + да = алмада, шаар + да = шаарда, кап + да = капта, китеп + да = китепте.

**128-көнүгүү.** Сөздөрдү көчүрүп, мүчөлөрдүн астын сызгыла.

Кыштактар, бактар, талдар, шаарлар, балга, китепке, калемди, сабактын, класстан.

**129-көнүгүү.** Сөздөрдү көчүргүлө. Кашаанын ичиндеги мүчөлөрдү өздөрүнүн алдындагы сөздөргө улагыла. Алар кандай мүчө экендигин айтып бергиле.

Көчө (-лар), терезе (-лар), мал (-лар), арык (-лар), талаа (-га), көл (-га), сүт (-ны), жээк (-га), жол (-лар), таш (-лар), ат (-лар), көчө (-га), таш (-ны).

Үлгү: көчө + лар = көчөлөр.

**130-көнүгүү.** Текстти окуп чыккыла. Кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп, мүчөнүн астын сызгыла. Ал мүчөлөрдүн башкы тыбыштары жумшак же катkалаң экендигин айтып бергиле.

Түш ооп калган убак. **Булуттар** туш **тарапка** жылды. Түнөрүп турган асман көгөрө баштады. **Беш-Теректин** көз мелжиткен талаалары ого бетер көрктөндү. Алыстан **чатырчалуу** ак **тамдар,** жашыл **бак-дарактар** көрүндү. Талаада иштеп жаткан кызылчачы **аялдардын** ар түстөгү жоолуктары желге желбирейт.

**131-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улагыла. Уңгунун аягындагы жана мүчөнүн башындагы тыбыштар кандай экендигин айткыла.

1. Атам фирма... бухгалтер болуп иштейт. 2. Эжем мектеп... мугалим. 3. Мектеп... окуучу... кызылчачы... жардам берип турушат. 4. Биз... айыл... тоок ферма бар. 5. Тоок жумуртка... көп берет. Тоок ферма... балапан... да сатылып турат. 6. Апам дүкөн... иштейт.

Көп чекиттин ордуна коюлуучу мүчөлөр: **-да, -нын, -лор, -ы, -ны, -га.**

**132-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп, уңгу менен мүчөнү тик сызык менен ажыраткыла. Мүчөнүн башкы тыбышы, каткалаң же жумшак болуп кетишине эмне себеп, айтып бергиле.

Зарафшанда бир канча **завод-фабрикалар** бар. Анда миңдеген станоктор, машиналар, механизмдер электр тогу менен иштейт. Электр тогу **троллейбустарды** да жүргүзөт. **Көчөлөрдү** жарык кылат. **Үйлөргө** жылуулук, жарык берет. Электр тогунан дагы көп **максаттар** үчүн пайдаланылат.

**133-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Мүчөнүн башындагы үнсүздөрдүн жумшак же каткалаң болушунун себептерин айткыла.

1. Биз кечээ тоо... экскурсия... бардык. 2. Тоо... гүлдөрү көп экен. 3. Нечен түр... канаттуулар... көрдүк. 4. Биз тоо... гүл тердик, жер көрдүк. 5. Кечки саат беш... үй... келдик. 6. Көргөн-билгендерибиз... дилбаян жаздык. 7. Эртең мугалим... пикирин угабыз.

**134-көнүгүү.** Аңгемени окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдүн уңгу жана мүчөсүн ажыраткыла. Кандай мүчө экенин, мүчөнүн башындагы үнсүздөрдүн кандайча ээрчип өзгөргөнүн айтып бергиле.

## БӨДӨНӨЛӨР

Бөдөнөлөр келгин канаттуулардан болуп эсептелет. Алар тооктор түркүмүнө кирүүчү канаттуулардын эң кичинекейи. Бөдөнөлөр апрель айларынан баштап алыстан учуп келишет. Мелтиреген мейкин түз **талааларды,** эгин **аянттарын,**

**бөдөлөрдү,** тоо этектерин мекендешет. Алар кичинелигине карабастан 7 ден 14 кө чейин жумуртка тууйт. Ургаачылары **жумурткаларын** эки жума, кээде андан ашык күнү басып, кичинекей **балапандарын** чыгарышат. Кичинекей **балапандар** энелерин ээрчип, түрдүү **чөптөрдүн** аш болумдуу бүрлөрүн жана күбүлүп түшкөн эгиндерди терип жешет. Кеч **күздө** энелериндей болушат. Ошол кезде аларга **аңчылык** мезгили башталат. **Бөдөнөнүн** эти **адамга** жагымдуу болот.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Сөздүн уңгу жана мүчөсү жөнүндө эмне билесиңер?
2. Кандай мүчөнү куранды мүчө дейбиз?
3. Кандай мүчөнү уланды мүчө дейбиз?
4. Уңгу сөздүн аяккы тыбышына карата мүчөдөгү үнсүз тыбыштар кандайча ээрчип өзгөрөт? Мисал келтиргиле.
5. Кандай сөздөрдү уңгулаш сөздөр дейбиз?

## 5-§. ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ СӨЗДӨР

**Сөздөр түзүлүшүнө карай экиге бөлүнөт:**
**1. Жөнөкөй сөздөр**
**2. Татаал сөздөр**

**Бир гана сөздөн турган сөздөрдү жөнөкөй сөздөр дейбиз.**

Мисалы: *Айша, окутуучу, жылкылар, кел, ойло ж.б.*

**Эки же андан көп сөздөн турган сөздөрдү татаал сөздөр дейбиз.**

Мисалы: *Куба-Сай, Чоң-Сары-Ой, ден соолук, темир жол, таш жол ж.б.*

Татаал сөздөр түзүлүшүнө карай өз ара төмөнкүчө бөлүнөт:

1. **Кош сөздөр**
2. **Кошмок сөздөр**
3. **Кыскартылган сөздөр**

**135-көнүгүү.** Окуп, кайсынысы жөнөкөй, кайсынысы татаал сөз экенин аныктагыла.

Өзбекстандын жаратылышы түрдүү ооруларга дарылыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Ондогон дары булактар жана туздуу көлдөр бар. Ушуга ылайык сур, күрөң, кумдуу, такыр жана боз топурактар учурайт. Чөлдөрдө өсүмдүктөр сейрек, ал ар жаз мезгилинде гана өсөт. Шыбак, жузгун, кара кандым, черкез, коён сөөк жана өлөң чөп сыяктуу чөлдүн өзүнө гана тиешелүү өсүмдүктөрү бар. Чөлдө жейрен, карышкыр, түлкү сыяктуу ири жаныбарлар менен бирге чычкан сыяктуу кемирүүчүлөр, жылан, кескелдирик сыяктуулар жашайт.

Кумдарда жыландар, ак жыландар, таш бакалар көп кезигет.

Чөлдөрдүн жер астында пайдалуу кен байлыктары көп.

**136-көнүгүү.** Табышмактарды окуп, жандырмагын тапкыла. Жөнөкөй жана татаал сөздөрдү ажыраткыла.

1. Балдар билет жалпы аны,
Шилтегенде балканы
Өзү кирип тактайга,
Тышта калат калпагы *(мык)*.

2. Оозунан жалын чачкан, төрт аягын тең баскан *(меш)*.

**137-көнүгүү.** Окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдүн жөнөкөйлөрүн тик сызыктын бир жагына, татаалдарын экинчи жагына жазып чыккыла.

1. Жайды-жайдай, күздү-күздөй элибиз эмгектенишет. 2. **Эл-жерин** сагынуу ар кимдеги ыйык сезим. 3. Иттен **күч-кубат** кеткен соң, байдын пейили кошо кетти. 4. Бир күнү үйүбүзгө **бир топ** коноктор келишти. Эртең менен кулундарды агыткан кезде, **жөө туман** басып турган эле. 5. Элдер **эрте жаздан, кеч күзгө** чейин талаада болушат, кош соку менен жер айдашат. 6. Адырдын боорлорунда **кызыл-тазыл** жоогазындар мөлтүлдөп көрүнүп турат. 7. Адамдын мүнөзүнүн, анын турмушка болгон мамилесинин башаты **үй-бүлөдөн** башталат.

**138-көнүгүү.** Татаал сөздөрдү таап, дептериңерге көчүргүлө.

1. Кошок элдин каада-салт ырларынын ичинде орчундуу орунду ээлейт. 2. Биз «Саринжи-Бөкөй», «Эр Табылды» эпосторун окудук. 3. Курт-кумурскалардын көбөйүү тездиги таң каларлык. 4. Арал деңизинин жээктериндеги Кара Кумда, Кызыл Кумда, Сырдарыянын өрөөнүндө ителгилер көп эле кездешчү, азыр болсо бул жерлерге алар келбей да калды.

## КОШ СӨЗДӨР

**Эки сөздөн түзүлүп, бир маанини түшүндүргөн сөздөрдү кош сөздөр дейбиз.**

Көп учурда кош сөздөрдүн бирөө маани берет да, экинчиси маани бербейт. **Кош**

**сөздөрдүн ортосуна ар дайым дефис (-) коюлат.**

Мисалы: ***Бала-чака*** *аман жүрөбү?*

Сени **күтө-күтө** чарчадым.

*Үйгө* ***эже-карындаштар*** *келишиптир*.

Кош сөздөргө: *каршы-терши, сүт-мүт, болор-болбос, ага-ини, көзмө-көз, бетме-бет* сыяктуу сөздөр кирет.

**139-көнүгүү.** Окуп чыгып, кош сөздөрдү тапкыла.

1. Ташкент шаарында кабат-кабат, чоң-чоң үйлөр көп тургузулуп жатат. 2. Эшиктин алдындагы сирендин бутактары туш-тушка кенен жайылган. 3. Кардын үстүндө билинер-билинбес из жатат. 4. Базардан коон-соон, алма-салманы көтөрүшүп келдим. 5. Биздин дүкөндө кийим-кече, идиш-аяк, чай-пай бар. 6. Биздин жаштар ушу заманда да ойноп-күлүп, окуп жана иштеп жүрүшөт, алар кайгы-капаны билишпейт. 7. Тил албасты жумшаганча, тына-тына өзүң бар. (*Мак*.)

**140-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүрүп, кош сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Илимдин учу-кыйыры жок. 2. Асманда топ-топ жылдыздар жаркырайт. 3. Чүкөбай кыт-кыт күлдү. 4. Күн нуру жан-жаныбарлардын бешиги. 5. Дары-дармек берүүчү өсүмдүктөр өстүрүлүп жатат. 6. Апам — акыл-эстүү киши. 7. Биз бетме-бет отуруп сүйлөштүк.

**141-көнүгүү.** Кош сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Кат-сат, мал-сал, улуу-кичүү, кайта-кайта, ата-эне, кыз-кыркын, бала-чака, аркы-терки.

**142-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү кош сөздөрдү коюп, дептериңерге көчүргүлө.

1. Күн ... болуп калган кезде айылга жеттим. 2. Бүгүн ... жамгыр жаап өттү. 3. Мен үйдөгүлөрдү ... чарчадым. 4. Ашым мени ... карады. 5. Сен ... бас, мектепке кечигесиң. 6. Тоодогу ... жакага түштү.

Колдонулуучу кош сөздөр: *болор-болбос, батар-батпас, кылчак-кылчак, ылдам-ылдам, мал-сал, күтө-күтө*.

**143-көнүгүү.** Жөнөкөй сөздөрдү кош сөзгө айландыргыла.

Китеп, эт, алма, өйдө, эже, килем, кат.

## КОШМОК СӨЗДӨР

**Өзүнчө турганда мааниге ээ болгон эки же андан артык сөздөн туруп, бөлөк жазылса да бир маани берген сөздөрдү кошмок сөздөр дейбиз**.

Мисалы: *кол кап, кара чыйырчык, калем сап, Чатыр-Көл, таш бака, казы-карта*.

Кошмок сөздөр төмөндөгүдөй жазылат:

**1. Географиялык аттарда ар бир сөз баш тамга менен жазылып,** ортосуна дефис (-) коюлат.

**Мисалы:** Чоң-Сары-Булак, Кетмен-Төбө ж.б.

**2. Энчиленбей жалпы айтылса, ар бири кичине тамга менен айрым жазылат.**

**Мисалы:** темир жол, таш жол, мал чарба, калай кашык, бел боо ж.б.

**144-көнүгүү.** Кошмок сөздөрдү таап, дептериңерге көчүргүлө.

1. Тоодогу малчыларга келген көчмө дүкөн кээде Сан-Баштык токойчуларына кайрылып калар эле. 2. Көккө чокусу жетип турган улуу тоону Теңир-Тоо деп атап, анын күмүштөнгөн чокусун Хан-Теңир деп улук көргөн. 3. Ошол жакта адыры жок, боз талаанын ортосунда Сулайман-Тоо деген ыйык тоо бар экен. 4. Мен силерди ак кардуу алкак Ала-Тоосу бар, күмүштөй Теңир-Тоосу бар, боордо токой чери бар, ортосунда Ысык-Көлү бар жерге алпарам.

**145-көнүгүү.** Кошмок сөздөрдү катыштырып, **«Биздин жер»** деген темада чакан аңгеме жазгыла.

Аңгемени жазуудагы негизги суроолор:

1. Силердин жериңердин (кыштак же шаарыңардын) аты эмне?
2. Жериңерде кандай чоң өзөн, жайлоолор, тоолор бар?
3. Силерге чектеш кайсы айылдар бар?
4. Районуңар кандай деп аталат?
5. Силерде эмгектин алдыңкылары барбы?

**146-көнүгүү.** Кошмок сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Темир жол, таш бака, Жалал-Абад, аяк кап, айыл чарба, өнөр жай, бака жалбырак, ден соолук.

**147-көнүгүү.** Кошмок сөздөрдү тапкыла.

Биздин жерде бүркүт, кузгун, балта жутар, көк жору, ак чардак, көк кытан, эчки маарак сыяктуу канаттуулар бар. Жылкычы чымчык, кара чыйырчык, сасык үпүп, борбаш сыяктуу канаттуулар келип-кетип турушат. Токойлордон ат кулак, бака жалбырак, сүт тикен, ит мурун сыяктуу өсүмдүктөр кезигет. Биздин жерде козу карын да көп болот.

**148-көнүгүү.** Төмөнкү сүрөткө карап сүйлөмдөр түзгүлө. Окуучуларга ат койгула. Сүйлөмдөрдө кош жана кошмок сөздөр катышсын.



**149-көнүгүү.** Ырды көчүрүп, кош, кошмок сөздөрдүн астын сызгыла.

Шыбыр-шыбыр тал-теректер шыбырап,
Баш ийкешип бир-бирине кыбырап,
Көпкөк түтүн кемегеден созулуп,
Бажыр-бужур, кобур-күбүр угулат.

**150-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыккыла. Татаал сөздөрдү таап, эмнени билдирип турганын айтып бергиле.

Биздин класстын окуучулары бүгүн тигүү фабрикасына экскурсияга барышты. Экскурсияга класс жетекчи алып барды. Гүлайым, Азиза, Асан алды жакта бара жатышты. Тигүү фабрикасынын башкы инженери бизге кыскача түшүнүк берди. Андан кийин фабриканын аралыгын көрсөттү.

Окуучулар быякка да, тыякка да таң калып карап жатышты. Тигүү фабрикасынын тигүүчүлөрү быйылкы жылы өндүрүштүк пландарын аткарышты.

**151-көнүгүү.** Татаал сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө.

Бүгүн бала Кароол-Дөбөгө дүрбүсү менен кошо китеп кабын ала келди. Бала дүрбүнү көзүнө тууралап жатканды жакшы көрөт. Алыстагы бир чокуга туштаса, обол мунарыктап, анан бара-бара дааналанат. Даана элести кокус бузуп албайын деп коркуп, бала дем албай карап жатат да, анан башка бир чокуга көчүп, башынан баштайт.

Баарыдан да балага жанаша ушул дөбөдөн кеңирсиген Ысык-Көлдүн күңгөй-тескей тарабы бүт көрүнгөнү. Тескейине дүрбү салса, тээ алыстан мунарып төрдөн сүткө жуугандай аппак болуп,

күнгө чагылышып, жылтылдап, Теңир-Тоонун көк мелжиген улуу чокусу Хан-Теңир заңкаят. Аны көргөндө бала таятасынын кээде кыңылдап калчу ырын эстейт.

«Ала-Тоо менин Теңир-Тоом,
Элиме сенин, сеңир тоом!»

*Чыңгыз Айтматов*

## КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

**Бир нече толук маанилүү сөздөрдүн кыскартылган түрүн кыскартылган сөздөр дейбиз.** Сөздөр төмөнкүдөй кыскартылат:

1. **Башкы тамгалары калтырылып, калгандары бүт бойдон кыскартылат.**

**ТТЗ** — Ташкент трактор заводу.

**ТашМУ** — Ташкент мамлекеттик университети.

2. **Башкы бөлүктөрү калтырылып, калгандары кыскартылат:**

**Педфак** — педагогикалык факультет.

**Завком** — заводдук комитет.

3. **Башкы сөздүн бир нече тыбыш (мууну) кыскартылып, андан кийинки сөз толук берилет: techинститут** — педагогикалык институт, **агитпункт**-агитациялык пункт.

4. **Башкы сөз толук берилет да, андан кийинки сөздөр кыскартылат.**

**«O‘zbekiston» БПЧҮ** — «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.

**152-көнүгүү.** Сызыкчанын эки жагындагы сөздөрдү карап, алар кандайча кыскартылганын аныктагыла.

ТАЖТ — Ташкент автожол техникуму.
ТашМИ — Ташкент медицина институту.
ИА — Илимдер академиясы.

**153-көнүгүү.** Кыскартылган сөздөрдүн толук формасын дептериңерге жазып чыккыла.

1. БУУ — ...
2. ЖОЖ — ...
3. ЖК — ...
4. КМШ — ...
5. АКШ — ...
6. ГЭС — ...

## КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

1. Башкы тамгалары калтырылып, калгандары бүт бойдон кыскартылган сөздөрдүн ар бир тамгасы баш тамга менен бирге жазылат: **БКГ, КЖК, БПУ** ж.б. Мындай сөздөр тамгалардын аталышы боюнча окулат. Мүчө уланганда, тамгалардын аталышына карай ылайыкталып (ээрчип), бирге жазылат.

2. Башкы муундары же бир нече башкы тыбыштары калтырылып кыскартылган сөздөр энчилүү ат катары колдонулса, башкы тыбыш баш тамга менен жазылат: **Өзмамбас.** Ал эми жалпы ат катары колдонулса, кичине тамга менен жазылат: **мединститут, облаким.**

3. Башкы тамгалары сакталып, калгандары бүт бойдон кыскартылган адам аттары (өз аты, атасынын аты, фамилиясы) баш тамга менен жазылып, чекит коюлат.

Мисалы: А.Т. Аалы Токомбаев, Т.С. Түгөлбай Сыдыкбеков ж.б.

**154-көнүгүү.** Окугула. Кыскартылган сөздөрдү таап, дептериңерге көчүргүлө жана кандайча жазылышына көңүл бургула.

1. ӨзУУ Өзбекстан Республикасына көптөгөн кадрларды даярдап чыгарды. 2. Күрп-Сай ГЭСинин курулушун мөөнөтүнөн мурда аяктоого мүмкүндүк түзүлдү. 3. Коргонтөбө райакимчилиги элдин турмушу жөнүндө дайыма кам көрүүдө. 4. Биздин өлкөдө РФдин элчилиги бар. 5. Менин эжем филфактын үчүнчү курсунда окуйт. 6. ЭДП — демократиялык өзгөрүштөрдүн демилгечиси.

**155-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кыскартылган сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө. Анан анын тушуна толук формасын жазып, кандай жазыларын айтып бергиле.

1. Өзбекстан Мамлекеттик Академиялык драмтеатры элге кеңири таанымал. 2. Машинаны МАИ кызматкерлери токтотту. 3. Райкеңеш отчёт берди. 4. М. Сулайманов — ӨзАнин кабарчысы болуп иштейт.

**156-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү кыскартып жазгыла.

1. Областтык сот. 2. Райондук кеңеш.

**157-көнүгүү.** Окугула. Кыскартылган сөздөрдү дептериңерге жазгыла.

Өзбекстан Республикасында жаңыдан ТПУ уюшулду. Бул окуу жайы биздин Республика үчүн инженер кадрларды даярдап чыгарат. Элдин турмушу жөнүндө кам көрүү — профсоюздун милдети.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Жөнөкөй сөздөр менен татаал сөздөрдүн айырмасы эмнеде?

2. Кош сөздөр менен кошмок сөздөрдүн айырмасын айтып бергиле?

3. Кыскартылган сөз деп кандай сөздөрдү айтабыз? Ар бирине мисал келтирип, эрежесин айтып бергиле.

4. Кыскартылган сөздөрдүн жазылышын айтып бергиле. Мисал келтиргиле.

# III ЧЕЙРЕК

## 6-§. ЗАТ АТООЧ

**158-көнүгүү.** Учкул сөздөрдү окуп, маанисине көңүл бургула. Заттын атын билдирген сөздөрдү (кара тамга менен басылган) дептериңерге жазып, тушуна суроолорун койгула.

1. **Күч** менен акыл келишсе — ийгилик, **эмгек** менен **эрк** жарашса — жеңиш. 2. **Акылсызга** жеткиче, сөз төркүнү үзүлөт. 3. Жалкоолук чектен ашса, айыккыс **дарт**. 4. **Карылык** коркунуч эмес, **өлүм** коркунуч. 5. **Эмгекчилдин** аты калат, **эселектин** даты калат.

**159-көнүгүү.** Окугула. Көп чекиттин ордуна зат атоочторду коюп, сүйлөм түзгүлө.

... бүркөлдү, ... каптады, ... сүздү, ... чуркады. ... мөөрөдү ... ачык ... угулду. ... чыкты. ... жуушады. ... түштү. ... чыгарылды. ... акты.

**160-көнүгүү.** **Ким? кимиси? эмне? эмнеси?** деген суроолорго жооп берген бир нече зат атооч сөздөрдү ойлоп жазгыла.

**161-көнүгүү.** Заттардын аттарын төмөнкү тартипте жазып чыккыла.

1. Адамдар: ...
2. Үй айбандары: ...
3. Мебелдер: ...
4. Үй буюмдары: ...

**162-көнүгүү.** Текстти окуп чыгып, үй буюмдарынын атын билдирген сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө.

Бүгүн дем алыштын алдыңкы күнү болгондуктан, эки күнгө он төрт бала өзүбүздүн машина менен лагерге кеттик.

Куралдарыбыз: араа, кычкач, балка, мык, щёткалар.

Материалдарыбыз: такта, фанера, толь, картон кагазы, жыгач, желим, бышкан кирпич, боёк жана акиташ.

Жетекчибиз: Өмүрзак агай, максатыбыз — дагы он күндөн кийин ачыла турган лагерди кезектеги ремонттон чыгаруу. Ишти бүткөрүү мөөнөтү — эки күн.

Биздин лагерь атактуу Пача-Атанын жайында, Өзбекстандын «Альпинист» деген лагеринин төмөн жагында. Арчалардын арасында, шар аккан көк кашка суунун боюнда. Жери кооз, абасы салкын.

## АЯГЫ ҮНДҮҮ, ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР МЕНЕН БҮТКӨН ЗАТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

1. Аягы үндүү менен бүткөн зат атоочтордун жөндөлүшү:

**Зат атоочтордун аягы үндүү тыбыш менен бүтсө, ага жалгануучу жөндөмө мүчөлөр жумшак үнсүздөрдөн башталат.**

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | эмне? | талаа | тоо |
| Илик | эмненин? | талаанын | тоонун |
| Барыш | эмнеге? | талаага | тоого |
| Табыш | эмнени? | талааны | тоону |
| Жатыш | эмнеде? | талаада | тоодо |
| Чыгыш | эмнеден? | талаадан | тоодон |

2. Аягы жумшак үнсүз менен бүткөн зат атоочтордун жөндөлүшү:

**Зат атоочтордун аягы жумшак үнсүздөр менен бүтсө, ага жалгануучу жөндөмө мүчөлөр да жумшак үнсүздөрдөн башталат.**

Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Атооч | эмне? | тал | нан |
| Илик | эмненин? | талдын | нандын |
| Барыш | эмнеге? | талга | нанга |
| Табыш | эмнени? | талды | нанды |
| Жатыш | эмнеде? | талда | нанда |
| Чыгыш | эмнеден? | талдан | нандан |

3. Аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтордун жөндөлүшү:

**Эгерде зат атоочтордун аягы каткалаң үнсүздөр менен бүтсө, ага жалгануучу жөндөмө мүчөлөр каткалаң үнсүздөрдөн башталат.**

Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| Атооч | эмне? | иш |
| Илик | эмненин? | иштин |
| Барыш | эмнеге? | ишке |
| Табыш | эмнени? | ишти |
| Жатыш | эмнеде? | иште |
| Чыгыш | эмнеден? | иштен |

**163-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдү өзүңөр жөндөгүлө.

Дыйкан, бакча, кыштак, сүзмө, жер, ниет, китеп, жол.

**164-көнүгүү.** Ырды көчүргүлө, жөндөмөдө турган сөздөрдүн астын сызгыла.

Күкүк үндөйт көктөмдө.
Торгой сайрайт көктөрдө.
Кийик жыргайт зоолордо,
Ар бир түрдүү сонун чөп,
Ыргалып турган жондордо.

*Тоголок Молдо*

**165-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, чыгыш жөндөмөдө турган сөздөрдүн астын сызгыла. Суроолор койгула.

1. Адылбек ар бир сабактан жакшы деген баа алып жатат. 2. Сайрадан телеграмма келди. 3. Султан Хивадан Алматыга экскурсияга кетти. 4. Окуучу Бейшен ардагерлерге газетадан, журналдардан жаңы кабарларды үзбөй окуп берип турат. 5. Мен үйдөн окуу куралдарын (китеп, дептер ж.б.) алып келдим. 6. Акылдуудан акыл сура.

**166-көнүгүү.** Илик, барыш, табыш, чыгыш жөндөмөнүн мүчөсүн көп чекиттин ордуна коюп, ошол сөздөрдү көчүргүлө.

1. Булбул... артык сайраган куш жок. 2. Бизде Асан... ырчы бала жок. 3. Ташкент... Бишкекке келдик. 4. Экскурсия... келдик. 5. Цирк... түрдүү айбандарды көрдүк. 6. Агам Бухара... кат жазыптыр. 7. Китеп... сүйгүлө, окугула жана жыртпагыла. 8. Балдар талаадан гүлдөр..., жалбырактар... жыйнашты. 9. Жазында алма гүлдөдү. Алма гүлү кандай кооз. Алмага аарылар учуп келе баштады. Алар алма... гүлүнө конушту. Балдар алма... барышып, гүлдөрүнө кызыгышчу. Алар бакчы менен бирдикте алма гүлүн зыянкечтерден сакташчу. Ошентип, күзүндө алма... түшүмүнөн көп алышты.

**167-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, көп чекиттин ордуна **кой** деген сөздү суроолоруна карай тиешелүү жөндөмөгө койгула. Суроо жана кашааны алып таштагыла.

Тоолордо (эмне?) ... көп. Быйыл (эмненин?) ... төлү жакшы. Малчылар (эмнеге?) ... жакшы көз салды. Чабандар (эмнени?) ... мыкты семиртти. Быйыл (эмнеде?) ... оору жок. Чарбачылыгыбызга (эмнеден?) ... келер пайда чоң.

**168-көнүгүү.** Ырды окуп, зат атоочтор кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.

ЛАГЕРДЕ

Көл бою толкун, жел беттен сылап,
Орнотуп ак чатырды кылдык турак.

Топ болуп, тунук көлдө калкып жүргөн,
Алыстан каз, өрдөктүн үнү угулат.

Калкыган нурун төгүп жайдын күнү,
Кулпунган сулуу келбет жердин түрү.
Эс алып, кумга оонап, көлгө чумуп,
Шаңданган өспүрүмдөр — турмуш гүлү.

Турмушту өткөрөбүз жыргал менен,
Үйрөнүп, өнөр билим дагы терең,
Инженер, учкуч, акын жана сакчы.
Чыкмакчы келечекте бизден нечен.

*Жоомарт Бөкөнбаев*

**169-көнүгүү.** Тамсилди окуп, кара тамга менен басылган зат атоочторду дептериңерге көчүргүлө. Тушуна суроолорун койгула.

ЭКИ ЧЫЧКАН

Бир чычкан **коңшусуна** чуркап келип,
Сүйлөдү: — «Уктуңбу?» — деп, сонун кабар.
— **Арстанга** мышык туткун болду дешет,
**Чычканга** кезек келди демин алар».
— Кубанба, кур **кабарга,** чырагым», — деп,
Сүйлөдү берки чычкан убайым жеп,
— «**Мышыктан** күчтүү **жанды** көргөнүм жок,
Эмдиге жоготкондур **арстанды** жеп».
Коркоктор бирдемеден чочуп калса,
Элдин баарын ошондон коркот дешет.

*Иван Крылов*

**170-көнүгүү.** Ырды окуп, кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүргүлө. Аягы кандай тыбыш менен бүткөнүн, мүчөнүн башы кандай тыбыштан башталганын айтып бергиле.

Аягы Талас, башы Чүй,
Айтып жүргөн кең экен.
**Ала-Тоонун** эң башы,
Каркыра келген жер экен.

Чок кармап, **окту** токтотуп,
Чолпонбай чыкты **Таластан.**
Ташмамат менен **Дайырды,**
**Тарыхка** жазып катташкан.
Шопок уулу **Дүйшөнкул,**
**Кыргыздан** чыккан бала арстан.

*Алымкул Үсөнбаев*

**171-көнүгүү.** Төмөнкү суроолорду жана жоопторду окуп чыккыла. Жооптордо кайсы жөндөмөдө турган сөздөр бар. Айтып бергиле.

Суроолор:

— Эмненин ичи таза?
— Кимдин калеми көп?
— Көчөдө турган кимдин эжеси?

Жооптор:

— Класстын ичи таза.
— Касымдын калеми көп.
— Алыймандын эжеси.

**172-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө, көп чекиттердин ордуна илик жөндөмөнүн мүчөсүн жалгагыла. Ал сөздөрдүн аягы кандай тыбыш менен бүтүп жатат?

1. Биздин өлкөдө мурда завод..., фабрика..., жер... жеке ээси болгон эмес. 2. Ал эл... өзүнө тиешелүү болчу. 3. Эл... турмушу күндөн-күнгө жакшырды. 4. Фергана... көчөлөрү түз жана кең. 5. Биз мектеп... багында элек. 6. Окуучулар ата-энелерине картошка..., жүгөрүнүн чөбүн отоого жардам беришти.

**173-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Кашаанын ичиндеги сөздөргө илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн жалгагыла. Ал сөздөрдүн аягы кандай үнсүз, ага жалганган мүчөлөрдүн кандай үнсүздөрдөн башталып жатканын айтып бергиле.

1. Апам (үй) ичин жыйнады. 2. Биздин (мектеп) терезелери бийик. 3. Шаар менен (айыл) ортосу — 10 километр. 4. (Талаа) жанында кырман бар. 5. (Чимган) жаратылышы кооз. 6. (Тоо) суусу тунук. 7. (Урумкан эне) жашы улуу.

**174-көнүгүү.** Кашаанын ичиндеги сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдү улап көчүргүлө. Уңгу сөздүн аягы кандай тыбыш менен бүткөнүн, кандайча жөндөлөрүн айтып бергиле.

1. Өзбекстан (жер, кен, суу) бай. 2. (Калый, Касым) жакшы окугандыгы үчүн директор тарабынан сыйлыктар берилди. 3. Окуучулар (окуу) өтө көңүл коюп, сабакты терең өздөштүрүп жатышат. 4. Балдар, (билим) талыкпай умтулгула. 5. Эжем (шаар) кетти. 6. Үмүт (үй, кой, жылкы) жайытка чыгарды. 7. (Китеп) кызык окуя жазылыптыр. 8. Өрдөк (көл) сүйөт, кургак бака (чөл) сүйөт. 9. Кызылчачылар (талаа) иштешет. 10. (Чарба) мал көп.

## АЯГЫ Б, В, Г, Д ТЫБЫШТАРЫ МЕНЕН БҮТКӨН ЗАТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Аягы **б, в, г, д** тыбыштары менен бүткөн зат атоочтор жөндөлгөндө, **п, ф, к, т** болуп угулат. Бирок аларды угулушунча жазбай, **б, в, г, д** тыбыштарын жазабыз. Ошондуктан мүчөлөрдүн башкы тыбыштары да жумшак үнсүздөрдөн болот. Мисалы:

| **айтылышы** | **жазылышы** |
| --- | --- |
| Волгогратка | Волгоградга |
| герпке | гербге |
| педагокко | педагогго |
| Киефке | Киевге |

**175-көнүгүү.** Сөздөрдү жөндөгүлө. Айтылышы менен жазылышына көңүл бөлгүлө.

Аэроклуб, Айылчиев, доклад, митинг.

**176-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, уңгу жана мүчөсүн тик сызык менен ажыраткыла. Айтылышы менен жазылышына көңүл бургула.

1. Адам фактору **адамдардын** эмгектик жана коомдук активдүүлүгүн кескин жогорулатты. 2. **Докладда** көп маселелер козголду. 3. А. Осмонов менен Ж. Садыков **өлб-өс-өчпөс** поэмаларды жазышты. 4. **Сабакта** конкреттүү иллюстрациялык материалдар, диапозитивдер, сүрөттөр жана плакаттар колдонулат. 5. Киев шаарында болуп өткөн кинофестивалга Өзбекстандан бир нече актёр жана режиссёрлор катышты. 6. Маанилүү тапшырма менен **Бекабадга** жөнөп кеттим.

**177-көнүгүү.** Төмөнкү зат атооч сөздөрдү окугула. Ал сөздөрдүн аягы кандай үнсүздөр менен бүткөн. Оозеки айтканда кандай угулат экен, жазганда кандай болуп жазылат экен, байкоо жүргүзгүлө.

| **айтылышы** | **жазылышы** |
|---|---|
| завотко | заводго |
| педагокко | педагогго |
| геолокко | геологго |
| клупка | клубка |

**178-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кара тамга менен басылган сөздүн айтылышы менен жазылышына көңүл бургула.

1. Э-ээй, устам, Атай айткан менен **активдериң** ишенип жатабы? 2. Металлдарды билгич **геологдор** жерден издеп табышат. 3. **Заводго** эң мыкты ишчилерди кабыл алышат.

## ЗАТ АТООЧТУН ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР АРКЫЛУУ ӨЗГӨРҮШҮ

Зат атоочтор таандык мүчөлөр аркылуу үч жак менен өзгөрөт. Зат атоочтун таандык мүчөлөрү **-ым, -ың, -ы, -сы, -ыңыз, -ыбыз, -иңер**. Бул мүчөлөр затты 3 жактын бирине таандык кылып көрсөтөт.

| | Жекелик санда | Көптүк санда |
|---|---|---|
| I жак | **-ым, -м** | **-ыбыз, -быз** |
| II жак | **-ың** | **-ыңар, -ңар** |
| III жак | **-ы (-сы)** | **-ы** |

Мисалы: 1. Менин китеб + им, карандаш + ым. 2. Сенин китеб + иң, карандаш + ың. 3. Анын китеб + и, карандаш + ы.

**179-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн таандык мүчөлөр менен өзгөрүп турган зат атоочторду тапкыла.

1. Жаштын жаркын тилеги, учкул кыял-чабыты кандай таттуу. 2. Акылдуунун сөзү бир, акмактын сөзү кир. 3. Бу сенин ата-тегиңди го билебиз. 4. Мугалимдин бүткүл сыймыгы — окуучуда, өзү сепкен үрөндүн өсүшүндө *(Д.И. Менделеев)*. 5. Иштеген ишиң ак болсо, сүйлөгөн сөзүң так болот. 6. Адамдын көркү акылда, көңүлдүн көркү жакында. 7. Таш короонун ичинде элпек кызыл этим бар, сөздөрүмдү бирөөгө таптак кылып сүйлөйт ал *(Тил)*. 8. Окуу куралдарың бүтүн жана таза болсун.

**180-көнүгүү.** Ырларды окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, кайсы жакка таандык экенин айтып бергиле.

АКТООГО АТА
СӨЗҮН

Адамдын жашоодогу **ордун, ишин,**
Асыл ой, айкөл мүнөз, бардык **күчүн.**
Сүрөттөп таксам деймин ырларыма,
Актоого ата **сөзүн,** эне **сүтүн.**

СУУ

Шаркырап **суум** агасың,
Шашып кайда барасың?
Токтолбостон мөлтүлдөп,
Каптайсың пахта **талаасын.**

Шылдырап агып шыңкылдап,
Бүткөн **боюң** кылтылдап.
Суналып туруп агасың,
Берметтей болуп жылтылдап.

**181-көнүгүү.** Ырды окугула. Таандык мүчөлөр улан-ган зат атоочторду дептериңерге көчүргүлө. Алардын кайсы жакка таандык экендигин оозеки ажыраткыла.

БӨБӨГҮМӨ

Маңдайымда күйүп турган чырагым,
Моокум канар мөңгү суудай булагым.
Өсө бергин жаш бөбөгүм жетилип,
Өмүрүңө миң бир кулдук кыламын.

Күнү-түнү айланармын алармын,
Көкүлүңө сонун гүлдөр тагармын.
Бак-таалайдын бир очогу мектепке,
Биринчи ирет өзүм алып барармын.

Балапандай бапестедим сүрөдүм,
Бат чоңоюп жетилсе деп тиледим.
Кабыл болду ошол күткөн тилегим,
Кубанчыңа толкундады жүрөгүм.

## АЯГЫ -СК, -КТ, -ФТЬ, -НГ, -НК, -НД МЕНЕН БҮТКӨН ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨРДҮН ЖӨНДӨЛҮШҮ

**Аягы -ск, -кт, -фть, -нг, -нд, -нк менен бүткөн сөздөр жөндөлгөндө, уңгу менен мүчөнүн ортосуна бир үндүү тыбыш кошу-луп жазылат.** Мисалы: *Томск-и-ге, акт-ы-нын, фонд-у-да ж.б.*

**182-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн жөндөлүшүнө көңүл бөлгүлө. Уңгу менен мүчөнү тик сызык менен ажыраткыла.

А. Эмне? Новосибирск, нефть, акт.
И. Эмненин? Новосибирскинин, нефтинин, актынын.
Б. Эмнеге? Новосибирскиге, нефтиге, актыга.
Т. Эмнени? Новосибирскини, нефтини, актыны.
Ж. Эмнеде? Новосибирскиде, нефтиде, актыда.
Ч. Эмнеден? Новосибирскиден, нефтиден, актыдан.

**183-көнүгүү.** Сөздөрдү жөндөгүлө. Уңгу менен мүчөнүн ортосуна кайсы үндүү тыбыш кошулуп айтылды? Айтып бергиле.

Минск, митинг, факт, банк, фонд.

**184-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Кара тамга менен басылган сөздөрдүн уңгу жана мүчөсүн ажыраткыла. Кайсы үндүү тыбыш кошулуп айтылды?

1. **Томскиде** А. М. Горький атындагы педагогикалык институт бар. 2. **Красноярск** шаарында лицейлер жана мектептер көп. 3. Сибирдеги **Шушинскиге** көптөгөн адамдар барып жатышат. 4. Токтогул ошол **митингде** эл алдына чыгып, аябай узакка ырдаган. 5. Азыр «Асел» балети Ригада, **Донецкиде** жана өлкөбүздүн башка көп шаарларында коюлуп жатат. 6. Алымов танканы мыкты айдайт. 7. Алымбек Архангельскини көздөй сызат. 8. Ал **Новосибирскидеги** мамлекеттик университетте окуйт. 9. В. Д. Бубенин **Хабаровскидеги** №2 өндүрүштүк-техникалык окуу жайында окуган. 10. Бир миң тогуз жүз кырк биринчи жылдарда **Ново-Троицкиде**, Токмокто,

**Беловодскиде** кант заводдору курулуп, ишке киргизилген.

## ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ ЗАТ АТООЧТОР

**Жөнөкөй зат атоочтор бир сөздөн, татаал зат атоочтор эки же андан көп сөздөн турат.**

Мисалы: *мектеп, пальто, төшөк* — жөнөкөй зат атоочтор; *асфальт жол, Жалал-Абад, айыл-чарба* — татаал зат атооч. **Татаал зат атоочтор жөндөлгөндө жөндөмө мүчөлөр аяккы сөзгө жалганат.** Мисалы: *Чоң-Сары-Булакты, Чоң-Сары-Булакта, Чоң-Сары-Булактан*.

**Зат атоочтор түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт**

| Жөнөкөй зат атоочтор | Татаал зат атоочтор |
|---|---|
| жол | темир жол |
| бака | таш бака |
| чарба | мал чарба |
| көл | Айдар көл |
| дөбө | Кош-Дөбө |
| суу | Ат-Башы суусу |
| өрүк | кара өрүк |

## Жөнөкөй жана татаал зат атоочтордун жөндөлүшү

| Жөнөкөй зат | Татаал зат |
|---|---|
| А. Эмне? арча, тал, өрүк | А. Эмне? темир жол, Сары-Ала-Саз |
| И. Эмненин? арчанын, талдын, өрүктүн | И. Эмненин? темир жолдун, Сары-Ала-Саздын |
| Б. Эмнеге? арчага, талга, өрүккө | Б. Эмнеге? темир жолго, Сары-Ала-Сазга |
| Т. Эмнени? арчаны, талды, өрүктү | Т. Эмнени? темир жолду, Сары-Ала-Сазды |
| Ж. Эмнеде? талда, арчада, өрүктө | Ж.Эмнеде? темир жолдо, Сары-Ала-Сазда |
| Ч. Эмнеден? арчадан, талдан, өрүктөн | Ч. Эмнеден? темир жолдон, Сары-Ала-Саздан |

**185-көнүгүү.** Кашаанын ичиндеги сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдү улап көчүргүлө.

1. Биздин өлкөбүз (жер, кен, суу) бай. 2. Окуучулар (экскурсия) барып келишти. 3. Балдар (билим) талыкпай умтулгула! 4. Асан (шаар) келди. 5. Аскар (уй, кой, жылкы) жайытка чыгарды. 6. Өрдөк (көл) учуп келди. 7. Ашыр (Сейит) китеп алып келиптир. (Китеп) кызык аңгеме бар экен. 8. Чычкан (мышык) аябай коркот. 9. Кубат (китеп) көзүн албай окуп жатат.

**186-көнүгүү.** Окуп чыгып, жөнөкөй жана татаал зат атоочторду ажыраткыла. Алардын кайсы жөндөмөдө тургарын айтып бергиле.

1. Силер терең билим, жакшы тарбия алгыла. 2. Силер да тарбиячы болосуңар. 3. Силерди

эли-жериңер, ата-энеңер, курбу-курдаштарыңар күтүп турат. 4. Аларды жогорку билимиңер, жакшынакай жүрүш-турушуңар, терең акыл-эсиңер менен кубанткыла. 5. Акыл-айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет. 6. Билимди элден изде, алтынды жерден изде. 7. Жаркыраган сулуу ай да өзүнүн мээримдүү, муңайым түнкү жарыгын ойготоого, жер-суугa жиберди.

**187-көнүгүү.** Төмөнкү татаал зат атоочторду жөндөгүлө.

Орто Азия, бака жалбырак, төө куш, Алма-Ата, Ыраакы Чыгыш.

**188-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Татаал зат атоочторду тапкыла, кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

1. Мен эл-журтумду, тууган-уругумду табам. 2. «Мөмө тоюна» ата-энелер, ага-туугандар, окуучулар катышышты. 3. Айыл чарбасында көп жетишкендиктер болуп жатат. 4. Азыркы жаштар өнөр жайлардын өнүгүшүнө чоң салым кошуп жатышат. 5. Эр жигит ар-намыска бек турат. 6. Күч-кубатыңарды элден аябагыла. 7. Биз ошол кооз жерлерде ак кууну көрдүк. 8. Калима, сен алган кол каптан мен да алдым. 9. Сен жети атаңды билесиңби? 10. Апам бүгүн сонун беш бармак жасады. 11. Биз геометрия сабагында үч бурчтуктун аянтын эсептедик. 12. Темир жолдо зымырап поезд келе жатат.

**189-көнүгүү.** Жаңылмачты окугула. Жөндөмө мүчө уланып турган зат атоочторду тапкыла, кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Апам алмадан үчтү үздү,
Алмуруттан үчтү үздү.
Жетпегендерин күбүсө,
Жерге баары түз түштү.

Эл тегирменге келди,
Эртең менен.
Энтеңдегенде эмне деп,
Элге тең мен келдим.

Баштаса эле,
Кашка кой баштасын.
Айланып өтөт,
Адырдын аз ташын.
Кайтарбасаң да болот,
Кашка койдон башкасын.

## МААНИСИ ЖАГЫНАН БИРИ-БИРИНЕ ЖАКЫН (СИНОНИМ) ЖАНА КАРАМА-КАРШЫ (АНТОНИМ) ЗАТ АТООЧТОР

**190-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Мааниси жагынан бири-бирине жакын (синоним) сөздөрдү тапкыла.

1. Тыңша, аалам, тыңша, Шанхай, тыңша Париж, кулак сал! *(Ж.Т.)* 2. Ушул туунун шооласынан өркүндөп, бүт дүйнөгө өчпөс эркин таң атты.

*(Ж.Т.)* 3. Ук, жер жүзү. 4. Таржымалын айтып бүткүчө, далай убакыт өттү. 5. Өз агасын агалай албаган киши агасын сагалайт. *(Мак.)* 6. Мектеп курушка Аскер байкең барат. 7. Жатындаш акем боорум деп, жакшы азат менен көмбөйбү? *(Фолькл.)* 8. Мендирман абам! —деди да, бала тышка чуркады *(К.Ж.)* 9. Турмушунун ачкычы адамдын өз колунда турат. *(Т.С.)* 10. Киши жамандыгы кирип-чыкканча билинет, өз жамандыгы өлгөнчө билинбейт. *(Манас)*.

**191-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн тушуна антоним (карама-каршы маанидеги) сөздөрдү таап жазгыла.

Ысык — ..., ак — ..., жакшы — ..., чоң — ..., кайгы — ... .

**192-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөн мааниси жагынан бир-бирине жакын жана карама-каршы сөздөрдү тапкыла.

1. «Эсен-аман эркин ойноп өссө» — деп,
   Элде тилек сендей нечен балага.

2. Демек, сыртка тамак-аш, карагай жеткирүүгө аттар керек.

3. Ук, жер жүзү, бүгүн турмуш жаңырган! Ук, дүйнө, Чүй боорундай жерим бар. *(Ж.Т.)*

4. Айтор, эртеби-кечпи, ал угат да, Толгонай. Элдин арасында оозу бош бирөө-жарым жок дейсиңби? *(Ч.А.)*

5. Эл-журт жыргап турган кезинде, пай-пай-пай, бул катуу каргаша болду го? *(Т.С.)*

6. Мүнөзүңдөн, кылык-жоругуңдан айланайын, балам! *(Ч.А.)*

7. Ата-энеси, ага-тууганы мал баккандар жайлоого чыгышты.

8. «Кулболду карыя, сиз ушул бээлерди кыштан аман-эсен чыгарсаңыз, борборго барасыз», — деди. *(К.Б.)*

**193-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрду дептериңерге көчүргүлө. Алардын маанилерине көңүл бөлгүлө.

1. Адамды семирткен — көңүлү, айбанды семирткен — **жем чөбү.**
2. Эстүү тентек эрте токтолот, урган тентек **учуп-күйүп** жок болот.
3. **Ой-санаасы** чоң киши — ошол акыр чоң киши.
4. Бир иште алтоо — **бири-бирине** жолтоо.
5. **Ата-эне** ынак — бала көөнү куунак.
6. Туйлап аккан тунук булактар, жайкалган көк шибер, миң түркүн гүлдөр, сайраган куштар акындын бир канча жылкы **кайгы-черин** жазды. *(Ж.Б.)*
7. Кыяйын дейм — мазардан корком, кыйбайын дейм — азардан **(кеп-сөздөн)** корком.
8. Ал — **алык-салык** жыйноонун өзүнчө эле бир формасы.
9. **Алдым-жуттум,** жалганчы кишини эл жаман көрөт.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Зат атооч эмнени билдирет?
2. Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор жөнүндө эмне билесиңер? Аягы үндүү, жумшак жана каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атоочтор кандай жөндөлөт?
4. Зат атоочтор таандык мүчөлөр аркылуу үч жак боюнча кандайча өзгөрөт?
5. Аягы **-ск, -фть, -кт, -нд, -нг, -нк** менен бүткөн зат атоочтор кандай жөндөлөт?

6. Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор кандайча жөндөлөт?

7. Мааниси жагынан бири-бирине жакын жана карама-каршы айтылган зат атоочторго мисал келтиргиле.



## 7-§. СЫН АТООЧ

**Заттардын өңү-түсүн, даамын, формасын, сапатын көрсөтүп, кандай? деген суроого жооп берип турган сөздөрдү сын атооч дейбиз.**

| Заттын өңү-түсүн билдирет | Заттын даамын билдирет | Заттын формасын билдирет | Заттын көлөм, ченемин билдирет | Заттын сыпатын билдирет |
|---|---|---|---|---|
| ак жоолук, кызыл жоолук, кара чач, жашыл көйнөк | ачуу дары, таттуу нан, кыйгыл алма, кычкыл, жарма | тоголок топ, жумуру билерик, сүйрү коон, кырдач мурун | бийик тоо, чоң топ, кичине тарелка, зор килем, чарчы жүз аарчы | асыл таш, жакшы киши, кызык китеп |

**194-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Сын атоочторду таап, заттын эмнесин көрсөтүп турганын айтып бергиле.

1. Жээрде атына минип алып, ал суруга кеткен. *(Т.С.)* 2. Көйнөгү жашыл тубар. *(К.Ж.)* 3. Сүйкүмсүз түктүйгөн сары киши. *(М.Э.)* 4. Кызыл алмалар көздү күйдүрөт. *(Т.С.)* 5. Май деген таттуу тамак. *(Т.С.)* 6. Шипширин сенин сөзүң бал татыган. *(Ж.Б.)* 7. Кымыз ичпес Элеман кый-

гыл сууга зар болуп. (Диалект.) 8. Кырдач мурун кыз жылмая сүйлөдү. 9. Тоголок топ — Айшаныкы. 10. Эки жагы кууш. *(К.Б.)* 11. Агасы Табылды тамаша сүйгөн шайыр жигит го. *(Т.С.)* 12. Жакшы кишинин өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. *(Макал.)* 13. Орозакун кырс киши.

**195-көнүгүү.** Берилген мисалдардын (сөздөрдүн) айрымдарын пайдаланып, өзүңөрчө сүйлөмдөр түзгүлө.

**Өңдү көрсөтүүчү сын атоочтор:** кызыл, ак, кара, сары, жашыл ж.б.

**Даамды билдирүүчү сын атоочтор:** кыйгыл, кычкыл, супсак, ачуу, таттуу ж.б.

**Форманы билдирүүчү сын атоочтор:** жумуру, томолок, ийри, жалпак, кайкы, бүкүр, майда, толук, ийрек ж.б.

**Ченемди, көлөмдү билдирүүчү сын атоочтор:** кең, тар, ичке, терең, узун, бийик, бакенек, жазы, жапалдаш ж.б.

**Мүнөздү, сапатты билдирүүчү сын атоочтор:** долу, катаал, жумшак, элпек, карасанатай, карапайым, шамдагай, шум, шат д.у.с.

**196-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна ылайыктуу сын атоочторду жазып, кандай маанини түшүндүрүп турганын айтып бергиле.

...тоок, ...уй, ... көгүчкөн, ...үй, ... терек, ...тукаба, ...чепкен, ...калпак, ...киши, ...бычак, ...токоч, ...шабдалы, ...мейиз, ...бут, ...кемпир, ...сөз, ...кыз.

## Сын атоочтун түзүлүшүнө карай бөлүнүшү

Сын атоочтор түзүлүшүнө карай экиге бөлүнөт:

| Жөнөкөй сын атоочтор бир сөздөн турат | Татаал сын атоочтор эки жана андан артык сөздөн турат |
|---|---|
| кызыл<br>таттуу<br>терс | чоң-чоң<br>ызыл-тазыл<br>кара чаар |

**197-көнүгүү.** Ырды окуп, сын атоочторду тапкыла. Аларды түзүлүшүнө жана маанисине карата талдагыла.

1. Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса, толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн
жокмун.
Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.
Турмушта канча курдаш күтсөм дагы,
Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун.

*Алыкул Осмонов*

2. Адыр-адыр бел менен,
Аркар баскан жол менен.
Будур-будур бел менен,
Бугу оттогон жер менен,
Кызыл ала кан болуп,
Келдим деди канына.

Тилке-тилке коо экен,
Аягы калың чер экен.
Ач кайкалаң бел экен,
Ат жүргүс жаман жер экен.

*Манас, II т.*

## ЗАТ АТООЧТУН ӨҢҮ-ТҮСҮН, ДААМЫН, САПАТЫН, ФОРМАСЫН КӨРСӨТКӨН СЫН АТООЧТОР

**198-көнүгүү.** Окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, заттын кандай сынын билгизип жатканын айтып бергиле.

1. Жашы элүүлөргө барып калган **чарчы бойлуу** жээрде сакал чал.
2. Бетти, колду бирде **жылуу** аба, бирде **салкын** жел аймалайт. Дубалдын түбүнө **майда кызыл** коңуздар жайнап, аларга өмүр эшиги жаңы ачылгандай жыбырашат.
3. **Шаңдуу** музыка ойнойт. Биздин жаныбызга сайма топучан, **кара мурут** жигит келип калды. Жанында өңдөрү бири-бирине окшош, **кызыл** көйнөкчөн, **татынакай** үч бала бар.
4. **Аппак** гүлдөр ачылды.
5. **Көгүлтүр** асман көңүлдү көтөрөт.
6. **Чоң** кыштак **тынч** уйкуда.
7. **Ордендүү** чабан Абдылдаев Дүйшө 738 баш ирик багат.

**199-көнүгүү.** Чекиттердин ордуна ылайыктуу сын атоочторду таап, кошо көчүргүлө.

1. ... алма, ... үй, ... сүрөт, ... кыз, ... бала, ... ат, ... токоч, ... аска, ... жалбырак, .... пахта, ... сөз, ... жылан.

Коюлуучу сөздөр: *кызыл, кызыктуу, жаңы, сулуу, майлуу, бийик, жашыл, сылык, уулуу, акылдуу, ак боз, ак*.

**200-көнүгүү.** Төмөнкү макалдардан сын атоочторду тапкыла.

Адал болгун, арам болбо,
Сакы (март) болгун, сараң болбо.

Жаман ишти биле туруп,
Түшпөгүлө жаман жолго.

Жаман жигит жан сактайт.
Жакшы жигит эл сактайт.

**201-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, суроолорун тушуна жазып чыккыла.

1. Мен да **сур** быштыны токуп жөнөп калдым. 2. Чачы сеңселген **шыңга бойлуу** жигит **татымдуу, маңыздуу** сөздөрдү айтты. 3. **Жаңы** боз үйдүн төрүнө биринчи жолу чоң энесинин сүрөтү илинди. 4. Көргөзмө атайын **чоң** досканын бетине жасалган. 5. Өзбекстандын эң бир **байыркы** шаарлары — Бухара, Хива, Самаркандда туристтер көп. 6. Ал өзүнүн оюн **эң сонун, ишенимдүү, элестүү** сөздөр менен бере алган. 7. Композитордун алган темасы **өтө орчундуу,** бүгүнкү күндүн талабына толук жооп берет. 8. **Бороондуу, ызгаардуу** кыш өз өкүмүн жүр-

гүздү. 9. **Кызыл жүздүү, толук** келин биздин жаныбызга келип отурду. 10. **Узун бойлуу,** кийимдери самсаалаган он беш-он алты жашар **апарык, сапсары** бала экен. 11. А. В. Затаевич ушундай **камкор, эмгекчил, сезгич** адам эле. 12. **Тунук** аба бетти аймалайт.

**202-көнүгүү.** Окуп чыгып, **кандай**? деген суроого жооп берген сөздөрдү ажыраткыла. Алар заттын эмнесин көрсөтүп тургандыгын айтып бергиле.

1. Мен жашыл, кызыл, көк, кара жиптерди сатып алып, сонун сайма сайдым. 2. Биздин айылда чоң-чоң жаңы үйлөр курулду. 3. Айша өтө кызыктуу китеп окуптур. 4. Жайлоодогу боз үйдүн алдында кулундуу бээ, музоолуу уй байланып туруптур. 5. Мектептин алдына кичинекей төрт чарчы аянтча жасадык. 6. Ак бугуну эки карышкыр кууп алыптыр.

**203-көнүгүү.** Сын атоочтордун ар бирине ылайыктуу зат атоочторду таап, кошо көчүргүлө.

Чебер, таттуу, жылуу, ийри, тоголок, бийик, кең, ичке, кыпкызыл, катуу, сары, күлүк, билгич.

Үлгү: Чебер уста.

**204-көнүгүү.** Сын атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Сын атоочтордун кандай суроого жооп берип турганын айтып бергиле.

Кызыл, сары, үлгүлүү, сейрек, сезимдүү, кайраттуу, терең, толкундуу, көк, ак, таттуу, кумдуу, сайлуу, жарык, тунук.

**205-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүргүлө. Сын атоочтордун астын сызып, аларга тиешелүү суроолорду бергиле.

1. Сайранын пальтосу жашыл. 2. Апам жүндү кызыл, көк, сары, кара боёкторго боёду. 3. Биздин мектеп чоң, бийик, көрктүү. 4. Чарбанын жемиш бактары, берекелүү талаасы көрүндү.

**206-көнүгүү.** Сын атоочторду көчүрүп алгыла.

Кызыл чырай, нур жүздүү, кырдач мурун, кара каш, кара көз кичинекей жаш Каныбек таягына сүйөнүп, бийик асканын башында турат. Аба ысык, күн ачык. Асканын алдындагы кичинекей булактан суу ичишип, койлор булактын эки жагында жайбаракат оттоп жүрүшөт. *(К. Ж.)*

**207-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүрүп, көп чекиттин ордуна сын атоочторду жазгыла.

1. Биз быйыл ... окуу китептерин алдык. 2. Талаадан ... трактор, комбайн көрдүк. 3. Мектептин коридоруна ... плакат илдик. 4. Кыздар... жоолуктарын салынышты. 5. Майдын кечки ... жели сокту. 6. Бетибизди ... самын менен жуубуз.

Колдонулуучу сөздөр: *жаңы, салкын, кооз, чоң, жыттуу, кызыл.*

**208-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна сын атоочторду кошуп, толуктап жазгыла.

... куштар келди.
... пахталар терилди.

**209-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге көчүрүп, уңгу жана мүчөсүн тик сызык менен ажыраткыла.

Жашыл-Булуңдагы жыш өскөн калың токой корукка алынган. Түнт токойдун арасы барган сайын **түрдүү** жаныбарлардын жайлуу жайына айланууда. **Коңулдуу** токойдон: кыргоол, чил, коён, кызыл куйрук түлкү, ар түркүн **канаттуу** куштарды, кооз чымчыктарды ж.б. кезиктиресиң. Кыскасы, Жашыл-Булуңду **зоологиялык** музейге теңөөгө да болот.

**210-көнүгүү.** Кара тамга менен басылган сөздөрдүн мүчөсүнүн астын сызгыла. Суроолорун койгула.

**Бадалдуу** зооканын кырынан ойдуңдун койнуна күн нуру чачырады. **Жалбырактуу** конуштагы малчылардын **жумурткадай** боз үйлөрүнүн айланасы ого бетер көркүнө чыкты. Коктунун тамагында **сымаптай** көлкүлдөп, Кашка-Суу канатын жаюуда. **Кирсиз** акак таштардын бетин ого бетер күзгүдөй жаркыратып жатат.

**211-көнүгүү.** Куранды мүчөлөр айкашып турган сын атоочторду тапкыла. Мүчөлөрдүн астын сызгыла.

1. Жалбырактуу бак-дарактар, учу-кыйырсыз суналган көрктүү талаалар жана көгөргөн кирсиз асман калууда. 2. Жол боюнда тоодой чөптөр жал-жал болуп үйүлгөн. Сары алтындай ыргалып турган аянт — күн-карама талаасы. 3. Күздүк эгиндер тегиз бышкан.

**212-көнүгүү.** Төмөнкү зат атоочторго **-луу, -сыз, -лык, -чыл, -дай** курандыларын улап, сүйлөм түзгүлө.

Тоо..., айыл..., көчө..., окуучу..., муз..., алча..., обон..., чөп..., бала..., алма... .

Үлгү: Биздин район тоолуу.

## СЫН АТООЧТОРДУН ЖАЗЫЛЫШЫ

**Сын атоочтор сүйлөмдүн башталышында колдонулса, биринчи тыбышы баш тамга менен жазылат. Сүйлөмдүн ортосунда, аягында колдонулса, кичине тамга менен жазылат.**

Мисалы: **Кара** портфель сатып алды. Алишердин **кичине** портфели **кара**.

**213-көнүгүү.** Көчүргүлө. Сын атоочтордун астын сызгыла. Алар сүйлөмдүн кайсы жерине келгендигин айтып бергиле.

Чоң кроватта жатам. Күзгүдөй тунук терезеден сыртка көз жүгүртөм. Түрдүү бак-дарактар, кооз үйлөр гана көрүнөт. Түрдүү ак бубактан тон кийгенсийт, анткени ызгаардуу кыш айлары эле. *(К.Ж.)*

**214-көнүгүү.** Төмөнкү сын атоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Ал сын атоочтордун айрымдары сүйлөмдүн башында, айрымдары сүйлөмдүн ортосунда же аягында колдонулсун.

Жылуу, бийик, кең, жарык, чоң, суук, ачуу, кызыл, суюк, сүйрү.

Үлгү: Бийик тоолордо кар жатат.

**Кып, кип, тап, көп сыяктуу күчөткүчтөр сын атоочко кошулуп жазылат.**

Мисалы: *Капкара, кипкичине, көпкөк, тап-таза, аппак, түптүз, упузун ж.б.*

**215-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Сын атооч менен бирге жазылган күчөткүчтөрдү ажыраткыла.

1. Аба таптаза жана күн жыпжылуу. 2. Класстардын ичи жапжарык жана таптаза. 3. Балыкчынын көчөлөрү түптүз, үйлөрү бипбийик. 4. Келгин куштар упузун дарактардын баштарына уя сала башташты.

**216-көнүгүү.** Төмөнкү күчөткүчтөргө маанисине карап, сын атоочторду кошуп жазгыла.

Тап, сүп, ып, суп, кап, кеп, көп, жуп, ап.

Колдонулуучу сын атоочтор: *таза, сүйрү, жука, узун, ысык, көк, ак, сулуу, кара, кенен*.

**217-көнүгүү.** Өзүңөр күчөткүчтөр кошо айтылган татаал сын атоочторду катыштырып, 4—5 сүйлөм түзгүлө.

## СЫН АТООЧТОРДУН СИНОНИМДЕРИ, АНТОНИМДЕРИ

**Айтылышы жагынан ар түрдүү, бирок мааниси жагынан бири-бирине жакын сөздөр синонимдер деп аталат.**

**Карама-каршы маанидеги сөздөр антонимдер деп аталат.**

Сын атоочтордо да синоним жана антоним сөздөр көп учурайт. Мисалы: *акырын — жай; түркүн — ар кандай, ар башка* ж.б. (синоним

сөздөр); *чын — калп, күн — түн, ак — кара, бийик — жапыз* ж.б. (антоним сөздөр).

**218-көнүгүү.** Төмөнкү сын атоочтордун синонимдерин тапкыла.

1. Кереметтүү —
2. Эстүү —
3. Бөлөк —
4. Кыбыр —
5. Абийирдүү —
6. Айлакер —
7. Кодогой —
8. Армандуу —

Үлгү: кереметтүү — укмуштуу, шумдуктуу.

**219-көнүгүү.** Укмуштуу, кичинекей, куу, муңдуу деген сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө. Бул сөздөрдүн синонимдерин тапкыла.

**220-көнүгүү.** Берилген сын атоочтордун антонимдерин (карама-каршы маанидеги сын атоочторду) тапкыла.

1. Улуу —
2. Жаш —
3. Таттуу —
4. Узун —
5. Жоон —
6. Кең —
7. Бийик —
8. Алыс —

Үлгү: улуу — кичүү.

**221-көнүгүү.** Жогорку антонимдердин айрымдарын катыштырып, өзүңөр, сүйлөмдөр түзгүлө.

**222-көнүгүү.** Учкул сөздөрдү окугула. Андагы сын атоочторду тапкыла. Алардан синоним же антоним сөздөрдү жасагыла.

1. Жакшы киши жарык жылдыздын көрүнүшү.
2. Тунук сүйүү сатылбайт, тунук акыл катылбайт.

3. Эски тааныштын адамдыгын сура, жаңы тааныштын адалдыгын сура.

4. Атак айтууга жеңил, жетүүгө кымбат.

5. Бойго чак кийим табуу оңой, ойго чак киши табуу кымбат.

6. Ой дайрасы деңизден түпсүз.

7. Жаш кезекте тилек чоң, жарды убакта пейил оң.

8. Чырдуу үйдө чырак да жарык күйбөйт.

9. Так сөз талашты чечет, тантырак сөз жүрөктү эзет.

10. Жакшы сөз жан семиртет, жаман сөз жан кейитет.

**223-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Татаал сын атоочторду таап, жазылышына, маанисине көңүл бургула.

1. Алыкул Осмонов өлбөс-өчпөс чыгармаларды калтырды. 2. Биздин балдар — ырыстуу-таалайлуу балдар. 3. Наваий — эң кооз шаарлардын бири, анда чоң-чоң завод-фабрикалар бар. 4. Баары чыпчырайлуу, өңдөрү пахтадай аппак. 5. — И, бетим! — табактай болгон сары чийкил бетин чымчый сүйлөдү Саламат. 6. Бак-дарактуу кыштактын ары четинен жүгөрү менен жашылча эгилген аянттар, мөмөлүү бактар көрүнөт.

**224-көнүгүү.** Текстти окугула. Сын атоочторду тапкыла. Алардан татаал сын атоочторду жасагыла.

## ЧӨЛДӨР

Казакстан — эң чоң өлкөлөрдүн бири. Анын токойлору, тоолору, түз талаалары, суулары, ысык чөлдөрү да бар. Жайында жамгыр жаабай, күн ысык тийген кумдуу жерлер чөл деп аталат. Түркмөнстанда эң эле кең чөл — Каракум чөлү бар. Чөлдүн жаныбарлары жана өсүмдүктөрү ысыкка чыдамдуу келет. Чөлдүн канал аркылуу суу жеткирилген көк жашыл аймактары да жок эмес. Мындай жерлер «оазистер» деп аталат. Ысык күндүн аптабына карабастан, мындай суу-луу чөлдөрдө коон, дарбыз, жүзүм, пахта эң со-нун өсөт.

Ү л г ү : түз-ийри.

**225-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна керектүү сын атоочторду жазып чыккыла, түзүлүшүнө карай кандай сын атооч экенин айтып бергиле.

... соккон сыдырым жел алыстан дүркүрөгөн трактор үнүнө термелип, абаны толкутат. Күмүш канаттарын аңтарып, шашылыш боюн кергенде... этип жымылдаган таштар көрүнө түшөт. Куба-нычтан чыккан... кыйкырыктар мотор үнүн кош-топ, жаңыдан жаш наристе төрөлгөндөй тере-белди шаңга термелтти. Бардыгы жерди чуку-шуп, топуракты көрүшөт. Билинер-билинбес..., ... топурак. Асманда ... булуттар турат.

К е р е к т ү ү с ы н а т о о ч т о р : *желп-желп, жарк-журк, чуру-чуу, кумсак, кара күрөң, топ-топ, ак.*

**226-көнүгүү.** Сүрөт боюнча «Келгиле, балдар окуйлук!» аттуу аңгеме жазгыла. Анда синоним жана антоним сөздөрү катышсын.



**227-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөн маани жагынан окшош (синоним) сын атоочторду тапкыла.

1. Өгөй — өөнчүл, жетим — кекчил. *(Макал.)*

2. Келбеттүү нечен баатырлар, келишип кошор кеңешин. Келишимдүү боз ат минген чийкил сары жигит чыга келди. Зейнеп апа кандайдыр ичи элжиреп, Саадаттын толмоч, сымбаттуу мүчөсүнө көз жиберет. Майрам өңдүү-түстүү киши болчу. Өчөшчөөк бала экендиги байкалды.

3. Бала күндөн келесоо, эс-акылы такыр жок. Же кургур ошончолук макоо беле. Акылсызга бак консо, башын чулгайт ойдолоп. Түшүнбөй калдыңбы? Анда барып турган дөдөй экенсиң.

4. Мына биздин кенен Чүй. Кыздар ортоңку кең көчөгө өтүштү.

**228-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин жазгыла.

| | |
|---|---|
| Эстүү — | Катуу — |
| Бөлөк — | Жылуу — |
| Ачык — | Кымбат — |
| Айрым — | Маанилүү — |
| Март — | Натыйжалуу — |

Үлгү: Эстүү — акылдуу, баштуу.

**229-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөгү кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңерге жазгыла. Кандай сөздөрдү антоним (маани жагынан карама-каршы) сөздөр дейбиз? Булар кандай сөздөр, айтып бергиле.

1. Боз үйдүн ичинде **улуу** кишилер аңгемелешип жатышты, **кичүү** кишилер аларды тыңшап отурушту.
2. Шаардагы **тар** көчөлөр **кең** көчөлөргө, **жапыз** үйлөр **бийик** үйлөргө айланууда.
3. Кожолуктун эгин талаасында **чоң** дебей, **кичине** дебей эмгектеништи.
4. Магазинден **жоон** жана **ичке** жиптерди сатып алдым.
5. Ынтымакта **өз** жакшы, сыйлашарга **жат** жакшы.
6. **Ач** бала ток бала менен ойнобойт, **ток** бала «ач» болом деп ойлобойт.
7. **Толкун** жана **таш, ыр** жана **кара сөз** өз ара анчалык ажырабайт.

**230-көнүгүү.** Тексттен антоним сөздөрдү тапкыла. Эмне үчүн антоним сөздөр дейбиз? Айтып бергиле.

Күн менен түн сыяктуу,
Бирде кара, бирде аппак.

Бирде турмуш уу берет,
Ачуусуна караба.

Бирде турмуш бал берет,
Таттуусуна караба.

* * *

Чиркин турмуш чалкып жаткан көлсүң ээ,
Кээде ысык, кээде муздак чөлсүң ээ.
Адамзатты кучагынан чыгарбас,
Кээде жыргал, кээде кара көрсүң ээ...

**231-көнүгүү.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимин тапкыла.

Кара — ..., бийик — ..., катуу — ..., тоголок — ..., акылдуу — ..., кең — ..., узун — ..., семиз — ..., кырдач — ..., чачтуу — ... .

**232-көнүгүү.** Төмөнкү синоним жана антоним сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

Томолок — жалпак, чоң — кичине, маданияттуу — маданиятсыз, куба — кубакай — агыш — кубарыңкы — бозоруңку — саргарыңкы — кумсарыңкы — кер сары, кумдак — кумай — кумдуу, кууш — тар — ичке, күжүрмөн — мээнеткеч — эмгекчил — иштерман, күңүрт — бүдөмүк, узун — кыска, ачык — айрым, бийик — жапыз, жаңы — эски.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Сын атооч деп кандай сөз түркүмүн айтабыз? Алар кандай суроолорго жооп берет?
2. Сын атооч заттын эмнесин көрсөтөт?

3. Түзүлүшүнө карай сын атооч канчага бөлүнөт? Алар кайсылар?

4. Сын атоочтор кандай жазылат?

5. Сын атоочтун синонимдерине, антонимдерине мисалдар келтиргиле.

## 8-§. САН АТООЧ

**Заттардын санын көрсөтүп канча?, нече? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү сан атооч дейбиз.**

Мисалы, *он беш, кырк, жүз, миң*.

Биз сүйлөгөнүбүздө заттардын аттарын, сын-сыпатын гана белгилебестен алардын санын көрсөткөн сөздөрдү да колдонобуз.

Мисалы, *Андижанга биздин класстан 30 окуучу экскурсияга барды*. *Анын ичинен он сегизи бала, он экиси кыз эле*. Бул сүйлөмдөрдө **отуз, он сегиз, он эки** деген сөздөр заттардын санын көрсөттү.

**233-көнүгүү.** Окуп чыгып, сан атооч сөздөрдү тапкыла.

1. Бир жылда он эки ай бар. 2. Бир айда төрт жума болот. 3. Жети күн бир жуманы түзөт. 4. Бир суткада жыйырма төрт саат бар. 5. М. Элебаев 1906-жылы төрөлгөн. Ал бир миң тогуз жүз кырк төртүнчү жылы дүйнөдөн кайткан.

**234-көнүгүү.** Окуп чыккыла. Аңгемедеги сан атооч сөздөрдү дептериңерге көчүрүп жазгыла.

### КИРПИНИН ИЙНЕСИ КАНЧА?

Чындыгында эле анда канча ийне бар? Бул көп адамдардын оюна да кирбейт. Зоологдор кирпинин ар бир чарчы сантиметринде орто эсеп

менен 15 ийнеси бар экенин эсептеп чыгышкан. Бир эле кирпинин өзүндө алты-жети миң ийне болот.

*«Байчечекей» журналынан*

**235-көнүгүү.** Окугула да, сан атооч сөздөрдү тапкыла.

1. Кыргыз тилинде 36 тамга бар. Үндүүлөр — 14 тамга, үнсүздөр — 22 тамга. Эки тамга тыбышты билдирбейт. 2. Төө куш дүйнөдөгү куштардын эң күлүгү. Ал саатына 120 чакырым тездикте чуркайт. Бул ылдамдыкта анын кош буту көрүнбөй калат.

**236-көнүгүү.** Төмөндөгү тексттен сан атооч сөздөрдү таап, оозеки айтып бергиле.

«Савай» кожолугунда жашылча, жемиш өстүрүлөт. Быйыл 10 гектар жерге бадыраң, 15 гектар жерге сабиз, 50 гектар жерге картошка эгилди. 40 гектар жерге алма, алмурут, жүзүм отургузулду.

**237-көнүгүү.** Сан атоочторду көчүрүп жазгыла.

АРЫ

Бал аарысы канатын секундуна эки жүз жолу кагат. Ал эми көгүчкөн тогуз жолу шилтөөгө үлгүрөт.

*«Байчечекей» журналынан*

**238-көнүгүү.** Жаңылмачты окуп, андагы сан атооч сөздөрдү таап айтып бергиле.

Эки өйүздө экөөбүз,
Эки өйүздө эки өгүз.
Эки өгүзсүз экөөбүз,
Суудан кантип өтөбүз?

**239-көнүгүү.** Цифра түрүндөгү сандарды жазуу менен жазгыла.

1. Гүлай 9 жашта. Анын атасы 40, энеси 35 жашта. 2. Чарбанын 50000 кою бар. 3. Абыл Бухарада 4 жыл окуду. 4. Бир жылда 366 күн бар.



**240-көнүгүү.** Табышмакты окуп чыккыла. Сан атооч сөздөрдү таап, тиешелүү суроолорду койгула.

Кичинекей бою бар,
Токсон кабат тону бар.

Он эки үйдү кыдырып,
Күндүр-түндүр айланат.
Чыкылдаса бир тынбай,
Артта он эки ай калат.

Он эки төө, он жылкы,
Тогуз сыйыр, беш эчки,
Эки коён, үч түлкү,
Табалбасаң бул күлкү.

Жандырмагы: 1. Пияз. 2. Саат. 3. Төө он эки айда, жылкы он айда, уй тогуз айда, эчки беш айда, коён эки айда, түлкү үч айда тууйт.

**241-көнүгүү.** Жаңылмачтарды жаңылбастан окуп чыккыла да, андагы сан атооч сөздөрдү таап, оозеки айтып бергиле.

Кырк кыл куйрук,
Кырк кыл куйрук.
Кырк кыл куйрук ичинде,
Кыргый кызыл кыл куйрук.

Беш кашка коюм бар,
Беш кызыл коюм бар,
Беш коюм беш башка.

**242-көнүгүү.** Цифра менен берилген сан атооч сөздөрдү жазуу түрүндө көчүрүп жазгыла да, суроолорун койгула.

## АЛТЫ БУТТУУ ТУЛПАР

Кумурска өзүнөн алда канча оор нерсени сүйрөйт. Кумурска өзүнөн 52 эсе оор салмактагы нерсени сүйрөп кетери далилденген. Кумурскадан да балбандар бар. Ал коңуздар. Сары коңуз өзүнүн салмагынан 500 эсе оор нерсени көтөрөт.

*«Байчечекей» журналынан*

**243-көнүгүү.** Сан атооч сөздөрдү көчүрүп жазгыла да, суроолорун койгула.

## СИЛЕР БИЛЕСИҢЕРБИ?

... Эгер адам Айга жөө баргысы келсе, 4060 күн жол жүрөр эле. Ат менен болсо 810 күндө, поезд менен 320 күндө, автомобилге түшсө 160 күндө, самолёт менен 53 күндө жетер эле.

**244-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла, сан атооч сөздөрдүн астын сызып, тиешелүү суроо койгула.

1. Жүз жолу уккандан, бир көргөн артык. 2. Эстүүгө эки сөз жетет. 3. Досуң миң болсо да аз. 4. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат. 5. Бир күнү жаңылык укпаса, кулак дүлөй болот. 6. Бирди билгенче, миң менен тааныш бол.

**245-көнүгүү.** Текстти окуп чыгып, заттардын санын көрсөткөн сөздөрдү тапкыла.

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл — тоолуу жерлердеги эбегейсиз чоң көлдөрдүн бири. Деңиз деңгээлинен 1607 метр бийик жерден орун алган. Анын бетинин аянты — 6236 чарчы километр. Узундугу 178 километр. Эң жазы жери — 60,1 километрге жетет. Эң терең жери — 668 метр, орточо тереңдиги 278,4 метр. Ысык-Көлгө чоң-кичинеси болуп алтымышка жакын суу куят. Андан бир да суу агып чыкпайт. Чар тарабы тоо менен курчалган. Ал тоңбойт. Кышында көлдөгү суунун температурасы үч градустан төмөн түшпөйт. Ысык-Көлдүн жээгине курорттор, санаторийлер, эс алуу лагерлери жайгашкан.



**246-көнүгүү.** Алты сүйлөм түзгүлө. Ал сүйлөмдөргө төмөндөгү сан атооч сөздөр катышсын.

Он сегиз, бир миң тогуз жүз кырк, алтымыш беш, он, сексен, эки жүз.

**247-көнүгүү.** Окугула. Сан атоочторду көчүрүп жазгыла.

БИЗДИН КЛАСС

Биз төртүнчү класста окуйбуз. Классыбыз кең жана жарык. Классыбызда он эки парта, бир стол жана бир стул бар. Классыбыздын бурчунда бир шкаф бар. Бул шкафта дептер, китеп, ручка жана башка окуу куралдары сакталат. Ар бир партада экиден бала отурат. Мен досум Канат менен бешинчи партада отурамын. Биз классыбызды дайыма таза сактайбыз.

**248-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, сан атооч сөздөрду тапкыла. Кандай суроолор берилерин аныктагыла.

Бир абышка, бир кемпир,
Элдин жүргөн четинде.
Бар оокаты — бир өгүз,
Кармап жүргөн бетине.
Жетелеп барып сугарат,
Айдап жүрүп откорот,
Андан башка малы жок ...

*Тоголок Молдо*

Эки бала бир түгөй,
Тынбай замбил ташышат.
Эки бала бир түгөй
Араа тартып жатышат.

*Аалы Токомбаев*

**249-көнүгүү.** Текстти окуп чыккыла. Сан атооч сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп чыгып, астын сызгыла.

Бул иш 1924-жылы болгон. Анда азыркы биздин айылыбыз турган жерде он-он беш түтүн жатакчылар болор эле. Анда мен аталаш туугандардын колунда жүргөм. Ошол жылы күздө малдуулар кыштоого көчүп келишкен. Биздин айылга мен мурда көрбөгөн, аскер шинель кийген чоочун жигит келди. Ал Таштанбектин уулу Дүйшөн деген экен. *(Ч.А.)*

## САН АТООЧТОРДУН МААНИСИНЕ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

Сан атооч сөздөр маанисине карай эсептик сан, иреттик сан болуп бөлүнөт.

**Эсептик сан атооч. Эсептик сан атооч сөздөр заттардын эсебин, санын билгизип, канча? нече?** деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Жайлоого жыйырма короо кой чыкты. Эки-экиден бөлүнүп Жызак жакты көздөй кетишти.* Бул сүйлөмдөрдөгү **жыйырма, эки-экиден** деген сан атооч сөздөр **канча?, нече?** деген суроолорго жооп берип, заттардын эсебин гана көрсөтүп турат.

**250-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула. Эсептик сан атоочторду таап айтып бергиле.

1. Биздин мектепте 500 бала окуйт. Анын ичинен 170 кыз. 2. Керимдин үч эжеси, төрт иниси бар. 3. Гүлай быйыл он алтыга чыкты.



**251-көнүгүү.** Сүрөт боюнча «Экскурсия» деген темада аңгеме түзгүлө.

П л а н:

1. Экскурсияга даярдык көрүү.
2. Тоонун көрүнүшү.
3. Көл жээгинде эс алуу.

**252-көнүгүү.** Суроолорду окугула. Алардын жообун жазгыла. Заттын тартибин, иретин билдирген сан атоочтордун астын сызгыла.

Сен канчанчы жылы туулгансың? Канчанчы жылы 1-класска бардың? Азыр нечеңчи класста окуп жатасың? Келечекте кайсы кесиптин ээси болгуң келет?

**253-көнүгүү.** Окугула, сан атоочторду тапкыла.

КАЛПТАР

Бир үч арык туруптур,
Экөө кургак, бирөөнүн суусу жок.
Үч арыкта үч балык бар экен,
Экөө өлүк, бирөөнүн жаны жок.
Анан дагы үч киши туруптур,
Экөө жылаңач, бирөөнүн кийими жок.
А жылаңачтын этегине,
Жаны жок балыкты салып бердим.

**Иреттик сан атооч. Иреттик сан атооч сөздөр заттардын иретин, катарын билгизип, канчанчы?, неченчи?** деген суроолорго жооп берет. Иреттик сан атооч сөздөрдү **-ынчы** мүчөсү уюштурат.

Мисалы: *Ат чабышта сары ат биринчи болуп келди*. *Үсөн экинчи класста окуйт*. Бул сүйлөмдөрдөгү **биринчи, экинчи** деген сан атооч сөздөр **канчанчы?, неченчи?** деген суроолорго жооп берип, заттардын иретин көрсөттү.

Эсептик жана иреттик сан атооч сөздөрдүн жазылышында да белгилүү өзгөчөлүктөр бар.

Эсептик сан атоочтор сөз түрүндө же цифра түрүндө жазылса да, өзүнөн кийин эч кандай белги коюлбайт.

Мисалы: *Биздин кожолукта эки балдар бакчасы, бир мектеп бар*. *Мектептин үч гектар жерине беде себилди*.

Иреттик сан атооч сөздөр сөз түрүндө жазылса, **-ынчы** мүчө уңгуга кошулуп жазылат. Цифра менен жазылса, сандан кийин **-ынчы** мүчөсүнүн ордуна дефис (-) коюлуп жазылат.

Мисалы: Аалы үчүнчү класста окуйт. Аалы 3-класста окуйт.

**254-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, иреттик сан атоочтордун астын сызгыла. Тиешелүү суроолорду койгула.

1. Тайбуурул биринчи келди. 2. Ал бешинчи класста окуган. 3. Алишер Наваий 1441-жылы 9-февралда туулган. 4. Шумкар жарышта 3-болуп келди. 5. Назира быйыл 9-классты бүтүрөт. 6. Көздөгөн максатка жетүү үчүн биринчиден, талыкпаган эмгек, экинчиден туруктуулук, үчүнчүдөн адеп-ахлакка тийиштүү сапат болуу зарыл.

**255-көнүгүү.** Окуп чыккыла, эсептик, сан атооч сөздөрдүн жазылыш өзгөчөлүгүнө көңүл бургула.

1. Жайында шаркыратмага миңдеген эс алуучулар келишет. Шаркыратма деңиз деңгээлинен эки миң метрдей бийиктикте турат. Капчыгайдагы үңкүрдөн атылып чыккан булак эки баскычтуу шаркыратманы пайда кылат. Баскычтын бирөөсүнүн бийиктиги он эки, экинчисиники он беш метрге жетет. 2. Азыркы окумуштуулар арчанын касиеттерин аныкташты. Бир гектар жерге арча өстүрүлсө, ал 500 миң калк жашаган шаардын абасын тазартмак.

**256-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Иреттик сан атоочторду таап, жазылышына көңүл бургула.

1. 15-январда «Адамдын жашыл досу» темасында өткөрүлгөн аңгемелешүүгө 4-класстын окуучулары да катышышты.

2. Окумуштуулардын берген маалыматына караганда, бир түп кара кайың бир саатта бир килограмм жети жүз грамм кычкылтек иштеп

чыгат экен. Бул алтымыш төрт кишинин кычкылтекке болгон муктаждыгын кандырат.

Кара кайың бир саатта автомашиналардан чыга турган эки жүз килограмм 350 грамм зыяндуу газды кайра иштей алат. Бул дарак бир күндө төрт жүз литр сууну буага айландырат жана өзүнүн тамырынын айланасындагы топурактын нымдуулугун он пайызга ашырат.



**257-көнүгүү.** Эсептик сан атооч сөздөргө **-нчы, -ынчы, -инчи, -үнчү, үнчү,** мүчөлөрүн улап, ирептик санга айландыргыла.

| | | |
|---|---|---|
| беш | отуз үч | жүз |
| сегиз | кырк | эки жүз |
| он бир | токсон | алты |

Үлгү: *үчүнчү*...

**258-көнүгүү.** Цифра менен берилген сандарды сөз түрүндө жазып чыккыла.

2009-жыл, 80 окуучу, 1-класс, 600 китеп, 1200 жумушчу, 40-үй.

**259-көнүгүү.** Цифра түрүндө берилген сан атоочторду сөзгө айландырып жазгыла.

12, 3, 104, 279, 404, 990, 1288, 1988.

**260-көнүгүү.** Төмөндөгү жаңылмачтарды жаңылбастан окуп, андагы сан атооч сөздөрдү ажыраткыла.

Апам алмадан үчтү үздү,
Алмуруттан үчтү үздү.
Жетпегенин күбүсө,
Жерге баары түз түштү.

**261-көнүгүү.** Төмөндөгү ырдан эсептик сан атоочту тапкыла. Болотбек менен Касымдын классында канча окуучу бар экенин эсептегиле.

ТАПКЫЛА

Касым менен Болотбек,
Бир жылга ошо болот деп.
Жүз жыйырма өчүргүч,
Сатып алып келишти.
Коюп алып ортого,
Тең экиге бөлүштү.
Оозеки эсептей,
Коюп ичтен Болотбек.
Айтты биздин класска,
Үчтөн туура келет деп.
Касым дароо баракка,
Жазып дароо чыгарып.
Бизге төрттөн экен деп,
Кетти дароо кубанып.
Чындыгында Болотбек,
Эсептөөгө шар экен.
Классында экөөнүн,
Канча окуучу бар экен?

**262-көнүгүү.** Арызды окуп чыгып, анын кандай жазыларын байкагыла. Сан атоочторду таап, жазылышын айтып бергиле.

Бөкө районундагы №15 орто
мектебинен директору А. Исраиловага
4-класстын окуучусу Б. Асановдон

АРЫЗ

Ата-энемдин башка кызматка которулгандыгына жана жашаган жеримдин өзгөргөндүгүнө байланыштуу менин өздүк деломду берүүңүздү суранам.

Арызга окуп жаткан № 35 мектеп тарабынан берилген тактаманы тиркейм.

(колу) Аты-жөнү,
атасынын аты.
күнү, айы, жылы.

**263-көнүгүү.** Ырды окуп, андагы сан атоочторду таап, бөлүнүшү боюнча айтып бергиле.

## САНАМАЙ

Өзүң билгич санабай,
Кел ойнойбуз санамай.
Биринчибиз — билгир,
Бир нерсеге дилгир.
Экинчибиз — элек,
Элеш үчүн керек.
Үчүнчүбүз — үкү,
Үкүнүн жок үчү.
Төртүнчүбүз — тоодак,
Тап жылдырбайт тоо жак.
Бешинчибиз — бермет,
Билгендерге келбет.
Эске сактап олтургун,
Эки жакты карабай.
Алтынчыбыз — акыл,
Ар бир сөзү асыл.
Жетинчибиз — желек,
Жеңишгүлгө белек.
Сегизинчи — сепил,
Сан иштерге кепил.
Тогузунчу — торгой,
Таңшый берет болбой.

*(А. К.)*

**264-көнүгүү. 50, 80, 120, 180** жана **бешинчи, элүүнчү, миңинчи, токсонунчу** деген сан атооч сөздөрдү катыштырып, бирден сүйлөм түзгүлө.

Тил каттын жазылышын үйрөнгүлө. Тил кат акча же буюм алганда берилет. Тил каттагы сандар цифралар менен жана кашаанын ичине ал сөздөр менен жазылып көрсөтүлөт.

## Тил каттын үлгүсү

ТИЛ КАТ

Мен мектептин китепканасынан 4-класстын окуучулары үчүн 35 (отуз беш) китеп, 2 (эки) журнал, 1 (бир) газета алдым.

Жогорудагыларды алгандыгым жөнүндө ушул тил катты китепкана башчысы Зуура Осмоновага беремин.

(колу) К. Сагынбаева

20-январь, 2011-жыл.

**265-көнүгүү.** Даталуу күндөрдү көчүргүлө. Аларды туура жазууга үйрөнгүлө.

9-май — Эскерүү жана Кадырлоо күнү.

21-март — Нооруз майрамы. Биздин эл аны дайыма белгилеше турган болду.

1-сентябрь — Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүк күнү.

8-март — Эл аралык аялдар күнү.

**266-көнүгүү.** Сан атооч сөздөрдү оозеки ажыраткыла.

## КАНАТТУУ ДОСТОР

Өзбекстанда бир кыйла канаттуулардын түрлөрү кезигет. Алардын көпчүлүгү зыяндуу курт-кумурскаларды кырып-жоготот. Короолу бир жылда он миллионго жакын чымын-чиркейди кармап жейт. Күйкө бир айда 300 — 400 чычканды жок кылат. Ак кажыр менен таз жоруларды жаратылыштын санитарлары деп аташат. Алар өлгөн жаныбарлардын этин жеп, микробдордон тазалайт.

**267-көнүгүү.** Төмөндөгү табышмактардын жандырмагын тапкыла. Андагы сан атоочторду таап, айтып бергиле.

Эки колу бар төбөсүндө,
Кош колдоп айдап жүрөт аны бирөө.

Асты он алты,
Үстү он алты,
Майда чайнайт тамакты.

Эртең менен төрт буттуу,
Түштө эки буттуу,
Кечинде үч буттуу,
Суугa кирсе миң,
Суудан чыкса бир.

Өзү бир,
Көзү миң.

**268-көнүгүү.** Макалдарды окугула. Андагы сан атооч сөздөрдү тапкыла. Сан атоочтун кайсы түрүнө кирерин айтып бергиле.

Билем деген миң сөз,
Билбейм деген бир сөз.

Бир жигиттин атагы көп жигитке даңк берет.

Билгениң тогуз, билбегениң токсон тогуз.

Эки булбул бир бутакка конбойт.

Эл кулагы элүү.

Билимсиз бирди көрсө,
Билимдүү миңди көрөт.

## 9-§. АТ АТООЧ

**Тилибизде зат атооч сөздөрдүн ордуна колдонулган *мен, сен, ал, силер, сиздер, алар* деген сыяктуу сөздөр бар. Бул сөздөрдү ат атооч сөздөр дейбиз.** Алар зат атоочтордун ордуна колдонулгандыктан, **ким?, эмне?, кимдер?, эмнелер?** деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Ал Наманганга кетти.*
Сен тоого барасыңбы?

**269-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөргө суроо бергиле.

—«**Мен** кетсем да: тирүүлүктүн көзү бар,
Мен бүтсөм да: тирүүлүктүн **өзү** бар,
Бирок мага табылбачу эч качан,
Тирүүлүктүн:
Эң бир, эң бир,
Жанды ысыткан сөзү бар».
«Бул ырлар **менин** ырым, **сенин** ырың,
Мөмөсү **биз** жашаган жакшы жылдын.
Бүгүнкү **менден** алган поэманды.
Эскиртпей, эртеңкиңе сунуш кылгын».

*Алыкул Осмонов*

**270-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Ат атоочторду тапкыла. Жекелик сандагы ат атоочторду биринчи устунга, көптүк санды көрсөтүүчү ат атоочторду экинчи устунга жазгыла.

1. Мен шахматчылар ийримине мүчө болдум. Халида да бул ийримге жазылды. Ал шахмат оюнун жакшы көрөт. Карима, сен да ушул ийримге мүчө болосуңбу?

2. Биз мугалимибиз менен музейге бардык. Калык менен Эргеш да музейге барышыптыр. Биз музейди алар менен биргеликте көрдүк. Сен музейге баргансыңбы? Мен музейге баргам.

**271-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөргө суроо бергиле.

«**Мен** барам», — деп бири айтат.
**Ал** аңгыча болбоду,
Бирин-бири колдоду...
Тоо бүркүттөй шаңкылдап,
Өлүмдү жеңчү бизбиз деп.
Жыйырма сегиз азамат,
Жөнөп калды шартылдап.
... Ушундай эрди жараткан,
**Биздин** элдей эл болбойт.
Телегейи тептегиз,
Биздин жердей жер болбойт.

*Аалы Токомбаев*

**272-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыгып, ат атооч сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

ЖАҢЫРГАН ЖЕР

— Үч-Дөбөнүн айланасына биздин мектептин багын тигебиз. Бул бак биздин эртеңки саяба-

ныбыз болот. Бул бак — биздин мектептин багы. Аны азыр силер олтургузасыңар. Силер асырап көгөртөсүңөр. Бул силердин багыңар болот, — деди мектептин директору Сабыр.

Балдар бир нече топко бөлүнүштү. Узуну эки жүз, туурасы жүз метр жерге көчөт олтургузуп жүрүштү. Алар аркан сүйрөшүп, ар бир чөнөктүн аралыгын жети метрден өлчөйт.

Үчүнчү, төртүнчү топту Сабыр жана күзөтчү Ташбай аке баштап жүрөт. Алар биринчи топтун казган чуңкурларын кеңейтишет. Ага тереңдетип көчөттү олтургузушат. Ал эми биринчи, экинчи класстын окуучулары алы келген жумуштарды аткарууда.

— Балдар, талаага бекер чуркабагыла! Көчөт олтургузуунун тартибин көргүлө, — деди мугалим. (*Т.С.*)



**273-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, ат атооч сөздөрдү оозеки ажыраткыла.

Учу-кыйры кең Мекен,
Алдейлеген энем сен.
Бүт дүйнөнү кыдырсам,
Табалбаймын сага тең.

Чын достукту кураган,
Тынчтык ишин чыңаган.
Ырысы көлдөй ташыган,
Биз жашаган бул заман.

*Темиркул Үмөталиев*

**274-көнүгүү.** Окугула. Ажыратып көрсөтүлгөн этиштердин аны менен байланышып турган ат атоочтор менен биргеликте көчүргүлө.

Бир күнү мугалимибиз Сонун эже:

— Биз азыр кышкы эс алууну (каникулду) кандай өткөргөндүгүбүз жөнүндө аңгеме жазабыз, — деди.

Биз каникулда каерлерде болгонубузду, кандай дем алганыбызды эске түшүрдүк. Мен үй-бүлөбүз тууралуу жаздым.

Аңгемени биринчи болуп Алима менен Салима тапшырды.

Алар кышкы эс алууда өткөрүлгөн жаңы жыл майрамы жөнүндө жазышты.

**275-көнүгүү.** Тик сызыктын сол жагындагы сүйлөмдөрдөгү **Айша** деген зат атооч сөз оң жактагы сүйлөмдөрдүн кайсы сөзү менен алмаштырылды. Ал сөздөрдү кайсы сөз түркүмүнө кошууга болот? Айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| Айша айылга барды. | Ал айылга барды. |
| Айшаны тосуп алды. | Аны тосуп алды. |
| Гүлай Айшага күрөк берди. | Гүлай ага күрөк берди. |
| Айша аны менен сабиз казды. | Ал аны менен сабиз казды. |
| Чарбага Айшанын жардамы тийди. | Чарбага анын жардамы тийди. |

**276-көнүгүү.** Төмөндөгү берилген ат атооч сөздөрдү катыштырып, бирден сүйлөм түзгүлө. Суроолорун айткыла.

Мен, алар, биз, силер.

**277-көнүгүү.** Көчүрүп, ат атооч сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Мен быйыл жайлоого барамын. 2. Сен «Жамийла» повестин качан окуп бүтөсүң? 3. Биз мектептеги ыр-хор ийримине катышып жатабыз. 4. Сен деген — сенек сөз, сиз деген — сылык сөз. 5. Балдар, силер жакшы окугула! 6. Алар алыс сапарга жол тартышты.

**278-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Кара тамга менен басылган зат атоочторду ат атоочтор менен алмаштыргыла.

1. **Артисттер** жайлоого келишти. **Артисттер** кечинде элге концерт коюп беришти. 2. **Динар** магазинге барды. **Динар** баласына көйнөк, майка, байпак сатып алды. 3. **Картошка** казыла баштады. **Картошканы** машина менен шаарга ташыды. 4. **Мергенчи** ууга чыкты. **Мергенчи** карышкыр атты. 5. **Трактор** жер айдады. **Акмат** тракторду айдады.

**279-көнүгүү.** Кашаага алынган ат атооч сөздөрдү сүйлөмдүн берген маанисине ылайык зат атооч сөз менен алмаштырып, кашаадан чыгарып жазгыла.

(Сен) шаарга качан барасың?
(Силер) Кокондон качан келдиңер?
Хивадан (ал) качан келди?
(Андан) кат алдым.

**280-көнүгүү.** Суроолуу сүйлөмдөргө жооп жазгыла. Андагы ат атооч сөздөрдү оозеки ажыраткыла.

1. Сен нечении класста окуйсуң?
2. Сенин эжең кайда иштейт?

3. Силер кандай китеп окудуңар?
4. Сен быйыл жайлоого барасыңбы?
5. Силердин үй-бүлөңөр канча адамдан турат?



## ЖАКТАМА АТ АТООЧТОР

**Үч жактын бирин көрсөткөн ат атоочторду жактама ат атооч дейбиз.** Мисалы: *Мен окуймун*. *Сен окуйсуң*. *Ал окуйт*.

Жактама ат атоочтор үч жакка тиешелүү болуп, жекелик жана көптүк санда жөнөкөй жана сылык түрдө айтылат.

**Мен, биз** деген ат атоочтор биринчи жакты, **сен, сиздер** деген ат атоочтор экинчи жакты, **ал, алар** деген ат атоочтор үчүнчү жакты билдирет.

**281-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдөн жактама ат атоочту тапкыла. Үч жактын кайсы жагына тиешелүү болуп айтылгандыгын оозеки ажыраткыла.

1. Мен быйыл Ташкент шаарына барамын.
2. Сен атаң менен кайда барасың?
3. Ал китепканадан кайсы китепти алды?
4. Биздин кожолук — бай кожолук.
5. Алар циркке барыштыбы?

**282-көнүгүү.** Жактама ат атооч сөздөрдүн жекелик, көптүк саны менен төмөндөгү жадыбал аркылуу таанышууга болот.

| Жактар | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| I жак | мен | биз |
| II жак | сен (жөнөкөй түрү) | силер (жөнөкөй түрү) |
| | сиз (сылык түрү) | сиздер (сылык түрү) |
| III жак | ал | алар |

**283-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдөн жактама ат атоочтордун жөнөкөй жана сылык түрүн көрсөткөн сөздөрдү оозеки ажыраткыла.

1. Сен киного барасыңбы?
2. Силер экскурсияга кайда барасыңар?
3. Сиз мектепте иштейсизби?
4. Сиздер стадионго барасыздарбы?

**284-көнүгүү.** Жактама ат атоочторду айтып бергиле.

ДУБАЛ ГАЗЕТА

Биз дубал газета чыгарууга кириштик. Асанбек газетанын сүрөттөрүн тартты. Мен аны кооздоп боёдум. Абыл макалаларды жазып жабыштырды. Ал сулуу жана жакшы жазат. Мен газетаны алып чыгып, ордуна илдим. Окуучулар аны кызыгуу менен окушту. Анда ар түрдүү кызыктуу окуялар, карикатуралар көп чыгарылган.

**285-көнүгүү.** Жактама ат атооч сөздөрдү көчүрүп чыккыла.

КЕЛГИН КУШТАР

Күндөрдүн биринде бизди Аалы агайыбыз талаага экскурсияга алып барды.

Биз күз мезгилинде айланадагы чөптөрдүн, өсүмдүктөрдүн куурап калганын көрдүк. Тал, терек, өрүк, алмалардын бутактарында анда-санда гана сары жалбырактар калган. Калган жалбырактар сапсары болуп, алардын жерге түшүп калганын көрдүк.

Аалы агайыбыз бизге айланадагы болгон өзгөрүштөрдү тааныштырды.

— Балдар, азыр чабалекей, кара чыйырчык, каз, жылкычы чымчык көргөнүңөр барбы? — деп сурап калды ал.

— Жок, агай, аны биз жазында көргөн элек, — деп чуулдап жибердик.

— Эмесе силер угуп тургула. Азыр күз мезгили. Кышка жакын калды. Келгин куштар ысык жакка кете баштады.

Биз азыр кара чыйырчыкты, жылкычы чымчыкты, казды, ал гана эмес каркыра-турнаны кезиктире албайбыз, — деди. Биз келгин куштардын кетип калганын ошондо билдик.

**286-көнүгүү.** Окуп чыгып, ат атоочторду тапкыла, кайсы жакта, кандай санда турганын аныктагыла.

АМУДАРЫЯ

— Мен Амударыя жөнүндө айтып берейин, — деди мугалимибиз. — Амударыя да Волгага окшош өтө чоң. Бирок Амударыя тоо дарыясынан көрө жайыраак, Волгадан көрө тезирээк агат.

— Амударыянын суусу кайсы мезгилде көбөйөт? — деп сурадык биз.

— Жайында, эң ысык мезгилдерде, — деди агайыбыз.

— Сен дагы кайсы дарыяларды билесиң? — деп сурады агайыбыз Бакыттан. Ал Зарафшан жана Сырдарыянын атын айтты.

**287-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла. Жактама ат атоочтун биринчи жагынын алдын бир сызык, экинчи жагыныкын эки сызык, үчүнчү жагыныкын толкундуу сызык менен сызып чыккыла.

— Жайкы каникулда мен жайлоого чыгамын, — деди Зуура.

— Сен жайлоого чыксаң, мен эс алуу лагерине барамын, — деди Гүлай.
— Сиз кайда барасыз, байке? — деди Эшим. Анын агасы шаарга барарын билдирди.

**288-көнүгүү.** Окуп чыгып, ат атооч сөз кайсы жакты көрсөтүп турганын айтып бергиле.

1. Биз мектепте окуйбуз, чарбага жардам беребиз. 2. Сен кайсы китептерди окудуң? 3. Алар киного барыштыбы? 4. Менин эки эжем, бир иним бар. 5. Ал энем менен тоого кетти. 6. Биздин чоң атабыз дүкөндө иштейт. 7. Алардын алма, өрүк, алча, жүзүмдөрү көп.

**289-көнүгүү.** Аңгемени окуп, ат атооч сөздөрдү тапкыла. Алар ат атоочтун кайсы жагын билдирип турат?

МЕКТЕП САНИТАРКАСЫ

Айша карандаш учтап олтуруп, колун кесип алды. Ал мени жардамга чакырды. Мени менен бир топ балдар келишти. Биз анын колунун канын токтотууга аракет кылдык. Кан токтобой койду. Биз мектептин санитаркасын чакырдык. Ал дароо йодду сыйпады. Кан тып басылды. Анын көрсөткөн жардамы үчүн, биз ыракмат айттык. Айша да ыракмат айтып, ыраазы болду.

**290-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла. Ат атооч сөздөрдү таап, алардын астын сызгыла. Ат атоочторду жагы боюнча ажыраткыла.

Мен атам менен кожолуктун алма багына бардым. Алма багына Ашым да барыптыр. Биз

бышкан алмаларды жыйноого кириштик. Мен алмаларды шактан үзүп жаттым. Ал үзүлгөн алмаларды сорттоду. Биз кечке чейин алма жыйноого катыштык. Ата-энелер бизге ыраазы болушту.

**291-көнүгүү.** **Ал, биз, сиз, силер, сиздер** деген ат атооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Үлгү: *Ал стадионго футбол көргөнү барды.*

## ЖАКТАМА АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

**Жактама ат атоочтор да жекелик санда, көптүк санда турганда, ага жөндөмө мүчөлөр жалганат.**

*Мен, менин, мага, мени, менде, менден, алар, аларга, алардын, аларда, алардан* деген жактама ат атоочтор *мен, алар* деген ат атооч сөздөргө мүчөлөрдүн уланышынан пайда болду.

## ЖАКТАМА АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

| Жөндөмөлөр | Жекелик сан (жөнөкөй түрү) | | Көптүк сан (жөнөкөй түрү) | |
|---|---|---|---|---|
| А. | сен | ал | биз | силер |
| И. | сенин | анын | биздин | силердин |
| Б. | сага | ага | бизге | силерге |
| Т. | сени | аны | бизди | силерди |
| Ж. | сенде | анда | бизде | силерде |
| Ч. | сенден | андан | бизден | силерден |




**292-көнүгүү.** Текстти көчүрүп жазып, ат атооч сөздөрдү тапкыла. Кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

## БИЗДИН МЕКТЕП

Биздин мектеп жаңы салынган. Анын бөлмөлөрү чоң жана жарык. Анда 600 окуучу окуйт. Биз окуган мектебибизди таза сактайбыз. Анын терезелерине гүл өстүрөбүз. Кезекчилер ар бир класстын тазалыгын текшерип турушат. Алар тазалык дептерчеге баа коюшат. Мен окуган класста Т. Сыдыкбековдун портрети илинген. Биз улуу жазуучубуздун көп чыгармаларын окуп чыкканбыз. Азыр анын сүрөттөрүн чогултуп, альбом түзүп жатабыз.

**293-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Ат атоочтордун астын сызып, аларга тиешелүү суроолорду берип, кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

Мен аны акырын чакырдым. Ителгини коё берип, Далматты көздөй жүргүздүм. Ошондо боосу бош калган ителги учуп жөнөдү. Мен аны пөпөлөп чакырдым. Ал менин куру колумду билдиби, айтор, мага кылчайбай асманга айланып уча берип, бир маалда белгисиз тарапты көздөй сызды.

Мен ыйлай баштадым. Далмат мени сооротуу үчүн көгүчкөндүн балапандарынын ичинен тандап туруп эң чоңун мага берди. Бирок бул менин көңүлүмдү көтөргөн жок.

—Мындай сонун ителги табылбайт,—деп курбуларым да жолдо катар кейип келишти.

«Эми атама эмне жооп айтам»,—деген суроо мага экинчи жактан кайгы болду. Балким, ал мени мүнүшкөр боло албайсың деп урушар бекен деп да чочуймун.

Ичим бук болуп үйгө ыйлап кирдим. Сага эмне болду?—дешип, атам менен апам орундарынан тура калышты.



**294-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп, ат атооч сөздөрдү оозеки айтып бергиле.

1. Бамбук—дүйнөдө эң тез өсүүчү өсүмдүк. Ал бир сутканын ичинде 5—6 сантиметр өсөт. 2. Канаттуулардын ичинен суукка чыдамдуулар—өрдөк менен каздар. Алар 110 градус суукка да чыдай алышат. Бизде канаттуулардын 690 го

жакын түрлөрү бар. Анын 335 түрү Кыргызстанда кездешет. Алардын жүздөн ашык түрү Казакстан менен Сибирь жактарда уялашат. Биздин жерге жаз, күз мезгилинде гана келишет.



## ЖАКТАМА АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

| Жөндөмөлөр | Жекелик сан (жөнөкөй түрү) | Көптүк сан (жөнөкөй түрү) |
|---|---|---|
| А. | сиз | сиздер |
| И. | сиздин | сиздердин |
| Б. | сизге | сиздерге |
| Т. | сизди | сиздерди |
| Ж. | сизде | сиздерде |
| Ч. | сизден | сиздерден |

**295-көнүгүү.** Тексттеги кара тамга менен басылган зат атооч сөздөрдү ат атоочтор менен алмаштырып жазгыла.

Алма мөмө өсүмдүгүнө кирет. **Алманы** өз маалы менен сугаруу керек. **Алмага** жер семирткичтер да чачылат. **Алманын** бышканы даамдуу болот. **Алмада** витамин көп. **Алмадан** шире да алынат.

**296-көнүгүү.** Тексттеги кара тамга менен басылган зат атооч сөздөрдү ат атоочтор менен алмаштырып окугула.

Пахта Өзбекстандын бардык областтарында эгилет. **Пахтанын** данын чигит деп атайт. **Пахта** бышканда апапак болуп калат. Ошондуктан **пахтаны** «ак алтын» деп айтышат. **Пахтанын** чиги-

тинен май алынат. **Пахтадан** ар түрдүү кездемелер токулат. Пахта элдин түгөнгүс байлыгы болуп эсептелет.

**297-көнүгүү.** Аңгемени окугула. Ат атооч сөздөрдү көчүрүп жазып, кайсы жөндөмөдө тургандыгын аныктагыла.

КИЧИНЕКЕЙ ДОСУМ

Мен сага бир табышмак айтсам, аны оңой эле таап аларыңа ишенип турам. Кубанчына да, кайгысына да сени ортоктош кылган, бирде сүйүнтүп, бирде капаланткан эң бир жакын досуң бар. Ал сага көп жакшы нерселерди үйрөтүп келет. Андан кызыктуу нерселерди үйрөнөсүң. Анын ар бир барагы биз үчүн баалуу. Анда кандай сонун нерселерди көрүп, окуйсуң. Карачы, мен табышмагымды айтып бүтө электе эле сен аны таап алдың.

**298-көнүгүү.** Окуп, ат атоочторду тапкыла.

Балдар — биздин үмүтүбүз,
Балдар — биздин болочок.
Бүт элжирейт көңүлүбүз,
Балдарды биз ойлосок.

*Темиркул Үмөталиев*

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Мен асманда айланган,
Учкучуңар болормун.

*Аалы Токомбаев*

**299-көнүгүү.** Аңгемени окуп, ат атооч сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө, кайсы санда турганын ажыраткыла.

## ЖЫЛКЫЧЫ ЧЫМЧЫК

Жаз мезгили келип, жердин бети жашыл түскө келери менен, адегенде келгин куштардын кабарчысындай болуп жылкычы чымчык келчү. Аны чоң энем башкача тосо турган.

— Сенден мурда мен көрдүм — деп жылкычы чымчыкка өзүнүн көрөнөөктүгүн баяндап берчү. Биз балдар баарынан да сайроочу чымчыктарды сүйөр элек. Күкүктүн келиши бизге чоң кубаныч эле. Анткени анда жер көгөрүп, бак-дарактар гүлдөп калат.

**300-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, кара тамга менен басылган ат атоочтун кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

**Мен** жайкы каникулда тоодогу ата-энеме бардым. **Менин** келгенимди жолдошторум угушуптур. **Алар мага** келип калышты. Шаарда кандай жаңылыктар бар экенин **менден** сурашты. **Мен аларга** болгон жаңылыктарды айтып бердим. Бактыгүл **мени** үйүнө чакырды. **Мен анын** үйүнө бардым. Экөөбүз бир нече күн бирге жүрдүк. Ата-энелерибизге жардам бердик.

## 10-§. ЭТИШ

Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү этиш дейбиз.

**Этиш сөздөр *эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? эмне кылышат? эмне кылып жатышат? эмне болду?* деген суроолорго жооп берет.** Мисалы: Эртең класстык жыйналыш болот. Айна китеп окуп жатат. Окуучулар экскурсияга барып келишти.

**301-көнүгүү.** Текстти окуп, этиш сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Аларга тиешелүү суроолорду койгула.

ЫРЫС АЛДЫ — ЫНТЫМАК

Илгери бир акылман карыя болуптур. Анын үч уулу болот. Балдары атасы айткан акылды укпайт. Ар бири өз билгенин кылат. Аларга эл



күлүшөт. Кичинеси чоңуна акырая карайт. Акылман терең ойго түшөт. Ал тоого барат. Бир боо табылгы алып келет. Балдарына бир боо табылгыны сындырууну өтүнөт. Эч кимиси сындыра алышпайт. Табылгынын боосун чечет. Бирден сындыргыла дейт. Балдар табылгыны сындырып коюшат. «Силер ынтымактуу болсоңор, эч ким жеңе албайт», — дейт акылман. Ошентип, акылман балдарын бирдиктүү болууга чакырат. *(«Жомоктон»)*

**302-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, этиш сөздөрдү тапкыла.

АКЫЛДУУ МАШИНАЛАР

...Ашкан чебер, акылдуу,
Машиналар бизде көп.
Бири айдайт жеримди,
Бири чабат эгинди.
Бири конфет чыгарат.
Бири гүлдү сугарат.
Бири дөңдү түзөтөт,
Бири көктү күзөтөт.
Бири казат көмүрдү,
Бири кесет темирди.
Бири тынбай эл ташып,
Жүрөт узак жол басып...

*Абдрасул Кылычев*

**303-көнүгүү.** Зат атоочтордун кыймыл-аракетин билдирген этиш сөздөрдү таап, кошо көчүргүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Спутник... | Уй... | Ит... |
| Булбул... | Сүрөтчү... | Жылкы... |

Самолёт... Кой... Ырчы...
Поезд... Мышык... Бийчи...



**304-көнүгүү.** Төмөндө берилген тапшырманы окуп чыккыла, «***уу***» дегендин алдына бир тамга койгула, ал өзүнөн мурда айтылган сөздөр менен тикеден-тике байланышкандай болсун. Бул **«Баш тамгасын өзүң тап»** деген сөз оюнуна кирет. Чекиттин ордуна баш тамганы коюп чыккандан кийин, дагы бир жолу окугула. Андагы этиш сөздөрдү таап, айтып бергиле.

БАШ ТАМГАСЫН ӨЗҮҢ ТАП

Суюк болсо — **уу**
Ысытса — **уу**
Чурулдаса — **уу**
Кол чабылса — **уу**
Учса — **уу**
Көтөрүлсө — **уу**

*«Байчечекей» журналы*

**305-көнүгүү.** Макалдардын маанисине түшүнгүлө. Андагы этиш сөздөрдү оозеки айтып бергиле.

Аз-аздан үйрөнүп окумуштуу болот.

Гүлдөн жылан уу жыйнайт.
Гүлдөн аары бал жыйнайт.

Көп окуган көптү билет.

Темир отто чыңалат.

Иштүүгө убакыт жетпейт.
Ишсизге убакыт өтпөйт.

**306-көнүгүү.** Бул жаңылмачты жаңылбай айткыла да, андагы этиш сөздөр кайсы экенин ажыраткыла.

Үч куш учту,
Учкуч учту.

Учкучка куш,
Жете албады.

**307-көнүгүү.** Ырды окуп, андагы этиш сөздөрдү дептериңерге көчүрүп жазгыла.

Сурнай үнү жаңырат,
Барабандар кагылат,
Балдар эңсеп бул жайды,
Жай келгенче сагынат.

**308-көнүгүү.** Бул ырдагы кара тамга менен басылган сөздөрдү өз ордуна коюп окугула. Зат атооч этиш сөздөрдү ажыраткыла.

АРАЛАШ

**Төөлөр** аймап сабизди,
**Коёндор** жеп жантакты,
**Уйлар** сөөк кемирип,
**Иттер** чөп жеп чарчашты.

**309-көнүгүү.** Кыймылдарына ылайык келген заттардын атын таап, оозеки айтып бергиле.

1. Чыгат, тиет, жылытат, батат. 2. Мелмилдейт, бууракандайт, төө өркөчтөнөт, көбүктөнөт, шуулдайт, каптайт. 3. Окуйт, жазат, сүрөт тартат, жооп берет. 4. Маарайт, суу ичет, чөп оттойт, жайылат.

Ү л г ү: Күн чыгат, тиет, жылытат, батат.

**310-көнүгүү.** Төмөнкү этиш сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Ал сөздөр сүйлөмдө кандай милдет аткарганын байкагыла.

Сүзөт, зыпылдайт, дуулдайт, конот, шыңгырайт, шуулдайт, ызылдайт, кыжылдайт, жаркырайт, күйөт, шаркырайт, сызат.

**311-көнүгүү.** Табышмакты окугула. Суроо коюп, этиш сөздөрдү оозеки ажыраткыла.

Жем, чөп жебейт малга окшоп,
Бирок азбайт, семирбейт.
Гектарлап жерди аңтарып,
Чаалыкпайт да, эринбейт.
Бул эмне болучу? *(Трактор)*

**312-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, этиш сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат. 2. Өсүмдүк жарыкка умтулат, эл тынчтыкка кол сунат. 3. Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт.

**313-көнүгүү.** Аңгемени окуп, суроо коюу менен андагы этиш сөздөрдү оозеки ажыраткыла.

Каркыра-турналарды дайыма көрүүгө болбойт. Аны биз көбүнчө жазында же күзүндө гана көрөбүз. Аларды асманда катар тизилип сызып бараткан жеринен гана байкайбыз. Алар жыл сайын чоң аралыкты басып өтүшөт. Узакка учушат. Каркыралар алыскы сапарга кетүү үчүн, беш-алты жума мурда даярдана башташат. Алардын тынчы кетет. Уйкусу качат. Ошентип, мурдагы салмагын дагы жоготуп коюшат. Учуу сапарына чыкканда алар жерге аз конушат. Алар учуп бара жатып укташат. Күч-кубатын калыбына тез эле келтирип алышат.

**314-көнүгүү.** Аңгемени окуп, кыскача баяндама жазгыла.

## КАРКЫРАЛАР УЧУП БАРАТЫП УКТАШАТ

Жакында орнитологдор[1] каркыра-турнаны кармап алышкан. Алардын моюндарына кичинекей, өтө сезгич магнитофон тагып коюшкан. Ал жүрөктүн согушун текшерип, аны жерге билгизип турган. Каркыралар учканда жүрөгү тез-тез каккан. Ал эми уйкуга кеткенде жүрөктүн согушу басаңдаган. Каркыра учканда мойнун алдыга созуп, буттарын артка сунуп, канаттарын тез-тез күүлөп серпийт. Уйкуга киргенде, анын мойну шылкыят. Буттары жыйрылат. Канаттарын сейрек сермешет. Каркыралар катарынан калбас үчүн кезектешип укташат. Уктаганда көзү кадимкидей жумулат. Кулагы ойгоо бойдон калат. Угуу сезими абдан жогорулайт. Уктай турган каркыраны калгандары ортосуна алышат. Ал учуп баратып уйкуга киргенде, алдындагы, жанындагы каркыралар «тырс-тырс» деген үн чыгарып турушат. Бул уктаган каркыралар үчүн атайын белги болот. Ал үндөн учуунун багытын жана бийиктигин гана баамдабастан, канаттын кандай кагышын да сезишет. Он-жыйырма минута уктаса эле болду. Анын күч-кубаты мурдагы калыбына келе түшөт. Бул каркыра алдыга чыгат. Жол баштайт. Анын ордун чарчап калгандары ээлейт.

Алар 20—27 күн талбай уча алышат. Айрымдары алынан тайыйт. Жерге кулап да түшүшөт. Бара турган жерине жеткенде, чөп-чарды көп жейт. Бат эле семирип кетишет.

---

[1] *Орнитологдор* — канаттуулардын тиричилигине дайыма көз салып турган адамдар.

**315-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла, этиштердин астын сызгыла.

1. Килемдей төшөлгөн көк майса чөптөр эртеңки жумшак коңур желге билинер-билинбес чайкалат. 2. Бала сүйүнгөнүнөн кыйкырып жиберди. 3. Жамгыр менен жер көгөрөт. 4. Көл жактан салкын жел сокту. 5. Эр эмгегин жер жебейт. 6. Адамдар зооканы, асканы бузуп жатышты. 7. Нурбектин кубанычы кучагына батпайт. 8. Мектептерде миллиондогон өспүрүмдөр окуйт. 9. Спортсмендер чуркашты. 10. Малик менен Сапар картошка казышты. 11. Динар чоңоюп калыптыр. 12. Балдар жоголгон койду табышты. 13. Болот мени менен чөп чабышты, аларды жыйнашты.

**316-көнүгүү.** Бул сөз тизмегине төмөндөгү этиш сөздөрдүн ылайыктууларын кошуп жазып, сүйлөм түзгүлө.

Өтүкчү өтүктү...  Мугалим балдарды...
Койчу койду...  Врач ооруну...

(*Бычат, жаят, окутат, көрөт, калыптайт, кайтарат, ойнотот, дарылайт, тигет, багат, ырдатат, айыктырат.*)

**317-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Этиш сөз менен байланыштуу болгон зат атооч сөздөрдү кошуп көчүрүп жазгыла.

Ызгаардуу кыш кетти. Жаркыраган жаз келди. Жерге чөп чыкты. Айлана тукабадай кулпурду. Дыйкандар жазгы жумуштарга киришти. Мугалимибиз бизди экскурсияга алып барды. Балдар байчечекей теришти.

Үлгү: Кыш кетти. ...

## ЭТИШТИН ЖАКТАЛЫШЫ

Ат атооч жана жактама ат атоочту өткөндө, анын үч жагы (*мен, сен, ал*) болорун окуп үйрөнгөнбүз. Жактама ат атооч сөздөр менен байланышып турган этиштер кыймыл-аракеттин ошол үч жактын кимиси тарабынан иштелгендигин көрсөтөт.

**Кыймыл-аракеттин кайсы жак тарабынан иштелгенин көрсөтүшүн этиштин жакталышы дейбиз.**

Мисалы: *Мен киного бардым*. (Биринчи жак тарабынан аткарылды.) *Сен киного бардың*. (Экинчи жак тарабынан аткарылды.) *Ал киного барды*. (Үчүнчү жак тарабынан аткарылды.)

**Этиш сөздөр жекелик, көптүк жана жөнөкөй, сылык болуп да жакталат.**

Мисалы: *Сен газета окудуң*. (Жекелик, жөнөкөй түрдө.) *Сиз газета окудуңуз*. (Жекелик, сылык түрдө.) *Силер китеп окудуңуздар*. (Көптүк, сылык түрдө.) Сиздер китеп окудуңуздар. (Көптүк, сылык түрдө.)

**318-көнүгүү.** Этиш сөздөр кайсы жакта турганын аныктагыла.

1. Мен дүкөнгө бардым. Андан китеп, дептер сатып алдым. 2. Биз токойго бардык. Ал жерден козу карын тердик. 3. Сен оюн көрдүң. 4. Ал да оюн көрдү. 5. Силер жакшы окуйсуңар, окуунун мыктысы болосуңар.

**319-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна этиш сөздөрдүн жактарын улап жазгыла.

1. Биз мектепте оку...
2. Ал курортко бар...

3. Биз көчөгө чык...
4. Алар алма тер...

**320-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү жактама ат атоочторду коюп, айтып бергиле.

1. ... телевизор көрүштү.
2. ... газета окудук.
3. ... кино көрдүң.
4. ... жыйналышка катыштыңыз.

**321-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Этиш сөздөрдүн астын сызып, кайсы жакты көрсөткөнүн айтып бергиле.

1. Мен келечекте учкуч боломун. 2. Сен сүрөт ийримине катышкын. 3. Ал чоңойгондо инженер болот. 4. Биз дубал газета чыгардык. 5. Алар концерт беришти. 6. Сиздер оюн көрдүңүздөр.

## 11-§. ЭТИШТИН ЧАКТАРЫ

Биз дайыма эле бир учурда болчу кыймыл-аракет жөнүндө сүйлөбөйбүз. Кээде өтүп кеткен иш жөнүндө (*Жазуучу бир нече роман жазган*), кээде болуп жаткан иш жөнүндө (*Эмгекчилер тынчтык үчүн күрөшүп жатышат*), кээде боло турган иш жөнүндө (*Биздин өлкөдө дагы заводдор курулат*) сүйлөйбүз.

Демек, этиш сөздөр кыймыл-аракеттин мезгилин да көрсөтөт. Ошого карата үч чакка бөлүнөт: *өткөн чак, учур чак, келер чак*.

**322-көнүгүү.** Схеманы карап, этиштин чактарга бөлүнүшүн байкагыла.

## Этиштин чакка бөлүнүш схемасы

| Өткөн чак | Учур чак | Келер чак |
| --- | --- | --- |
| Эмне кылды? Окуду. | Эмне кылып жатат? Окуп жатат. | Эмне кылат? Окуйт. |

**323-көнүгүү.** Жомокту окуп чыгып, андагы этиш сөздөр кайсы чакты көрсөтүп турганын оозеки айтып бергиле.

### КИМДИН БАЛАСЫ ЖАКШЫ?

Эки аял кудуктан суу алып жаткан. Ага үчүнчү аял келип кошулду. Ангыча эпейген бир чал тыныгуу үчүн ташка отура кетти. Аялдардын бири экинчисине мындай деди:

— Менин уулум шамдагай да, күчтүү да, ага эч ким тең келбейт.

— Менин уулум булбулдай сайрайт. Анын үнүндөй үн эч кимде жок, — деди экинчиси.

— Сен өзүңдүн уулуң жөнүндө эмнеге айтпайсың? — дешти жанындагы аялдар.

— Эмне айтмак элем, — деди жанагы аял. — Анын эч кандай өзгөчөлүктүү жагы жок.

Аңгыча алардын алдынан үч бала чуркап чыкты.

Балдардын бири оңко-чоңко атып чимирилет, аялдар ага танданышты.

Экинчи бала үнүн булбулдай кубулжутуп ырдады эле, аялдар кулактарын түрүп калышты.

Үчүнчү бала болсо чуркап келип, апасынан чакаларын алды да, көтөрүп жөнөдү. *(В. О.)*

**324-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Андагы этиш сөздөрдү чактарга ажыратып айтып бергиле.

1. Жамийла ырдап жатат.
2. Жамийла ырдаган.
3. Жамийла ырдайт.

**325-көнүгүү.** Суроолорго ылайык келген этиштерди таап дептериңерге жазгыла.

1. Эмне кылып жатат?...
2. Эмне кылды?...
3. Эмне кылат?...

**326-көнүгүү.** Окугула да, этиш сөздөрдү таап жазгыла.

Кожолуктун уйлары кышында колдо багылып жатат. Саанчылар уйларды саап жатышат. Уйларга үч маал чөп чачылат. Өткөн жылы уйчу болуп Төлөмүш, Жолдошбай иштешкен. Быйыл да алар иштеп жатышат. Жазында уйлар жайытка чыгарылат. Жайында тоодо багылат.

**327-көнүгүү.** Этиш сөздөрдү таап, оозеки айтып бергиле.

...Кулунумду кулпунтуп,
Өстүрөмүн, таптаймын.
Өзүм минип жулкунтуп,
Элдин чегин сактаймын...

Кыжылдаган аарылар,
Гүлдү соруп кайнаган.
Арпа, буудай денине,
Аппак сүтүн жыйнаган.
Сайгак үнүн укканда,
Саан уйлар туйлаган.

*Аалы Токомбаев*



**328-көнүгүү.** Аңгемени окугула. Сүйлөмдөрдөгү этиш сөздөрдүн кайсы чакты билдиргенин айтып бергиле.

## ЧАБАЛЕКЕЙ МЕНЕН ЖЫЛАН

Четки тамдын астына келип, эки чабалекей уя жасоого балчык ташышты. Балчыгын катар-катар кылып тизмекчи болушту. Бирок балчык токтогон жок, жылбышып туруп алды.

Ошондуктан чабалекейлер балчыкты төмөнгө, жүнгө, кылга аралаштырып алып келишти. Аны балдардын жалаган жүк ташындай кылып, биринин үстүнө бирин эп кыйыштырып, тизе башташы. Балчык мурункусундай жылбышпай, желимдей жабыша берди.

Уя бир нече күндөн кийин чөйчөккө окшоп даяр болду. Сырты быдыр ала тартып аралашкан кыл, жүндөрү самсаалап чыгып турат.

Эки чабалекейдин бирөө күн-түн дебей уясында жатты. Экинчиси ага тамак ташып келет. Беш-алты күн өткөндө уяда жатканы беш жумуртка тууду.

Арадан көп өтпөй чабалакей балапан ачты. Ошол учурда тамга жанашкан дарак менен жылан ууяны көздөй чыга баштады. Чабалекей, жылан балдарымды жейт экен, деп коркту. Жаны калбай чырылдап, уясынан учуп тышка чыкты. Жылан сойлоп чыгып келе жатты. Балдарын жоодон сактамакчы болуп, канаты менен жыланды чаап өттү. Бирок аны жылан тоотподу, башын көтөрүп коюп, жогору жыла баштады. Жолдон өтүп бара жатып муну көргөн абышка жыланды өлтүрүп анын балдарын куткарып калды.

## ӨТКӨН ЧАК

**Өткөн чак кыймыл-аракеттин мурда болуп өткөндүгүн билдирет. Ага *эмне кылды?, эмне кылышты?* деген суроолор берилет.** Мисалы: *Жаз келди. Жерге көк чөп чыкты. Мал тоюнду. Адамдар жеңил кийим кийиништи.*

**329-көнүгүү.** Аңгемени окуп, өткөн чакта турган этиштерди таап, аларга оозеки суроолор берип ажыраткыла.

— Мен жакшы көрөм гүлдөрдү — деп, Айгүл гүлдөрүнө суу куйду..

— Сенден мен жакшы көрөм! — деди Салкын мактанып, гүлдөрүн жыттагылады, өпкүлөдү. Ошентип, ал гүлдөрүн тырсылдатып үзүп алып, катып койду.

— Эртеси караса «катып койгон» гүлдөрүнүн өңү өчкөн, солуган. Айгүл болсо гүлдөрүн үзбөй суу

сээп койгон. Ошондуктан анын гүлдөрү кызыл-тазыл болуп, жайнап чыгыптыр...

Буга Салкындын ичи күйдү, ыйлады. Гүлдөрү да шүмүрөйдү, солуп калды. (*Ш.С.*)

**330-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула. Бир эле заттын бир нече кыймылын көрсөткөн этиш сөздөрдү айтып бергиле.

1. Өрүк гүлдөдү, мөмө байлады, саргайды, бышты.
2. Жаан жаады, куйду, төктү, үшүттү, шөмтүрөттү.
3. Пияз себилди, өндү, чоңойду, казылды.
4. Күн чыкты, тийди, ысытты, батты.

**331-көнүгүү.** Төмөндөгү зат атоочко тиешелүү болгон этиш сөздөрдү үлгүдөгүдөй кылып иштегиле.

1. Бака...
2. Жылан...
3. Сагызган...
4. Торгой...
5. Торгой...

Үлгү: Торгой сайрады.

**332-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыгып, тиешелүү суроолор аркылуу өткөн чак этишти тапкыла.

### АК КУУЛАР

Ак куулар бул жерге суук түшө баштаганда жылуу жактарга топ-топ болуп учуп жатышты. Алар деңиздерди басып өтүштү. Алар күнү-түнү менен учушту. Ай жарык болгондуктан, ак кууларга алыстан алды жактагы көгөрүп жаткан деңиз көрүнүп турду. Канаттарын токтоосуз кага беришип, ак куулардын баары алсызданышты. Бирок алар токтолбостон илгери уча беришти. Эң алдында ак куулардын улгайгандары, күчтүүлөрү,



артында жаш жана чабалдары учуп бара жатышты. *(Л. Т.)*



**333-көнүгүү.** Этиштин өткөн чагын көрсөткөн сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

Иш бир аз сээлдей түштү. Жекшембиге караган түнү эл Шамбеттикине чогулушту. Жакып курбусу жөнүндө өзү билген чындыкты баяндоого отурду. Бул акыбал Айганышка оор кабарды билдире турган болду. *(Т. С.)*

**334-көнүгүү. Эмне менен эмне кылды?** деген суроого толук жооп жазгыла. Этиш сөздөр кайсы чакты көрсөтүп турганын айтып бергиле.

1. Балта менен отунду жарды, араа менен...
2. Шибеге менен ботинканы жамады, ийне менен көйнөк...

3. Калем менен жазды, сызгыч менен...
4. Бычак менен этти кести, кашык менен шорпону...
5. Чыныга чай куйду, казанга эт...

**335-көнүгүү. Кайсынысы кандай үн чыгарды?** деген суроого толук жооп айткыла. Этиш сөздөр кайсы чакты көрсөткөнүн түшүндүрүп бергиле.

1. Уй мөөрөдү, кой...
2. Жылкы кишенеди, төө...
3. Ит үрдү, карышкыр...
4. Сагызган шакылыктады, булбул...
5. Бала ыйлады, атасы...

**336-көнүгүү.** Аңгемени көчүрүп жазып, өткөн чакты көрсөткөн этиштердин астын сызгыла.

БИЗДИН КИТЕПКАНА

Биздин мектептеги китепканада балдарга арналган түрдүү адабий китептер бар. Мен ал китептердин бир тобун окуп чыктым. Окуган китептеримдин ичинен «Күнүн сыры» деген китеп мага өтө жакты. Мен бул китепти кызыккандык менен окуп чыктым. Аны сүйүктүү жазуучубуз А. Токомбаев жазган. Мен бул китепти окуй электе эле А. Токомбаев жөнүндө түшүнүк алганмын. Мен да келечекте ошондой акын, жазуучу болгум келди.

Түрдүү адабий китептерди көп окуу сабакка жетишип кетүүмө жардам берди. Азыр адабий китептерден башка газета, журналдарды да үзбөй окуйм.

**337-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна өткөн чакта турган этиштерди таап жазгыла.

1. Кенже да, Чолпон да лагерге ... . Алар көңүлдүү дем... . 2. Сайра самолёт менен Ферганага ... . 3. Болот футбол көрүү үчүн стадионго... . 4. Мугалимибиз бизге жомок... . 5. Окуучулар газета-журналдарга... . 6. Акмат көлгө... . 7. Балыкчылар балык... .

**338-көнүгүү.** **Ким эмне кылды?** деген суроого толук жооп бергиле. Ал этиштин кайсы чагын көрсөтүп турганын айткыла.

1. Мугалим окутту, окуучу окуду.
2. Мергенчи карышкырды атты, балыкчы балык ... .
3. Койчу кой кайтарды, уйчу уй..
4. Комузчу комуз чертти, бийчи...

## УЧУР ЧАК

**Учур чак кыймыл-аракеттин азыр болуп жаткандыгын билдирип, эмне кылып жатат?** деген суроого жооп берет.

Мисалы: *Асан окуп жатат*. *Сайра угуп олтурат*.

**339-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Учур чакты көрсөткөн сөздөрдүн астын сызып, суроолорун койгула.

1. Саалы окуп жатат. 2. Ашым киного бара жатат. 3. Апам уй саап жатат. 4. Дыйкандар жашылча-жемиштерди жыйнап жатышат. 5. Студенттер дилбаян жазып жатышат. 6. Дарыгер оорулуу адамды дарылап жатат. 7. Бухгал-

тер эмгекчилердин эмгек күнүн эсептеп жатат. 8. Кассир жумушчуларга айлык акысын берип жатат.

Этиштин учур чагы көбүнчө эки же андан көп сөздөн түзүлөт. Ал ***-ып, -а*** мүчөлөрүнүн бирөө уланган негизги этиштерге ***отур, тур, жүр, жат*** деген сыяктуу жардамчы этиштердин айкашып айтылышы аркылуу түзүлөт.

Мисалы: *Аалы ыр жазып жатат*. *Сен мектепке бара жатасың*.

Учур чак да жекелик, көптүк жана жөнөкөй, сылык болуп өзгөрөт.

**Жекелик сан**

1. Мен жазып олтурамын (жөнөкөй).
2. Сен жазып олтурасың (жөнөкөй).
   Сиз жазып олтурасыз (сылык).
3. Ал жазып олтурат (жөнөкөй).

**Көптүк сан**

1. Биз жазып олтурабыз (жөнөкөй).
2. Силер жазып олтурасыңар (жөнөкөй).
   Сиздер жазып олтурасыздар (сылык).
3. Алар жазып олтурушат (жөнөкөй).

**340-көнүгүү.** Берилген сөздөрдү учур чактын көптүк саны боюнча өзгөрткүлө.

Казып жатамын, бара жатасың, ойноп жатат.

**341-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдүн берген маанисине ылайык көп чекиттин ордуна учур чакты көрсөткөн этиш сөздөрдү кошуп көчүргүлө.

1. Мен төртүнчү класста... 2. Менин эжем сегизинчи класста... 3. Атам кошунанын сарайын көздөй... 4. Комбайн менен буудайды... 5. Сугатчылар кожолуктун бедесин... 6. Балдар жүгөрүнү...

**342-көнүгүү.** Этиш сөздөр кайсы чакты көрсөткөндүгүн айтып бергиле.

1. Уй оттоп жатат. 2. Булбул сайрап жатат. 3. Ит үрүп жатат. 4. Самолёт учуп бара жатат. 5. Тоок жем жеп жатат.

## КЕЛЕР ЧАК

**Келер чак кыймыл-аракеттин алдыда боло тургандыгын билгизип, *эмне кылат? эмне кылышат?* деген суроолорго жооп берет.** Мисалы: *Жакында Айша Каршы шаарына барат. Ал шаарда бир ай турат. Шаар менен жакшы таанышып келет.*

**343-көнүгүү.** Аңгемени окуп, келер чак этиштерди тапкыла.

### КОЁН ПАЙДАЛУУ

Коёндун эти желет. Анын терисинен жака, тумак жасалат. Анын тыбытынан жылуу кийимдер даярдалат. Коён тажрыйба жүргүзүү үчүн да керектелет. Коёндордун түрлөрү көп. Коёнду жакшылап өстүрсө, эти 7—8 килограммга жетет. Бир тубар коён жылда 7—8 жолу төлдөйт. Ал орто эсеп менен 44—50 гө чейин бөжөк тууйт. Коёндун эти даамдуу, аш болумдуу келет. Көбүнчө

жаш балдарга, карыган адамдарга коёндун этин жеш сунуш кылынат. Коёндор көбүнчө колдо багылат. Алар жүгөрүнүн бакалын, чөп, кызылчаны, капустаны жешет. Коёнду багып өстүрүү үчүн атайын фермалар уюштурулган. Мектептердеги балдар да коён багышат.

**344-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Этиштин келер чагын билдирген сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Аттар жатканга караганда туруп турганда жакшы укташат. Алар бир нече ай бою жатпастан да жүрө беришет.

2. Фергана өрөөнүндө пахта эгилет. Пахта эгилүүчү жерлерге жер семирткичтер чачылат. Пахта беш-алты жолу сугарылат. Пахта бышканда терилет. Пахтадан ар түрдүү кездемелер токулат.

**345-көнүгүү.** Окуп чыгып, келер чактагы этиштерди тапкыла.

Жаз айлары келсе, ыргалып чыккан көктүн жыты буркурап, жарпыңды жазат. Семиз жердин жыты мурунга урунса, нан сыяктуу, ырыскы сыяктуу жыттанат. Күн ачылар. Силер эртең кетерсиңер. Эми сен жөнүндө сүйлөйт. Мектепте жакшы окуганга аракеттенем. Мен дагы келечекте жаш муундарды тарбиялайм. Биз жакында экскурсияга чыгабыз.

**346-көнүгүү.** Этиштин келер чагын билдирген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

...барамын..., отоймун..., иштешет..., санайбыз..., келишет.

**347-көнүгүү.** Окуп чыгып, көп чекиттин ордуна келер чактын мүчөлөрүн улап айтып бергиле.

Жаз мезгили тиричиликтин баарына бирдей көрк берет. Бак-дарактар бүрдөйт жана гүлдөйт. Гүлдөр гүл ачат. Булбулдар сайрашат. Эгин талаасы көк тукабадай жайкалат. Жалбырактар жайылып, денесин гүлгө тосот. Жемиш бактары мөмө байлайт. Жетилүүгө шашат. Жайкы желдин соккунунан нечен түрдүү өсүмдүктөрдүн атыр жыттуу жыты бардыгына бирдей жыттанат. Канаттуулар уя салышат.

Балдар жазында окуусун бүтүшөт. Жайкы дем алууга камынышат.

**348-көнүгүү.** Этиш сөздөрдү келер чак менен жекелик, көптүк жана жөнөкөй, сылык түрдө өзгөрткүлө.

Иште, чий, чене, жап, көтөр, бар.

**349-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп, келер чак этиш сөздөрдүн астын сызгыла.

1. Иштүүнүн иши бүтөр, ишсиздин күнү өтөр. 2. Биргелешкен озор, биргелешпеген тозор. Тама-тама көл болор, тамбай калса чөл болор.

**350-көнүгүү.** Төмөнкү ырларды окугула. Келер чакты билдирген этиш сөздөрдү көчүрүп жазгыла.

Алыс жерден жол басып,
Чабалекей да келет.
Ылайдан уя курушат,

Адам менен аралаш,
Жакын эле турушат. *(К. Э.)*

Атам Манас сыяктуу,
Эр болсом деп тилеймин.
Душман кечип өтө албас,
Көл болсом деп тилеймин. *(Ж. Б.)*

Калем ок, калем бомба, калем найза,
Бузат, тешет, талкалайт ташты сайса. *(А. Т.)*

## СИНОНИМ ЭТИШТЕР

**Мааниси жагынан бири-бирине жакын айтылган этиштерди синоним этиштер дейбиз.**

1. *Жүгүр — чурка*.
2. *Сүйлөдү — айтты*.
3. *Жолукту — кезикти*.
4. *Кайтарды — бакты*.

**351-көнүгүү.** Этиш сөздөрдүн синонимдерин таап жазгыла.

1. Сүйлөштү —
2. Күлдү —
3. Иштеди —
4. Күйдү —
5. Кайнады —
6. Күрөштү —

Үлгү: *Сүйлөштү — маектешти, аңгемелешти*.

**352-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөгү этиш сөздөрдү кашаада көрсөтүлгөн этиштердин ылайыктуулары менен алмаштырып окугула.

1. Буудайдын планы орундалды. 2. Назгүл кызыктуу китеп окуду. 3. Акын Жалил Садыков окуучулар менен жолугушту. (Аткарылды, кездешти.)

# АНТОНИМ ЭТИШТЕР

**Бири-бирине карама-каршы мааниде айтылган этиш сөздөрдү антоним этиштер дейбиз.**

1. *Тапты — жоготту*.
2. *Ачты — жапты*.
3. *Келди — кетти*.
4. *Алды — берди*.
5. *Уктады — ойгонду*.

**353-көнүгүү.** Этиш сөздөрдүн антонимдерин таап жазгыла.

1. Басты —
2. Күлдү —
3. Кыйкырды —
4. Оттоду —
5. Сайрады —
6. Ырдады —

Ү л г ү : *Басты — жүгүрдү*.

**354-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөгү этиш сөздөрдүн антонимдерин оозеки ажыраткыла.

Мен эшикти жаптым, ал эшикти ачты. Мен жогору чыксам, ал төмөн түшөт.

**355-көнүгүү.** **Табат, тарат, тебет, төлөт, тат, тыт, как** деген сөздөрдү башынан аягына карай жана аягынан башына карай окугула. Берген маанилери бирдейби же жокпу? Бул сөздөрдү муунга ажыраткыла.



# ЭТИШТИН ЧАКТАРЫН КЕПТЕ ТУУРА КОЛДОНУУ

**356-көнүгүү.** Өткөн чакты учур чакка, учур чакты келер чакка айландыргыла.

Окуган — окуп жатат — окуйт.
Жазган — жазып жатат — жазат.

Иштеген.....................
Сүйлөгөн....................
Бийледи.....................
Ырдады......................

**357-көнүгүү.** Учур чакты өткөн чакка, келер чакка айландыргыла.

Көрүп жатат — көргөн — көрмөк.
Ойноп жатат.............
Жүгүрүп жатат..........
Күлүп жатат..............
Орундатып жатат.......

**358-көнүгүү.** Келер чакты учур чакка, өткөн чакка айландыргыла.

Үрөт — үрүп жатат — үргөн.
Тиштейт.....................
Ичет...........................
Киет...........................
Чиет...........................

**359-көнүгүү.** Макалдарды окуп, андагы этиш сөздөр кайсы чакты көрсөтүп турганын аныктагыла.

1. Дарак бир жерде көгөрөт.
2. Көчөт тиккен көлөкөсүндө олтурат.
3. Жакшы сүйлөсө, оозунан гүл төгүлөт.
4. Зордоп ачкан гүлдүн жыты болбойт.
5. Жалкоо басышынан билинет.
6. Кыймылдаган кыр ашат.
7. Сөзду чын токтотот. Сууну чым токтотот.

# IV ЧЕЙРЕК

## 12-§. ТАКТООЧ

**Кыймыл-аракеттин мезгилин, убагын, ордун көрсөткөн сөздөрдү орун, мезгил тактоочтор дейбиз. Орун, мезгил тактоочторго *качан? кайсы убакта? кайда? кайдан? каерде?* деген суроолор берилет.**

Мисалы: *Атам заводдон кечинде келет. Анын карааны алда кайдан көрүнүп турат.*

Биринчи сүйлөмдөгү ***кечинде*** деген сөз кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүп, мезгил тактоочтук, ал эми экинчи сүйлөмдөгү ***алда кайдан*** деген сөз кыймыл-аракеттин ордун көрсөтүп, орун тактоочтук милдетти аткарды.

**360-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Зат атооч, ат атооч, этиш сөздөрдү таап, айтып бергиле. Кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөткөн сөздөр кезигеби? Аларды тапкыла.

Бүгүн биз киного барабыз. Айша эртең театрга барат. Жазында бак-дарактар бүрдөйт. Айланага көк чөп чыгып, адамдар жеңил кийинишет.

**361-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тактоочтордун астын сызгыла.

Кечээ биз жемиш багына экскурсияга бардык. Бүгүн анда көргөндөрүбүздү класста талкууладык. Эртең эмне көргөнүбүз-билгенибиз жөнүндө дилбаян жазабыз. Кийин аны окуп беребиз.



**362-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна берилген татаал этиштердин ылайыктуусун коюп, текстти окугула.

## ТАШ БАКА

Асел жап-жашыл чөптөрдүн арасында жаткан таш баканы... . Асел ага жакын келип тамаша... . Таш бака кыймылдабады. Таш бака уктап жаткан болсо керек, деп ойлоду да, аны ойготуу үчүн таш кесесин абайлап сылады. Бир маалда таш кесенин үстүндөгү кандын издерине... . Таш баканы тезинен үйүнө... . Анын жарылган таш кесесин курбусу Нургүлдүн жардамында бинт менен бекем... .

— Эми ал жашайбы? — деп сурады атасынан.

— Жакшылап карасаң, айыгып кетет, — деди атасы. Бул сөздөрдөн Асел... .

Колдонулуучу сөздөр: *кыла баштады, кубанып кетти, көрүп калды, байлап (таңып) койду, алып келди, көзү түштү*.

## ТАТААЛ ЭТИШТЕР

**Эки (же андан ашык) сөздөн түзүлгөн этиштер татаал этиштер деп аталат.**

Мисалы: *айтып берди, жооп берди, кол койду, кулак салды, баш тартты*.

Татаал этиштин курамындагы ар бир сөз бөлөк-бөлөк жазылат.

**Бир гана сөздөн турган этиш жөнөкөй этиш деп аталат.**

Мисалы: *жаздым, бардым, келдим*.

**363-көнүгүү.** Текстти окуп чыккыла да, татаал этиштерди тапкыла.

1. Балдар эрте жаздын тунук абасынан терең дем алышып, Салыйдын ырын тыңшашып, көңүлдүү бара жатышты. *(Ш.Б.)* 2. Зуура комузду колго алып черте баштаганда, карыялар үнсүз-сөзсүз отуруп угушту. 3. Шар аккан суунун агымын жээктеген жол барган сайын тоо койнун карай жогорулай берет. 4. Тентек балдар ызалап койбосун, көз кырыңды сала жүр. *(Т.С.)* 5. Бирок андан кийин дагы бир айга чейин эртели-кеч бир убак келип-кетип жүрүштү. 6. Уулум экөөбүз эптеп эжеңди багып турабыз. *(М.А.)* 7. Бул кырдан айлананын бардыгы даана көрүнүп турат. *(К.Ж.)*

**364-көнүгүү.** Окугула. Кара тамга менен басылган этиштерге суроо бергиле.

1. Мен бүгүн иниме жомок **айтып бердим.** 2. Коноктордун алдын **тосуп чык.** 3. Кечинде жакшы кино **көрдүк.** 4. Баатыр бул адам ушунча шар менен кантип асманга учуп кетпегенине **таң калды.** 5. Шакир сумкасынан ручкасын алды да, мугалимине **берди.** 6. Мен ырды жакшы **көрөмүн.** 7. Канаттуулар бийик-бийик **учушту.**

Ажыратып көрсөтүлгөн этиштер канча сөздөн түзүлгөн?

**365-көнүгүү.** Окугула. Этиштерди таап, ар бир этиштин канча сөздөн түзүлгөнүн айтып бергиле.

1. Жаш окумуштуу айдын толук тутулушун аныктады жана аны күзөтүүгө даярдыгын көрө баштады. 2. Бүгүн куурларды алып келиштиби? 3. Окуучулар гербарийлер жыйнап келишти. 4. Талааларда, бактарда жана көчөлөрдө жумуш күчөп кетти. 5. Балдар мисалдарды иштөөгө аракет кылышты. 6. Биз канаттууларды сүйөбүз. 7. Аларга камкордук көрсөтөбүз. Жамгыр жаады. Күн ачылды.

Бир сөздөн турган этиштерди сол жакка, эки же андан ашык сөздөн турган этиштерди оң жакка устун түрүндө көчүргүлө.

**366-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, орун жана мезгил тактоочторду оозеки ажыраткыла. Аларга берилүүчү суроолорду айтып бергиле.

1. Жакында майрам болот. Биздин класстын окуучулары ага азыртан даярдык көрө башташты. 2. Гүлмира былтыр Чырчыкка барып келди. Мен быйыл Акташтагы эс алуу лагерине барамын.

Орун тактоочторго: *өйдө, төмөн, жогору, илгери, ылдый, ары, бери, алга, артка* деген сөздөр кирет.

**367-көнүгүү.** Орун тактоочторду катыштырып, сүйлөм түзгүлө.

Жогору, ыраакта, алда, кайдан, өйдө, ылдый, төмөн.

**Мезгил тактоочторго:** *бүгүн, эртең, бүрсүгүнү, быйыл, былтыр, эртең менен, кечинде, түштө, адегенде, азыр, жакында* деген сөздөр кирет.

Мисалы: *Сатар эртең менен турду.* *Сатар түштө мектепке жөнөдү.* *Сатар кечинде уктады.*

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле. Мезгил тактоочторду айтып бергиле.

— Сен бүгүн кайда барасың?
— Эртең экскурсияга кимдер барышат?
— Сен жакында шаарга барасыңбы?



## СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮН КАЙТАЛОО

**368-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыгып, этиш сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Ал сөздөрдү чагы, жагы боюнча ажыраткыла.

### ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮНДӨ

Кыш мезгилинин жакындаганы жаныбарлар дүйнөсүнөн да сезилет. Жайдын ысыгында тоолордун мемиреген тынчтыгын бузган суулардын үн салганы кулакка угулбайт. Сары чычканды жаз чыкканга чейин кезиктире албайсың. Кышкы суукта аюу, жарганат, сары чычкан, суур, кашкулак чээнге кирет. Алар өзүлөрүнүн тиричилигин кыш бою уйку менен өткөрүшөт.

**369-көнүгүү.** Ырды окуп чыккыла. Андагы этиш сөздөрдү айтып бергиле.

### ЭЖЕКЕМДЕЙ БОЛОМУН

Эжекемдин өрнөгүн
Эмгегинен көргөмүн.
Даңкы кыйын экен деп,
Далай көңүл бөлөмүн.
Эжекемдин өрнөгүн,
Орденинен көргөмүн.
Ай ушундай болсом деп,
Артык көңүл бөлгөмүн.
Эжекемдин өрнөгүн,
Кайратынан көргөмүн.
Кызылчасын казышып,
Кыйла жардам бергемин.

*(И.И.)*

**370-көнүгүү.** Ырды окугула, андагы зат атооч сөздөрдү ажыраткыла. Зат атоочтор кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

Туйгундун көркү түлөктө,
Баатырдын көркү жүрөктө.
Балбандын көркү билекте,
Өрдөктүн көркү чүрөктө.
Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде.
Акыл айтсаң тыңшабайт.
Акмактын көркү жемеде.

*Токтогул*

**371-көнүгүү.** Текстти окуп чыгып, андагы зат атооч, сын атооч сөздөрдү оозеки ажыраткыла.

Өзбекстанда учурай турган өсүмдүктөрдүн жарымынан көбүн бир жылдык өсүмдүктөр түзөт. Алардын айрымдары бир-эки апта жашаса, башкалары эрте жаздан кеч күзгө чейин өсүп турат. Буларга ак шоро, музоо баш, кара баркыт сыяктуу суусуз, адаттан тышкары шартта өсүүчү, өзөгүндө көп өлчөмдө суу сактоочу сейрек өсүмдүктөр кирет. Айыл чарбасында өстүрүлүүчү маданий өсүмдүктөрдүн көпчүлүгү бир жылдык өсүмдүктөр. Буларга пахта, буудай, арпа, жер жаңгак, буурчак, помидор, калемпир, коон, дарбыз жана башкалар кирет. Бир жылдык чөптөрдүн арасынан эң майда, жер бетинен 5—20 см көтөрүлүп өсүүчү кой тикен сыяктууларды, бою 1 м ге жеткен жана андан да аша турган кене күнжүт, жүгөрү жана кенепке окшош өсүмдүктөрдү да көп учуратууга болот.

**372-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, ат атооч сөздөрдү ажыраткыла.

1. Биздин чарбанын 30 миң коюу, 2 миң уюу, бир миң жылкысы бар. Менин атам чабан болуп иштейт. Ал 400 тубар кой багат. Быйыл ар бир жүз тубар койдон 130 дан козу алды. Ашымдын атасы да чабан болуп иштейт. Анын атасы жүз тубар койдон 125 тен козу алды. Ал да чарбанын алдыңкы чабандарынын бири.

**373-көнүгүү.** Дилбаян. «Менин бир күндүк ишим» деген темада аңгеме жазгыла. Аңгемеде эртеден кечке эмне иштегениңерди кыскача баяндап бергиле.

**374-көнүгүү.** Дилбаян. **«Мен жазгы каникулду кандайча өткөрөмүн?»** деген темада дилбаян жазгыла. Дилбаян жазгы каникулду кайда, кандайча өткөрө тургандыгыңарды, ата-энеңерге көрсөтө турган жардамыңарды, кандай китептерди окуй турганыңарды ырааттуу кылып жазгыла.

## 13-§. СҮЙЛӨМ

**Айрым бүткөн бир ойду билдирүүчү сөз же сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат.**

**375-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула да, анда канча сүйлөм бар экендигин ажыраткыла.

Жаз келди. Айлана көк-жашыл көрккө келди. Малдар талаага жайылды. Алар жазгы эмгекке кызуу киришти. Алгачкы жаз гүлдөрү ачылды.

**376-көнүгүү.** Текстти окугула. Ар бир сүйлөм канча сөздөн турганын айтып бергиле.

### ЖЫЛКЫ КАНТИП УКТАЙТ?

Жылкы жашоосун басып өткөрөт. Ал тургай ал уктаганда да туруп уктайт. Жаны кыйналганда гана жатат. Азыркы жылкы заводунда өстүрүлгөн жылкылардын кыйла өзгөчөлүгү бар. Алар көбүнчө колдо багылат. Жылуу сарайларда кармалат. Сарайга саман, жыгач таарындыларын салышат. Аткананын ичи кургак болот. Аларды таза багышат. Мындай багылган жылкылар төрт бутун бүгүп эркинче укташат.

*«Байчечекей» журналынан*

**377-көнүгүү.** Ырды көчүрүп жазгыла. Анда канча сүйлөм бар экендигин айтып бергиле.

Жайлоонун көркү ачылат,
Жайылып жаткан мал менен.
Булбулдун үнү ачылат,
Буралган кырчын тал менен.
Айылдын көркү ачылат,
Көк шибер майдан саз менен.
Дайранын көркү ачылат,
Айланган өрдөк, каз менен.

*Токтогул*

**378-көнүгүү.** Бул сүйлөмдөр ой-пикирди кандайча баяндаганын ажыраткыла. Айтылуучу ой-пикирди жайынча баяндадыбы, же суроо иретинде айтылдыбы? Же күчтүү сезим менен айтылдыбы?

1. Гүлдөй бер элим! Гүлдөй бер!
2. Жашасын тынчтык!
3. Көп иштеген көнүгөт. Эмгекчил киши карыбайт.
4. Кана, сенин кылган ишиң?
5. Биз силер менен бирге болобузбу?

**379-көнүгүү.** Төмөнкү жаңылмачты окугула да, кайрадан так айтып бергиле. Айтылышына карай кандай сүйлөмдөрдөн турганын аныктагыла.

Жылкы жыйырмага чыкпай картаябы?
Картайган жылкынын сөөгү аркаярбы?
Картайган картаң жылкыны,
Картайган киши кайтарарбы?

*Эл казынасынан*

**380-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Кандай сүйлөм экендигин айтып бергиле.

Бах, эмгек сүйгөн кишилер алп экен го! Энесай, сендей жаркын мекен барбы? Бул жомок — эзелки окуя.

**381-көнүгүү.** Ырды окуп чыккыла. Тыныш белгилерине карай кандай сүйлөмдөр экенин айтып бергиле.

Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың?
Ак саманды жаман деп,
Чөптү кайдан табасың?
Жарма, чайды жаман деп,
Этти кайдан табасың?
Акындарды жаман деп,
Кепти кайдан табасың?

*Токтогул*

**382-көнүгүү.** Табышмактарды окуп чыгып, анын жообун тапкыла. Анда кандай сүйлөмдөр бар экендигин айтып бергиле.

Кагаз сунсаң кант берет,
Кечиктирбей бат берет.
Тапкыч балдар ойлонуп,
Буга кандай ат берет?

*(Дүкөнчү)*

Баш жагында «О»су бар.
Ортосунда тоосу бар.
Тапкылачы ойлонуп,
Татынакай кайсы шаар?

*(Ош)*

# 14-§. СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮ

**383-көнүгүү.** Макалдарды окуп чыгып, андагы сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн (ээ, баяндоочун) оозеки ажыраткыла.

1. Эл кулагы элүү.
2. Шумкар учушунан таанылат.
3. Кыймылдаган адам кыр ашат.
4. Дарак жемишинен таанылат.
   Адам акылынан таанылат.
5. Кыймылсыз дене шалга айланат.

**384-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыккыла. Ар бир сүйлөмдүн ээ, баяндоочун таап, дептериңерге көчүрүп, ээнин астын бир, баяндоочтун астын эки сызгыла.

## СУУ

Суу — бүткүл табияттын сыймыгы. Суу бир жерде тынч турбайт. Ал сай-сайдан шаркырап агат. Суу жаратылышты жандандырат. Өзөндүн суулары эч качан токтолбойт. Суусуз адам жашай албайт. Өсүмдүктөр өспөйт. Суу бардык нерсеге керек.

**385-көнүгүү.** Жаңылмачты окугула. Оозеки жаңылбай айтып бергиле. Андан кийин көчүрүп жазып, сүйлөмдүн ээ, баяндоочун сызып ажыраткыла.

Каз кызды кубалады.
Кайра кыз казды кубалады.
Каз кубаладыбы?
Кыз кубаладыбы?
Каз убарабы?
Кыз убарабы?

Каз кубанабы?
Кыз кубанабы?

**386-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдүн ээлерине тушундагы баяндоочтордун тиешелүүсүн кошуп жазгыла.

| **Ээлер:** | **Баяндоочтор:** |
|---|---|
| Карга | шакылыктады |
| Сагызган | каркылдады |
| Торгой | кыйкырды |
| Короз | бытбылдыктады |
| Бөдөнө | шаңшыды |
| Бүркүт | сайрады |

**387-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна кандай сөз ылайык келерин маанисине карай тапкыла. Ал сөздөр кандай милдет аткарды?

...атты. ...чыкты. ...айланага нурун төктү. ...оокатын ичишти. ... кирди. ...түнкү уйкуга кирдик.

**388-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, сүйлөмдүн ээ, баяндоочун тапкыла.

Бул токойдо өсүмдүктөрдүн баары жолугат. Андан асман тиреген карагайларды көрөсүң. Кайыңдар бар. Четин өсөт. Арчалар буруксуйт. Чычырканактар чырмалышат.

## 15-§. СҮЙЛӨМДҮН АЙКЫНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮ

**Сүйлөм ээ, баяндоочтон башка да, айкындооч мүчөлөрдүн катышуусу менен түзүлөт. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнөн башка сөздөр сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү деп аталат.**

Мисалы: *Биз* ***каникулга*** *тарадык. Мен* ***жайлоого*** *бардым. Гүлай* ***шаарга*** *кетти. Биз* ***көңүлдүү*** *эс алдык.*

**389-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, андагы айкындооч мүчөлөрдү ажыраткыла.

Жай айы келди. Малдар жайлоого чыгарылды. Асандын атасы — койчу. Ал Белдирсай жайлоосуна чыгат. Баккан койлору семиз. Сентябрь айында жайлоодон келишет. Асан атасына жардам берет.

**390-көнүгүү.** Макалдарды көчүрүп жазып, андагы айкындооч мүчөлөрдүн астын сызгыла.

1. Көп жашаган адам максатына жетет.
2. Көп саякаттаган адам көптү билет.
3. Жаңылышпаган адам болбойт.

**391-көнүгүү.** Суроолорго жооп таап, сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. Ал сүйлөмдөрдүн айкындооч мүчөлөрүн ажыратып бергиле.

Абыл (кайда?) кетти? Булбул (кайда?) конду. Абылдын (эмнеси?) бар? Ал (ким?) менен жолдош? Ал (неченчи?) класста окуйт. Абыл (кандай?) окуйт?

**392-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окугула. Сүйлөмдүн ээ, баяндооч жана айкындооч мүчөлөрүн оозеки айтып бергиле.

Динара Самаркандга кетти, Динаранын жолдошу шаарда жашайт. Динарага кат келди. Динараны Үсөн чакырды.

***Динара*** *деген сөз кайсы жөндөмөдө жөндөлдү?* Ал сүйлөмдүн кандай мүчөлүк милдетин аткарганын айтып бергиле.

**393-көнүгүү.** Ырды көчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн ээ, баяндооч жана айкындооч мүчөлөрүн ажыраткыла. Ээнин астын бир, баяндоочту эки, айкындоочту толкундуу сызык менен сызгыла.

Туйгун — куштун асылы,
Таскара — куштун бакылы.
Жогжоңдоп учат артынан,
Жору — анын жакыны.

## 16-§. БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛҮҮ СҮЙЛӨМДӨР

**Сүйлөмдө бирдей суроого жооп берип турган бир нече ээ, баяндооч, айкындооч сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү деп аталат.** Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр белгиси (,) коюлат.

Мисалы: ***Арпа, буудай, жүгөрү*** *себилди*. ***Алманын, өрүктүн, алчанын*** *түшүмү мол болду*. *Зина* ***окуду, жазды, эс алды.***

**394-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдөн бирдей суроого жооп берип турган сөздөрдү тапкыла. Аларга суроолорду койгула. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

1. Анипа, Болот, Эркин театрга барышты. 2. Койлор жайылды, оттоду, жуушады. 3. Ташкентке Жызактан, Каршыдан, Бухарадан спортсмендер келишти.

**395-көнүгүү.** Өзүңөр бир өңчөй сөздөрдү катыштырып, үч-төрт сүйлөм түзгүлө.

**396-көнүгүү.** Аңгемеден бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү таап, айтып бергиле.

## ТАБИЯТТЫ СҮЙ, ҮЙРӨН, КАСТАРЛА

Кыргоол — биздин өлкөдөгү эң кооз куштардын бири. Волгада, Түштүк Кавказда, Орто Азияда, Ыраакы Чыгышта жашайт.

Кыргоолдор бадалдуу, чычырканактуу, бүлдүркөндүү жерлерде жашашат. Камыштуу аймактар, бадалдар алардын сүйгөн жайы.

Эгин талааларына жакын жерди мекендеген кыргоолдор дан менен азыктанышат. Жайкысын майда курт-кумурскаларды кармап жешет. Кыргоолдун душмандары да көп. Үкү, карышкыр, чөө бөрү, түлкү, мышык кыргоолго өч.

*«Байчечекей» журналынан*

**397-көнүгүү.** Ырды окуп чыгып, андагы бирдей суроого жооп берген сөздөрдү аныктагыла.

Уста адамдын өнөрүн,
Аспаптары таанытат.
Калышыптыр унутуп,
Бир «балкадан» бөлөгүн.
Эстеп туруп жазып чык,
Дагы эмнелер керегин.

Карагайдан, тактайдан,
Далай нерсе жасалат.
Кайык, лыжа, каалга,
Кашык, челек, аш аяк...

Калгандарын эстегин,
Кандайча алар аталат?

*«Байчечекей» журналынан*



**398-көнүгүү.** Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окуп, бир өңчөй мүчөлөрдү көчүрүп жазгыла да, суроолорун койгула.

Төрт түлүк деп малдын төрт түрүн айтат. Аларга: кой, эчки, уй, жылкы жана төө кирет. Малдын сүтүнөн курут, сүзмө, быштак, кымыз, айран, жуурат жасалат. Төөнүн эти да, сүтү да дары дешет. Чийки сүтүн жылуулай ичсе, сөөк оору, кызыл жүгүрүк, ич оору, учук оору кеселди айыктырат дешет. Силер бодо мал деген сөздү уккан чыгарсыңар. Бодо малга уй, жылкы кирет. *(К.А.)*

**399-көнүгүү.** Аңгемени окуп, бир өңчөй мүчөлөрдү айтып бергиле.

Койдун эти да, жүнү да, териси да абдан пайдалуу. Силердин кийген кийимиңер: пальтоң да, костюмуң да, моюн орогучуң да, шымың да койдун жүнүнөн жасалган. Терисинен тон, тумак, мээлей, сумка, бут кийимдер жана башкалар тигилет.

*«Байчечекей» журналынан*

**400-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү бир өңчөй мүчөлөрдү коюп, сүйлөм түзгүлө. Бир өңчөй мүчөлөрдүн араларын үтүр менен ажыраткыла.

1. Элиза.......... сатып алды.
2. Огородго....... эгилди.
3. Жайлоого........ чыгарылды.
4. Жаныбек....... бакты.

Пайдалануучу бир өңчөй мүчөлөр: *пияз, сабиз, түрп; китеп, дептер, карандаш, өчүргүч, кой, уй, эчки, жылкы, коён, төөк, өрдөк*.

**401-көнүгүү.** Төмөндөгү суроолорго карата бир өңчөй мүчөлөрдү таап, көчүрүп жазгыла. Бир өңчөй мүчөлөргө ылайык тыныш белгилерин койгула.

1. (Кимдер?) киного кирди?
2. (Эмнелер?) гүлдөдү.
3. (Кимдер?) окууга кетти.
4. (Эмнелер?) жайылды, оттоду.

**402-көнүгүү.** Төмөндөгү формасы бузулган сүйлөмдөрдү калыбына келтиргиле. Бир өңчөй мүчөлөр кайсылар экенин ажыраткыла.

1. алма: Айша, алмурут, терди, өрүк.
2. доска, стол, Класска, стул, парта, коюлду.
3. карагай, кайың, Токойдо, шилби, бар.
4. карышкыр, Мергенчи, түлкү, атты.
5. кетишти, Асан, Керим, Үсөн, Сырдарыяга.
6. аюу, илбирс, бийик тоодо, Жолборс жашайт.

**403-көнүгүү.** Өзүңөр бир нече сүйлөм түзгүлө. Ал сүйлөмүңөрдө бир өңчөй мүчөлөр катышсын. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына кандай белги коюларын айтып бергиле.

**404-көнүгүү.** Текстти окуп чыккыла. Кара тамга менен басылган сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

Биз балалык чагыбызда биринчи жолу эле **козулар, улактар, музоолор, кулундар, канаттуулар** менен тааныша турганбыз. Анткени ал кезде

биз **автомобиль, трактор, самолёт** сыяктуу техниканы билген эмеспиз. Эми убакыт башкача. Азыр биздин балдарыбыз адегенде эле техника менен таанышышат. Алардын техниканы сүйүүсү эң эле чоң. **Комбайн, тракторду, самолётту** күн сайын көрүшөт. *(Т. А.)*

**405-көнүгүү.** Өзүңөр бир өңчөй мүчөлүү үч сүйлөм таап жазгыла.

**406-көнүгүү.** Кайсы сүйлөмдөргө бир өңчөй мүчөлөр катышты? Көрсөткүлө.

Кыш келди. Борошолоп кар жаай баштады. Эбелек, шыбак, жылтыркан, өлөң чөптөр карга көмүлдү. Өзөндөрдөгү, жылгалардагы, арыктардагы суулар музга айланды.

**407-көнүгүү.** Жадыбалдагы сүйлөмдөрдү окугула да, андагы бир өңчөй мүчөлөрдү ажыраткыла, жазылышын айтып бергиле.

Аалы Токомбаев,
Түгөлбай Сыдыкбеков,
Касымаалы Жантөшев,
Чыңгыз Айтматов,
Насирдин Байтемиров,
Темиркул Үмөталиев

биздин көрүнүктүү акын, жазуучуларыбыз.

Окуучулар

Ташкентке
Душанбеге
Алматага
Бишкекке

экскурсияга барышты.

Буудай — себилди, өндү, көгөрдү, дан байлады, саргайды, бышты, орулду.

**408-көнүгүү.** Ырды көчүрүп жазып, андагы бир өңчөй мүчөлөрдүн астын сызгыла.

Жаш кезинде сыйлай жүргүн,
Аксакалды, карыны.
Картайганда кайра өзүңө,
Сыйдын тиет жарыгы.

*«Залкар ой-мурастарынан»*

**409-көнүгүү.** Табышмакты окугула. Андагы бирдей суроого жооп берген бир өңчөй мүчөлөрдү таап айтып бергиле.

Кызыл, жашыл, сары көздөрүн ирмеп,
Башкарат көчө кыймылын иргеп,
Күнү-түнү кызмат кылган бул нерсенин.
Кана айтчы, аты кандай ким билет?

*(Светофор)*

**410-көнүгүү.** Окуп чыккыла. Бирдей суроого жооп болуп түшкөн ээлер, айкындоочтор кайсы экенин айтып бергиле.

1. Аэропортко, вокзалдарга, станцияларга автобустар, троллейбустар тынымсыз жүрүп турат.
2. Биздин класста портреттер, альбомдор, глобустар бар.

3. Сантиметр, дециметр, миллиметр чен өлчөөлөрүнүн бири болуп саналат.



**411-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Анда бир өңчөй мүчөлөр барбы? Айтып бергиле.

Тянь-Шань тоосунда тоо эчки, теке, элик жашайт. Ал эми канаттуулардан улар, кекилик, чил, бүркүт, жору жашайт.

**412-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Бир өңчөй мүчөлөрдүн астын сызгыла. Аларга суроолорду бергиле жана араларын үтүр менен ажыраткыла.

Илгерки заманда кыргыз дыйкандарынын негизги шаймандары орок балка кетмен күрөк чалгы буурсун болгон. Азыр ар бир чарбада кожолукта анын ордун автомобиль трактор комбайн ээледи. Мурун торпокту тайды азоолорду мөңкүтүп минген кыргыздар азыр техниканы өздөштүрүп, асманда да жерде да болот шумкарга минип жүрүшөт.

**413-көнүгүү.** Окуп чыккыла. Ал сүйлөмдөрдө бир өңчөй мүчөлөр барбы? Алар кандай суроолорго жооп берип жатат?

Курулушта эки карыя арабанын дөңгөлөгүн жасап жатышат. Алардын бирөөсүнүн өңү сары, кетик тиш, ак көйнөктүү, чокчо сакал. Жүрүш-турушуна, кыял-жоругуна, сөзүнө караганда элпек, тил алгыч, ак көңүл адам көрүнөт. Экинчиси — кең далылуу, жайык төш, чап жаак, оор басырык, буржугуй келген карыя. *(К. Б.)*

**414-көнүгүү.** Өзүңөр бир нече сүйлөм түзгүлө. Ал сүйлөмдөрдө бир өңчөй ээ, бир өңчөй баяндоочтор болсун. Алардын араларын үтүр менен ажыраткыла.

Ү л г ү: Алча, өрүк гүлдөдү. Айша ырдады, бийледи.

## 17-§. ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМ

**Жөнөкөй сүйлөм бир гана сүйлөмдөн түзүлөт.**

М и с а л ы: *Асманды булут каптады*. *Жаан жаай баштады*. *Балдар үйлөрүнө чуркады*. *Биз сарайга кирдик*.

**415-көнүгүү.** Окугула. Сүйлөмдөрдүн аягына кандай тыныш белгилери коюлганын айтып бергиле. Алар түзүлүшүнө карай кандай сүйлөм экенин ажыраткыла.

Бах, жыттуу гүл экен! Асел, сен бүгүн киного барасыңбы? Алмазбекти киного алып баргын. Гүлназ болсо биз менен шаарга барат.

**416-көнүгүү.** Окуп чыккыла. Ээ менен баяндоочтон башка да айкындооч мүчөлөр катышкан жөнөкөй сүйлөмдөрдү айтып бергиле.

Болот сүрөт тартты. Гүлнар китеп окуду. Биз кино көрдүк. Замира шаардан келди. Биз кечинде театрга бардык.

**417-көнүгүү.** Өзүңөр ээ, баяндоочтон турган үч сүйлөм түзгүлө. Ал түзүлүшүнө карай кандай сүйлөм экенин айтып бергиле.

**418-көнүгүү.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү айтып бергиле.

Кеч кирди. Бөлмө ичи күңүрт тартты. Назгүл дубалдын боорундагы кичинекей тетикчени бурады. Бөлмө жапжарык боло түштү. Электр шамы жаркырады. Бөлмөнүн ичи жарык боло түштү.



**419-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Жөнөкөй сүйлөмдөр кайсылар? Айтып бергиле.

Күн батты. Каш карайды. *(С.С.)* Кырманга каш карайганда келдим. Кырман тынч. Эп эткен жел жок. *(Ч.А.)* Боз кыроо. Бак-дарактардын жалбырактары күбүлүп түшө баштаган. *(К. Бек.)* Эр дөөлөтү — эмгек. Бактынын ачкычы — эмгек. *(Мак.)* Мурат — кичи пейил бала. Бул адат — чоң атасынан калган адат. *(М.Ж.)* Чайканада эл жыкжыйма. Таабалды акырын кирип барды. Ага эч ким назар салган жок. *(К. Бек.)*

**420-көнүгүү.** Окуп чыккыла. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Алардын аягына тиешелүү тыныш белгилерин койгула.

Түш ооп калды Ала булуттун арасынан анда-санда көрүнө калып жаткан күн табиятка көрк берет. Жүргүнчүлөр шаарды көздөй агууда Аңгыча алыстан дүпүйгөн шаар көрүндү Ал — Бишкек Бак-дарактары сеңселип, көчөлөрүндө асфальт төшөлгөн Заңгыраган бийик терезелеринен Ала-Тоонун ак мөңгүлүү чокулары көрүнөт. *(К.М.)*

**421-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыккыла. Андагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

## ТАБЫШМАКЧЫ ЧЫНАРА

Бакырак көз, сексек чач Чынара деген кыз бар. Ал Бишкек шаарында жашайт. Анын ата-энеси беш кабаттуу жаңы имаратта жашайт. Чынаралардыкы болгондо да бешинчи кабаттагы бешинчи үй. Ал тургай Чынаранын өзүнүн жашы да беште. «Бешке чыгып калбадымбы? Балдар бакчасына эмне үчүн барбайм?» — дейт Чынара. Ата-энеси минтип жооп беришет: «Азыр кыш. Айлана суук. Жаз келет. Анан жай деген бар. Күзгө чейин чыда. Ага чейин чачың дагы узун өсөт. Эки саамайыңды өрүп, кыпкызыл гүлдөн кыстарып, аппак көйнөк кийгизип, экөөбүз эки колуңдан жетелеп алып барабыз». *(Ш. Б.)*

**422-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыгып, андагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

## КАРА ӨРҮК

Энеси кара өрүк сатып келди. Аны балдарына түшкү тамактан кийин бермек болду. Кара өрүк табакта эле. Бакыт эч качан кара өрүк жеп көргөн эмес. Кара өрүк абдан жагып калды. Андан жегиси келди.

**423-көнүгүү.** Макалдарды окуп чыгып, кандай сүйлөм экенин айтып бергиле.

1. Акыл жугушат, бакыт оошот.
2. Жашыл оңот, жаш чоңоёт.
3. Акыл баштан чыгат, асыл таштан чыгат.
4. Акылдуунун сөзү кыска болот.
5. Уят өлүмдөн катуу.

**424-көнүгүү.** Аңгемени окуп чыгып, ал сүйлөмдөрдөгү бир өңчөй мүчөлөрдү айтып бергиле.

### ПАЙДАЛУУ КАНАТТУУЛАРДЫ САКТАГЫЛА

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн зыяндан сактоодо адамдын эң жакын жардамчыларынын бири болуп курт-кумурскаларды жечү канаттуулар эсептелет.

Алар — чабалекейлер, кара чыйырчыктар, тоңкулдактар, көк чымчыктар, жылкычы кучкачтар, от куйруктар, торгойлор жана башкалар. Бул канаттуулар биздин талааларыбыздагы эгиндерге, жашылчаларга, жемиш берүүчү дарактарга, токойлорубузга эң чоң зыян келтирүүчү курт-кумурскаларды жок кылышат.

## 18-§. ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

**Эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышып айтылышын татаал сүйлөм дейбиз.**

Мисалы: *Жай келип, күн ысыды*. *Күн чыгып, музыка жаңырып, айлана шаңга бөлөндү*.

**Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасы үтүр менен ажыратылат.**

**425-көнүгүү.** Төмөнкү жөнөкөй сүйлөмдөрдү татаал сүйлөмдөргө айландырып көчүргүлө.

1. Жаз келди. Күн жылыды. 2. Келгин куштар келди. Уя сала баштады. 3. Механик келди. Кино башталды. 4. Жел сокту. Бак-дарактар теңселди.

**426-көнүгүү.** Тик сызыктын эки жагындагы сүйлөмдөрдү салыштырып окугула. Кайсынысы жөнөкөй, кайсынысы татаал сүйлөм экенин айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| Музыка ойноду. Салима бийледи. | Музыка ойноп, Салима бийледи. |
| Мугалим келди. Сабак башталды. | Мугалим келип, сабак башталды. |
| Жаз келди. Жерге көк чөп чыкты. | Жаз келип, жерге көк чөп чыкты. |
| Самолёт учту. Биз Алматага бардык. | Самолёт учуп, биз Алматага бардык. |

**427-көнүгүү.** Окугула. Сүйлөмдөрдүн араларына кандай тыныш белгилери коюлган. Алар кандай сүйлөм деп аталат?

Таң эртең менен атасы токойго кеткен, энеси болсо жумушка жөнөдү. Чоң энеси уктап калгандыктан бала зеригип, тумагын издеп кирди. Ал өзүнүкүн таба албай коюп, атасынын эски тумагын кийип алды да, мектепке жөнөдү. Филиппок чуркап жөнөдү, иттер аны кууп алды. *(Л.Т.)*

**428-көнүгүү.** Төмөндөгү татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө айландыргыла.

Комбайн тынымсыз жүрүп жатат, андан машиналар тынымсыз таза данды салган бойдон кырманды көздөй учушат. *(К. Бек.)* Мен жайында Үч-Төр жайлоосунда болдум, чөбү белден чыгат. *(Н.Б.)* Жакындап келе жаткан танканы көздөй гра-

натаны колго алып, ал тайманбай бет алды. *(Ч.А.)*

**429-көнүгүү.** Жадыбалдагы татаал сүйлөмдөр канча жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөнүн айтып бергиле.

| Жөнөкөй сүйлөмдөр | Татаал сүйлөмдөр |
|---|---|
| Кыш келди.<br>Балдар коньки тебишти. | Кыш келип, балдар коньки тебишти. |
| Кыш келди.<br>Суулар тоңду.<br>Өзөн муз болду. | Кыш келип, суулар тоңуп, өзөн муз болду. |

**430-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Канча татаал сүйлөм бар? Ал татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кайсы байламталар аркылуу байланышкандыгына көңүл бургула.

Тоо башында токумдай туман жок жана токумдай булут да жок. *(К.Ж.)* Кана, эмне дейсиңер? Велосипедге өңөрүп алып ойнот дейсиңерби, же өзүңөр эле минесиңерби? *(М.Ж.)*

***Жана, же*** **байламталары эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдү тутумдаштырат да, өзүнөн кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылат.**

**431-көнүгүү.** Окугула. Байламта **жана, же** аркылуу өз ара тутумдашкан жөнөкөй сүйлөмдөр барбы? Айтып бергиле.

Күзгү түндүн күн чыгар алдындагы желаргысы кошулду жана бийик тоолордун баштарын күндүн

нуру каптады. *(К.Ж.)* Бөтөн эл, бөтөн жерге келген Каныбек эч ким менен сүйлөшө албады, же бирөөдөн сурап кеңеш ала албады. *(К.Ж.)* Шамал айдаган жалбырактар жан-жанынан учуп өтөт жана алар караңгыда көздөн кайым болушат. *(Ч.А.)*

**432-көнүгүү.** Окугула. Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр эмнелер аркылуу байланышты? Айтып бергиле.

Сүрөтчүлөрүбүз өнүгүп жаткан искусствобузга көп салым кошушту жана алар мурдагыдай эле кубаттуулук, чебердик менен иштеп жатышат. *(Т.А.)* Ал өкүндүбү, же ал кубандыбы? *(А.Т.)*

**433-көнүгүү.** Жадыбалдагы сүйлөмдөрдү окуп, **жана, же** байламаталары кайсы сүйлөмгө таандык экенин ажыраткыла. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

| | | |
|---|---|---|
| Мектепте бир нече бөлмөлөр бар | жана | терезелери, эшиктери да чоң. |
| Эртең клубда кино болот | же | оюн коюлат. |
| Ашым мыкты окуйт | жана | көпчүлүк ишке да катышат. |
| Жайкы каникулда Паркентке барамын | же | Чимгендеги лагерде эс аламын. |

# 19-§. ТӨЛ СӨЗ

**Өзүбүздүн сөзүбүз төл сөз деп аталат.**

Мисалы: *«Эртең киного келесиңби?» — дедим мен.*

*«Эртең киного келесиңби?» — дедиң сен.*

*«Эртең киного келесиңби?» — деди Айгүл.*

**434-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Биринчи сөзү **дедим, дедиң, деди** менен башталган сүйлөмдөр кимдин сөзү экенин байкагыла.

1. «Мектепте жыйналыш болот», — дедим мен.
2. «Мектепте жыйналыш болот», — дедиң сен.
3. «Мектепте жыйналыш болот», — деди Абдыкерим.

Бул көнүгүүдө берилген сүйлөмдөрдүн ичинен *дедим мен, дедиң сен, деди Абдыкерим* деген сүйлөмдөр төл сөз болуп саналат.

**435-көнүгүү.** Жадыбалдагы сүйлөмдөрдү окугула. Төл сөз кайсы экендигин айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| «Акыл азбайт, билим тозбойт», | деди Асылбек.<br>дедиң сен.<br>дедим мен. |
| «Одоно мамиле орой мүнөздү жаратат», | деп айтты Айша.<br>деп айттың сен.<br>деп айттым мен. |

**436-көнүгүү.** Учкул сөздөрдү көчүргүлө. Көп чекиттин ордуна өзүңөр төл сөздөрдү жазгыла.

1. «Адамды кайрат жашартат, кайгы картайтат»...
2. «Таш кетилет, жаш жетилет»...
3. «Жалкоого алкоо жок»...
4. «Тил чебери — китептен, кыймыл чебери — спорттон»...
5. «Эмгегиң жемиштүү болсо, турмушуң жетиштүү»...
6. «Эне тилди билбегениң, тууган элиңди сүйбөгөнүң»...

## 20-§. БӨТӨН СӨЗ

**Башка бирөөнүн сөзү бөтөн сөз деп аталат. Ал эч кандай өзгөрүүшкө учурабай айтылса, бүт бойдон тырмакчага («») алынып, биринчи сөзү баш тамга менен жазылат.**

Мисалы. «Айнаке санаторийде», — деди бизге Жүзүмкүл.

**437-көнүгүү.** Төл сөздөрдөн мурда айтылган сүйлөм кимдин оюн билдирип жатат? Ал сүйлөмдөр өзгөрүүшкө учурадыбы, же жокпу? Байкагыла.

«Эне — эч качан эскирбеген түркүк», — деди апам. «Ата болсо аскадан шаңшыган бүркүт», — деди атам.

«Ата сөзү алга сүрөйт адамды, эне сөзү эпке салат жаманды», — деди чоң апам.

**438-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окугула. Төл жана бөтөн сөздү ажыратып, айтып бергиле.

1. «Баланын басар жолу бөлөк, эне-ата — ээрчип жүргөн жөлөк», — деди Нуркияз. 2. «Асыл атанын аракети көп, бейбаш баланын балакети

көп», — деген таенем. 3. Элде мындай деген макал бар: «Акыл — алтын, ой — күмүш. Акыл — тозбогон тон, билим — түгөнбөгөн кен». 4. «Эч кандай уят-шамы жок, ушул эле эски костюмум менен бара берем», — деди Сайкал апа. 5. Жүз кишинин ортосуна чаң салган адам бир кишини жолго салган адамдын тырмагынан айлансын», — деген Абай Кунанбаев. Биз чоң атамдан кээде мындай деп сурап калар элек: «Өмүрүңүздө бирөөгө жамандык кылдыңыз беле?»

**Бөтөн сөз жай сүйлөм болсо, андан кийин үтүр жана сызыкча (, — ); суроолуу сүйлөм болсо, суроо белгиси жана сызыкча (? — ); илептүү сүйлөм болсо, илеп белгиси жана сызыкча (! — ) коюлат.**

Мисалы:

1. *«Кызыл тил — сөздүн учкуну, эс-акыл — ойдун туткуну», — деген биздин сүйүктүү мугалимибиз*.

2. «ЯК» самолётунда мени менен учууну каалайсыңбы?» — деп сурады Азатбек.

3. «Бах! — деди Шамбет таңдайын такылдатып, — Ала-Тоомдун булагы тунуксуң да, муздаксың!» (*Т.С.*)

**439-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Төл сөздүн астын түз сызык менен, бөтөн сөздүн астын толкундуу сызык менен сызгыла. Бөтөн сөз кандай мааниде айтылып жатат? Тиешелүү белгилерин койгула.

1. «Уул-кызы жакшы ата-эненин кабагы жарык, уул-кызы жаман ата-эненин кабагы салык» деп айтты Кулмат чоң ата.

2. «Сен быйыл неченчи класста окуп жүрөсүң?» деп сурады таенем.

3. «Суракмат байке» деп кыйкырды Бекмурат.

**440-көнүгүү.** Жадыбалга карап, төл жана бөтөн сөз кайсы экенин оозеки айтып бергиле. Андан кийин аларды көчүрүп, бөтөн сөздөргө тиешелүү тыныш белгилерди койгула.

| | |
|---|---|
| Эмгек элди эргитет, кесип мээни сергитет | деп айтты Сейдакмат. |
| | деп айтты Сулуубек. |
| | дедим мен. |

## 21-§. ЖЫЛ БОЮ ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО

**441-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, андан кийин көчүргүлө. Жөнөкөй сүйлөмдөр барбы? Тиешелүү тыныш белгилерин койгула.

Күн суук Бекиш үйүнө бир машина отун түшүрдү. Аны жара турган киши жок Бекиш үйүнүн ашпозчусу балдардан жардам сурады. Алар дуу көтөрүлүп жөнөштү Бири отун ташыды Бири жарды Экинчиси жарылган отунду жыйды Ошентип, алар отунду бат эле колдон чыгарышты. Бали, жардам болсо ушундай болсун! *(М.Ж.)*

**442-көнүгүү.** Текстти окуп чыккыла. Жөнөкөй сүйлөмдөр кайсы экендигин оозеки айтып бергиле.

Жай айы кандай сонун! Айлана көпкөк. Күндүн нуру ааламга төгүлдү. Сүттөй ириген көгүлжүм булуттар кайдадыр житип жоголду. Асман ачык. Күн жылуу. Бөксөнүн кары кеткен. Ойдун

чөбү гүлдөгөн. Жан-жаныбарлардын бардыгы тең маашыр болгон кез. *(К. Б.)* Ороктой саргылт Ай тээ түнөрүңкү чокудан жогору көтөрүлдү. *(Т.С.)*

**443-көнүгүү.** Макалдарды көчүрүп жазып, андагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү ажыраткыла. Өзүңөр да ушундай макалдардан жазгыла.

1. Акыл Айга жеткирет.
   Өнөр көккө жеткирет.

2. Акылдуу элге тартат.

3. Эмгектин наны таттуу болот.
   Жалкоонун жаны таттуу болот.

**444-көнүгүү.** Тик сызыктын эки жагындагы (оң жана сол жагындагы) сүйлөмдөр түзүлүшүнө карата кандай сүйлөмдөр экенин аныктап айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| Күз аяктап, кыш келди. | Күз аяктады. Кыш келди. |
| Айлана суук тартып, адамдар жылуу кийиништи. | Айлана суук тартты. Адамдар жылуу кийиништи. |
| Кар калың жаады. Малдар короо-сарайларда багылды. | Кар калың жаап, малдар короо-сарайларда багылды. |

**445-көнүгүү.** Өзүңөр үч татаал сүйлөм түзгүлө. Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр белгисин койгула.

**446-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Көп чекиттин ордуна маанисине карап тиешелүү байламтаны кошуп жазып, жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыргыла.

1. Ай жарык... анын үстүнө электр лампалары жаркырап турат. 2. Айдар, Ашым дем алыш күнү китепканада болушабы... алар биз менен үйдө телевизор көрүшөбү? 3. Өткөн күнү биздикине сен келдиңби... Кадыр келдиби? 4. Биздин класстын окуучулары тартиптүү, ынтымактуу... бардыгыбыз тең жакшы окуйбуз.

**447-көнүгүү.** Жөнөкөй жана татаал сөз деп кандай сөздөрдү айтабыз? Эсиңерге түшүргүлө жана жөнөкөй сөзгө эки, татаал сөзгө үч мисал жазгыла. Татаал сөздөрдүн кандайча жазыларын эсиңерге салгыла.

**448-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Андагы кара тамга менен басылган сөздөрдүн кайсынысы бир сөздөн, кайсынысы эки сөздөн турат? Айтып бергиле.

**Терек-Сайдан** ары **жол** кетет. Ал жүрүп отуруп **Таш-Үңкүргө** барат. **Капчыгай** дал ошол жерден түгөнөт. Анын баш жагы **Кызыл-Омпол** тоосу менен туюкталып бүтөлөт. Андан ары **ак мөңгүлүү** бийик ашуу башталат. Ал ашуунун боору менен кеткен **ийри-буйру** жол **Кетмен-Төбө** өрөөнүнө алып түшөт.

**449-көнүгүү.** Бир сөздөн турган сөздөрдү бир башка, эки же андан көп сөздөн турган сөздөрдү бир башка көчүргүлө. Алардын кайсынысы жөнөкөй, кайсынысы татаал сөз экендигин аныктагыла.

Клуб, бакыт, 5-ГЭС, кийим-кечек, өзөн, бак-дарак, Кызыл-Токой, байчечекей.

## МАЗМУНУ


II—III класстарда өтүлгөндөрдү кайталоо ........ 3
1-§. Тыбыш жана тамга ........ 3
Муун ........ 5
Ташымал ........ 6
Жумшак жана каткалаң үнсүздөр ........ 8
Жоон жана ичке үндүүлөр ........ 12
Созулма үндүүлөр ........ 15
Йоттошкон тамгалар ........ 18
Ичкертүү (ь), ажыратуу (ъ) белгилери. Алардын жазылышы ........ 21
Сөз түркүмдөрү ........ 23
Зат атооч ........ 24
Жалпы жана энчилүү зат атоочтор ........ 26
Зат атоочту жасоочу курандылар ........ 29
Этиш ........ 35
2-§. Сөздүн курамы. Сөздүн уңгусу ........ 40
Сөздүн мүчөсү ........ 42
3-§. Уңгулаш сөздөр ........ 51
4-§. Уңгу сөздүн аяккы тыбышына карата мүчөдөгү үнсүз тыбыштардын ээрчип өзгөрүшү ........ 54
5-§. Жөнөкөй жана татаал сөздөр ........ 57
Кош сөздөр ........ 59
Кошмок сөздөр ........ 61
Кыскартылган сөздөр ........ 65
6-§. Зат атооч ........ 68
7-§. Сын атооч ........ 87
8-§. Сан атооч ........ 103
9-§. Ат атооч ........ 118
10-§. Этиш ........ 133
11-§. Этиштин чактары ........ 141
12-§. Тактооч ........ 157
13-§. Сүйлөм ........ 164
14-§. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү ........ 167
15-§. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү ........ 168
16-§. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр ........ 170
17-§. Жөнөкөй сүйлөм ........ 177
18-§. Татаал сүйлөм ........ 180
19-§. Төл сөз ........ 184
20-§. Бөтөн сөз ........ 185
21-§. Жыл бою өтүлгөн материалдарды кайталоо ........ 187

**Б. Үмөталиева** **жана башк.**

У 51 Эне тили: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн окуу китеби / Б. Үмөталиева, З. Авазова, С. Аймахмедова. — Кайра иштелип, 4-басылышы. — Т.: «O'zbekiston», БПЧҮ 2013. — 192 б.

I. Авазова З. II. Аймахмедова С.

ISBN 978-9943-01-418-3

**УЎК: 811.512.154(075)**
**КБК 81.2.Кир-9**

*O'quv nashri*

**B. Umotaliyeva, Z. Avazova, S. Aymaxmedova**

**ONA TILI**

4-sinf uchun darslik

(Qirg'iz tilida)

*Qayta ishlangan nashri*

Original-maket «O'zbekiston» NMIUda tayyorlangan

Сүрөтчүсү *Л. Башарова*
Редактору *Р. Жуманазарова*
Техн. редактору *Д. Габдрахманова*
Көркөм редактору *Х. Мехманов*
Компьютерде даярдаган *К. Голдобина*

Басма лицензиясы AI № 158.14.08.09.
2013-жылы 12-июнда басууга уруксат этилди.
Офсеттик кагаз. Форматы $70\times90^1/_{16}$. Офсеттик басма.
Арип түрү «Прагматика» 14 кегль. Шарттуу басма табагы 14,04.
Учёттук басма табагы 14,82. Нускасы 736. Келишим № 159-13.

«O'qituvchi» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды.
100206, Ташкент ш. Юнусабад массиви, Янгишахар көчөсү, 1-үй.

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат.

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар. Пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыралган же таптакыр жок. Канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

**Б. Үмөталиева** **жана башк.**

У 51 Эне тили: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн окуу китеби / Б. Үмөталиева, З. Авазова, С. Аймахмедова. — Кайра иштелип, 4-басылышы. — Т.: «O‘zbekiston», БПЧҮ 2013. — 192 б.

I. Авазова З. II. Аймахмедова С.

ISBN 978-9943-01-418-3

**УЎК: 811.512.154(075)**
**КБК 81.2.Кир-9**

*O‘quv nashri*

**B. Umotaliyeva,** **Z. Avazova,** **S. Aymaxmedova**

**ONA TILI**

4-sinf uchun darslik

(Qirg‘iz tilida)

*Qayta ishlangan nashri*

Original-maket «O‘zbekiston» NMIUda tayyorlangan

Сүрөтчүсү *Л. Башарова*
Редактору *Р. Жуманазарова*
Техн. редактору *Д. Габдрахманова*
Көркөм редактору *Х. Мехманов*
Компьютерде даярдаган *К. Голдобина*

Басма лицензиясы AI № 158.14.08.09.
2013-жылы 12-июнда басууга уруксат этилди.
Офсеттик кагаз. Форматы $70\times90^{1}/_{16}$. Офсеттик басма.
Арип түрү «Прагматика» 14 кегль. Шарттуу басма табагы 14,04.
Учёттук басма табагы 14,82. Нускасы 114. Келишим № 160-13.

«O‘qituvchi» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды.
100206, Ташкент ш. Юнусабад массиви, Янгишахар көчөсү, 1-үй.

УЎК: 811.512.154(075)
КБК 81.2.Кир-9
У 51

Р е ц е н з е н т т е р:
**Темирова М.** — Андижан Мамлекеттик университети филология кафедрасынын улук окутуучусу.
**Каххарова З.** — Ташкент областы, Бөкө районундагы 34-мектептин II категориялуу баштaлгыч класс мугалими.

## Урматтуу окуучулар!

Силер — көз карандысыз Өзбекстан мамлекетинин уул-кыздарысыңар. Эгемендүү элибиздин бактылуу келечеги да силер болуп эсептелесиңер. Жакшы касиет, билим да — бардыгы китепте экендиги силерге белгилүү. Эне тилибиз биздин энебиздин тили, атабыздын тили, элибиздин тили. Ал эми бул тилди үйрөнүү, кадырлоо, сыйлоо — силердин да перзенттик милдетиңер.

Ушул китепти жыртпай, кирдетпей, сызып таштабай, көздүн карегиндей сактагыла. Андагы эреже-көнүгүүлөр өз эне тилиңерди мыкты өздөштүрүүгө, келечекте жакшы адам болуп жетишүүңөргө көмөк көрсөтөт.

*Кыргыз редакциясы*

### Шарттуу белгилер:

 — суроо жана тапшырмалар

 — үйгө тапшырма

 — сабак аяктады

**Мамлекеттик бюджеттик каражаттар эсебинен басылды.**
**Акысыз.**

ISBN 978-9943-01-418-3

© «O‘ZBEKISTON» БПЧУ,
2004, 2009, 2011, 2013